**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**


**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Кол жазма укугунда**

УДК 821. 512. 154:37. 013(043. 3)

**КОЙЛУБАЕВА БУРУЛЧА КОЖОНОВНА**



# КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТЫК БААЛУУЛУКТАРЫ АРКЫЛУУ ЖОЖ СТУДЕНТТЕРИНИН ГЕНДЕРДИК-РОЛДУК МАДАНИЯТЫН ӨНҮКТҮРҮҮ

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты

окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган

**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчи:**

педагогика илимдеринин доктору,

профессор Алимбеков А.

**Ош – 2023**

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ**…………………………………………………………………………3

**I БАП. ЖОЖДОРДО КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТЫК БААЛУУЛУКТАРЫ АРКЫЛУУ СТУДЕНТТЕРДИН ГЕНДЕРДИК-РОЛДУК МАДАНИЯТЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ**

1.1. ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү маселесинин базалык түшүнүктөрүнүн анализи……………………………………………………**8**

1.2. ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү маселесин изилдөөнүн тарыхый ретроспективасы жана азыркы абалы……………………………………..**21**

1.3. Жаш муундарды гендердик-ролдук маданиятка тарбиялоо багытындагы кыргыз элинин салттык педагогикалык баалуулуктары……………………**34**

**Биринчи бап боюнча тыянак**……………………………………………………**60**

**II БАП. ЖОЖДОРДО КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТЫК БААЛУУЛУКТАРЫ АРКЫЛУУ СТУДЕНТТЕРДИН ГЕНДЕРДИК-РОЛДУК МАДАНИЯТЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮ ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**

2.1. ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн методологиясы жана методдору………………………………………………………………..**63**

2.2. ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүнүн модели………………………**79**

**Экинчи бап боюнча тыянак**…………………………………………………...**91**

**III БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА АЛАРДЫ ТАЛДОО**

3.1. ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары……………………………………………………………………**94**

3.2. ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн жолдору…………………..**102**

3.3. Педагогикалык эксперимент жана анын натыйжалары……………….…..**126**

**Үчүнчү бап боюнча тыянак**……………………………………………………**137**

**КОРУТУНДУ**……………………………………………………………………**140**

**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР**…………………………………………………**140**

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ**……………………...**143**

**ТИРКЕМЕЛЕР**

# КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Мезгилдүү басма сөздөрдө, социологиялык иликтөөлөрдө такай белгиленип келе жаткандай, азыркы кыргыз коомунда жубайлар арасында көп кылымдык сыноолордон өткөн салттуу дөөлөттөргө, бакубат нормаларга негизделген гендердик-ролдук функциялар барган сайын бошоңдоп үй-бүлөлүк турмушка карата жеңил-желпи мамиле жасоо илдеттери тамыр жая баштады. Булардын баары кыргыз коомунда гендердик тең укуктуулуктун бузулушуна – басмырлоо, жек көрүү, ошондой эле адамдын жыныстык таандыгына байланыштуу укуктарын чектөө жана артыкчылык берүү маанисиндеги жүрүм-турумдарды пайда кылып жубайлардын ажырашуусуна алып келүүдө. Жарандык абалдын актыларын каттоо департаментинин маалыматы боюнча, Кыргызстанда 2021-жылы салыштырмалуу үй-бүлө очогу бузулгандардын саны 12 пайызга өсүп кеткен. Арийне, мамлекет түзүлгөн кырдаалдан чыгуу боюнча адекваттуу иш-аракеттерди жасоодо. Алсак, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын соңку редакциясында (2021) үй-бүлөнүн жоопкерчилиги кыйла күчөтүлгөн. Ар кайсы жылдары «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» (2011) мыйзамдар жана ошондой эле «Кыргыз Республикасынын 2020-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча улуттук стратегиясы» (2012) кабыл алынган. Кыргызстанда жогоркудай күчтүү мыйзамдык база, мамлекеттик программалар болгону менен алар жаштарды үй-бүлөлүк турмушка, гендердик-ролдук маданиятка тарбиялоо багытындагы салттык баалуулуктар менен туташ биримдикте каралбагандыктан, айтыларлык натыйжа алып келбей жаткандыгын турмуш ырастоодо.

Анализдин натыйжалары азыркы илимде бул маселелерге теориялык-методологиялык өбөлгө болуучу ресурстар бар экендигин көрсөттү. Гендер жана гендердик-ролдук маданияттын табияты С. Бем [31], Э. Гидденс [55], А. Кирилина [91], И. Клецина [93], И. С. Кон [101], Дж. Лорбер [114] сыяктуу окумуштуулардын эмгектеринде изилденген. Кыргыз педагогикасында

балдарды үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо жана гендердик-ролдук маданияттын айрым этномаданий аспекттерине байланыштуу С. М. Абрамзон [1], А. Акматалиев [8], А. Алимбеков [12], Б. Апышев [22], Н. А. Асипова [24], К. А. Бектурганова [30], Ж. Бешимов [35], А. Э. Измайлов [76], С. Иптаров [78], Ж. Карасартова [87], Р. Умарова [177] А. Эргешали кызы [188] ж.б. эмгектери бар. Жогорку окуу жайлардын студенттерин үй-бүлөлүк турмушка гендердик-ролдук функцияларын аткарууга даярдоо маселелери М. В. Бояркина [39], Ш. И. Булуева [40], В. В. Дудукалов [64], И. С. Клецина [93], С. С. Лузан [115], И. И. Лысова [116], Н. А. Сухорукова [167], Е. С. Сахарчук [160], М. А. Толстых [176] ж.б. эмгектеринде изилденген.

Алардын арасынан биздин изилдөөбүзгө эң жакыны Ш. И. Булуеванын «Формирование полоролевого поведения студентов на основе вайнахской народной культуры и семейных традиций» аттуу диссертациялык изилдөөсү. Тилекке каршы, Кыргызстанда ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн теориялык жана методикалык маселелери колго алынган эмес. Азыркы студенттердин үй-бүлө, жубайлардын функционалдык ролу, милдеттери, өз ара социалдык-педагогикалык ролу тууралуу түшүнүктөрү көбүнесе өздөрүнүн субъективдүү көз караштары менен тажрыйбаларына негизделип келет.

Изилденип жаткан көйгөй боюнча илимий-педагогикалык адабияттарга жана социалдык-педагогикалык тажрыйбаларга жүргүзүлгөн анализ студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү ишинде төмөнкүдөй **карама-каршылыктар** бар экендигин ачыкка чыгарды:

– бакубат үй-бүлө курууга карата коомдук талаптардын өсүшү менен жаштарды үй-бүлө куруу гендердик-ролдук функцияларды аткарууга даярдоо маселесинин институционалдык деңгээлде колго алынбай келе жаткандыгынын ортосунда;

– ЖОЖдордо студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү үй-бүлөлүк турмушка даярдоо талаптарынын курчтугу менен ал талаптарды

канааттандырууга багытталган системалуу педагогикалык иш-чаралардын аздыгы, жетишсиздигинин ортосунда;

– ЖОЖдордо студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү үй-бүлөлүк турмушка атайын даярдоонун аңдалышы менен аны ырааттуу ишке ашыруу багытындагы илимий-методикалык билимдердин жетишсиздиги, таңкыстыгынын ортосунда.

Жогоруда белгиленген илим менен практикадагы ажырым бизге изилдөөнүн проблемасын «Кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары кандай болушу мүмкүн» деп айкындоого негиз болду.

Белгиленген проблема **«Кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү»** аттуу темада илимий изилдөө жүргүзүүгө түрткү берди.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар жана негизги илимий изилдөөлөр менен байланышы.** Изилдөөнүн темасы Ош мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планында каралган.

**Изилдөөнүн максаты:** кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн моделин теориялык жактан негиздөө, натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Кыргыздын салттуу баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн теориялык өбөлгөлөрүн, түптүү түшүнүктөрүн ачып көрсөтүү, тактоо.

2. Кыргыздын салттык баалуулуктарына негизделген гендердик-ролдук маданияттын мазмунун, негизги мүнөздөмөлөрүн айкындоо.

3. ЖОЖдордо студенттердин кыргыздын салттык баалуулуктарына негизделген гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн моделин,

педагогикалык шарттарын айкындоо жана алардын эффективдүүлүгүн эксперимент аркылуу текшерүү, практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөдөн алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы.** Студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү боюнча теориялык көз караштардын эволюциясы, түптүү түшүнүктөрү дисциплиналар аралык алкакта ачылып көрсөтүлдү; кыргыздын салттык баалуулуктарына негизделген гендердик-ролдук маданияттын мазмуну, негизги мүнөздөмөлөрү айкындалды; ЖОЖдордо студенттердин кыргыздын салттык баалуулуктарына негизделген гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн модели жана педагогикалык шарттары айкындалып алардын эффективдүүлүгү эксперимент аркылуу текшерилип практикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.** ЖОЖдордо студенттердин кыргыздын салттык баалуулуктарына негизделген гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн моделин ишке киргизүүнүн методикасы иштелип чыккандыгы; «Кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү» факультативдик курсунун окуу-методикалык комплекси түзүлүп ишке киргизилгендиги; түрдүү гуманитардык дисциплиналардын алкагында студенттердин кыргыздын салттык баалуулуктарына негизделген гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү боюнча методикалык кеңештер, сунуштар иштелип чыккандыгы менен аныкталат.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. ЖОЖдордо студенттердин кыргыздын салттык баалуулуктарына негизделген гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн теориялык негиздери.

2. Студенттердин кыргыздын салттык баалуулуктарына негизделген гендердик-ролдук маданиятынын мазмунун, критериалдык мүнөздөмөлөрү.

3. ЖОЖдордо студенттердин кыргыздын салттык баалуулуктарына негизделген гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн модели, педагогикалык шарттары жана аларды ишке киргизүү боюнча эксперименталдык-тажрыйба иштеринин натыйжалары.

**Изденүүчүнүн жекече салымы.** Диссертациядагы эмпирикалык жана илимий эксперименталдык изилдөөлөрдүн натыйжалары, коргоого сунушталган жоболор изденүүчү тарабынан жеке иштелип чыккан.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы.** Жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизги жыйынтыктары Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинде, Педагогика кафедрасынын жыйындарында, облустук, аймактык, республикалык илимий-практикалык конференцияларда, илимий-усулдук семинарларда угулду жана талкууланды. Диссертант изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча мугалимдердин билимин өркүндөтүү курстарында, усулдук секцияларда лекцияларды окуп, тренингдерди өткөргөн. Изилдөөнүн негизинде «Кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү» факультативдик курсу иштелип чыгып, пайдаланууга сунушталды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Изилдөөнүн багыты боюнча 12 илимий макала, анын ичинен эки макала чет өлкөлүк басылмаларда чыгарылган.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүмү.** Диссертациялык иш кириш сөздөн, үч баптан, корутундудан, адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациялык иштин толук көлөмү 161 бет. Ал өзүнө 5 таблицаны, 1 сүрөттү, 3 диаграмманы камтыйт. Пайдаланылган булактардын саны – 203.

# I БАП. ЖОЖДОРДО КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТЫК БААЛУУЛУКТАРЫ АРКЫЛУУ СТУДЕНТТЕРДИН ГЕНДЕРДИК-РОЛДУК МАДАНИЯТЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## 1.1. ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү маселесинин базалык түшүнүктөрүнүн анализи

Илимдин өнүгүү логикасы анын негизги түшүнүктөрүн тактап алуудан көз каранды. А. Алимбеков белгилегендей: «Ар кандай илимий изилдөөнүн сапаты анын курамындагы түшүнүктөр-терминдер системасынын тактыгы менен аныкталат. Гуманитардык тааным адамдардын түрдүү ой жорумунун топтому эмес, адам болумушунун түрдүү кубулуштарын бирдиктүү концептуалдык көз караштардын, түйүндүү түшүнүктөрдүн чегинде ирет тартипке салып теориялык билим катары жалпылап тариздөө амалы» [13, 8-б].

Буга байланыштуу диссертациябыздын базалык түшүнүктөрүнүн анализи бөлүмү (концептуалдык алкак) – азыркы илимий колдонулган негизги түшүнүктөр жана бул түшүнүктөрдүн ортосундагы байланыштарды жалпыдан өзгөчөгө карай анализдеп алардын ортосундагы байланыштарды аныктоого багытталат. Концептуалдык негиз ар кандай түшүнүктөрдү, түшүнүктөрдүн ортосундагы мамилелерди жана изилдөөдөгү адабияттагы маалыматтарды камтышы мүмкүн [200]. Алардын негизинде азыркы илимде тигил же бул кубулушка түшүнүккө берилген кайсыл мүнөздөмөлөр жана аныктамалар негиздүү деп эсептелээрине илимий баа берүү аракети жасалып автордук пикирлер менен толукталып такталат. Ошентип концептуалдык негиз изилдөөнүн негизин түзгөн түшүнүктөр, терминдердин алардын жүргүзүлүп жаткан эмгектин көйгөйлөрү менен байланышынын бүтүндөй бир көз караштан ачып берген бекем структура [143].

Изилдөөбүздүн борбордук идеясын салттык баалуулуктар түшүнүгү түзөт. Бүгүнкү илимде салттуу баалуулуктардын маңызын аныктоого жана анын мазмунун ачууга жардам бере турган философиялык, социалдык-

психологиялык, маданият таанымдык ыкмалар бар. Бул ыкмалардын алкагында салттык баалуулуктар өзүнүн турмуштук күчүн жана баалуулугун далилдеген коомдук түзүлүштүн, маданий нормалардын, жүрүм-турум үлгүлөрүнүн системасы катары кабылданат. М. Вебер баалуулук жөнүндө сөз кылып жатып, аны норма катары карап анын жашап турушунун негизги шартын субьект деп эсептеген [45, 123-б.]. Салттуу баалуулуктардын барлыгын жана иштешин анын структуралык элементтери (адат, ырым-жырым, каада-салт) – жүрүм-турумдун белгилүү маданий нормаларын камсыз кылат. Культурологиялык мамиленин алкагында (А. Шуц, М. Нордау) биологиялык жыныстык дифференциация чагылдырылган жана маданиятта эркек жана аял принциптеринин символизми аркылуу камтылган жүрүм-турум нормаларынын системасы калыптанган. Алар адамдардын турмуштук ишмердүүлүгүнүн процессинде өнүгүп, өнүгүүнүн салттуу түрүнүн, салттуу маданияттын авторитаризминин кайра жаралышын камсыз кылган, коомдук мамилелерди жөнгө салуунун социалдык-маданий, ченемдик механизмдерин сактоо, кайра чыгаруу жана берүү боюнча бир катар олуттуу функцияларды аткарган.

Жалпылап айтканда салттуу баалуулуктардын негизги мүнөздөмөлөрү төмөнкүлөрдү камтыйт: этностун, улуттун, цивилизациянын баалуулуктар системасынын тарыхый өз алдынча өнүгүүсүнүн натыйжасы болуп өткөн тарыхтан келип чыккан баалуулуктар; бул коом мүчөлөрүнүн өз ара мамилелерин башка маданияттардан идентификациялоону камсыз кылган баалуулуктар.

Изилдөөбүздөгү экинчи өзөктүү түшүнүк бул «гендердик-ролдук маданият». Гендердик-ролдук маданият көйгөйү психология, биология, медицина, социалдык антропология сыяктуу көп кырдуу дисциплиналар аралык контекстте гана аңдалып ачыкталуучу түшүнүк. Анын негизин түзгөн «маданият» түшүнүгүнүн 500дөй маанисин аныктап жүрүшөт. Философиялык энциклопедиялык сөздүктө «маданият» түшүнүгү «материалдык жана руханий эмгектин натыйжаларында, социалдык нормалардын жана мекемелердин системасында, руханий баалуулуктарда, адамдардын табиятка, өз ара жана өзүнө

болгон мамилелеринин жыйындысында көрсөтүлгөн адам баласынын ишмердүүлүгүн уюштуруунун жана өнүктүрүүнүн өзгөчө ыкмасы», – деп түшүндүрүлөт [164, 54-б.]. В. С. Стёпин жана анын кесиптештеринин ырастоосу боюнча адам маданиятта субъект, ошол эле учурда өзүнүн жеке ишмердүүлүгүнүн натыйжасы, коомдук байланыштарынын жана мамилелердин жыйындысы катары каралат [143, 211-б.].

Н. Я. Данилевский түрдүү цивилизацияларга таандык тарыхый -маданий-типтердин 10 түрүн мүнөздөп жатып, аларга таандык маданий ишмердүүлүктүн бөтөнчөлүктөрүн бөлүп көрсөткөн [58].

Айтылуу А. Тойнбинин «Тарых аңдамасы» эмгегинде социалдык баалуулуктарды жаратып аны жашата билген коом гана цивилизациялуу коом деп аталышка акылуу [174]. Демек, «цивилизация» түшүнүгүнүн дагы бир мааниси «маданият» сөзүндө камтылган жана эки термин тең адам коомунун өнүккөн деңгээлин, инсан акылы менен колунан жаралган жыйынтыкты билгизет. М. Вебердин пикиринде маданияттын мындан мурдагы элементтери келечек муундарды тарбиялоо, аларды маданияттуу элге айлантуу үчүн таануу, ачыктоо объекти [45].

Рухий маданият анын ичинде гендердик-ролдук маданият барыдан мурда элдин тарыхы менен шарттала тургандыгы шексиз. И. С. Кон белгилеп кеткендей, «эмгектин жыныстык бөлүнүшү түрдүү адам коомунда анчалык универсалдуу эмес, алар биологиядан эмес, маданияттан көз каранды жана тарыхый кубулуш болуп саналат» [102, 65-б.]. И. С. Кон биосоциалдык констант болобу, же аялдардын эркектер жагынан эзүүсү болобу, жыныстардын социалдык өз ара мамилелерин детерминанттардын жападан-жалгыз системасына алып барып такоо мүмкүн эмес деп санайт жана жыныстык стратификацияны анын жыныстык символизми менен болгон байланышынын көз карашынан карайт [102, 71-б.]. Байыркы мифологиялардын жыныстык символизмине ылайык эркек жынысы жаңылануу менен өзгөргүчтүктү, ал эми аял жынысы сактоо менен туруктуулукту чагылдырат. Тантризмден сырткары көптөгөн байыркы мифологияларда эркек активдүү, социалдык-чыгармачыл

башаттын алып жүрүүчүсү катары каралса, ал эми аял пассивдүү табигый күч болуп саналат. Эркек менен аялдык башатты бинардык карама-каршылаштыруу бинардык оппозициялардын сериясынын бирөө болуп саналат, алардын жардамы менен мифологиялык аң-сезим өз дүйнөсүн тартипке келтирүүгө аракет жасаган жана шарттуу белгилерден ой жүгүртүүнүн нормативдик ориентирлерине айланып, азыркы күндөгү адамдын жүрүм-туруму менен психикасына таасир этет. Эң байыркы диндерде эркек жана аял башаттары тең укуктуу жана өз ара бири бирин толуктоочу деп түшүндүрүлөт. Андрогиндер темалары же жынысын өзгөртүү көптөгөн ырым-жырымдарда маанилүү ролду аткарат. Алсак, байыркы австралиялыктар жана кээ бир африка элдеринин мифтеринде баланын инициациясы анын убактылуу түрдө ырым-жырым боюнча аялга айлануусун өзүнө камтыйт, ал эми түштүк африкалык суто элинде инициация болгон кыздарга эркектин көйнөгүн кийгизет. Инициацияны башынан өткөрүп жаткан балакай белгилүү бир жыныска ээ болгонго чейин эки жыныстын тең касиеттерине ээ болгон фазадан өтөт, инициация ырым-жырымынын маңызы ушунда. Индокытайда жана Малай архипелагында жүз жыл мурда деле бирмалык аялдар менен кыздар толук эркин жана көз карандысыз жашашкан жана аракеттенишкен. Социалдык жактан алып караганда алар эркектерге тең келишкен жана көптөгөн иштерге тоскоолдуксуз катыша алган. Той салтанаты үй-бүлөлүк майрам менен аяктаган, андан соң көптөгөн азиялык элдердегидей эркектин эмес, аялдын үстөмдүгү башталган.

Биз социалдык мамилелердин типологиясы жөнүндөгү жобого таянабыз, ага ылайык «өздүк көз карандылык мамилелер» (башында биротоло алгачкы коомдук) – коомдун биринчи формалары ошондой болгон, аларда эмгектин өндүрүмдүүлүгү аз көлөмдө гана жана обочолонгон пункттарда өнүккөн. Социалдык мамилелердин түрүн билүү адам менен коомдун, адам менен коомдун социалдык түзүлүшүнүн, адамдын башка адамдар арасындагы ордун, б.а. тарбия берүү менен билим берүүнүн социалдык багыттарын аныктоону түшүнүүгө жардам берет.

Ошентип, «маданият» түшүнүгү боюнча бардык көз караштарга кыскача сересеп салып көрүү бизге ал индивиддерге карата нейтралдуу эмес экендиги жөнүндө тыянак жасоого мүмкүнчүлүк берет. Маданият адамдын каалоосуна карабай аны башкаруу кудуретине ээ. Маданият турмуштун өзү сыяктуу көп пландуу, көп кырдуу. Алардын бир кыры жана түрү – бул *гендердик маданият*. Гендердик маданияттын аялдар менен эркектерге болгон таасири үзгүлтүксүз аракетте жана ошону менен табигый инстинкт сыяктуу бирге сезилгис процесс. «Гендер» деген реалдуу жашоодо бар феномен жана анын негизинде курулган мамилелердин бардык системасына таандык.

«Гендер» түшүнүгү азыркы күндөгү илимий билимде ар түрдүү трактовкаларга ээ, алар «жыныс» түшүнүгүнөн «социалдык жыныс» түшүнүгүнө чейинки вариацияларда пайдаланылат. Изилдөөлөрдөгү социомаданий жана биологиялык түзүүчүлөрдү бөлүп көрсөтүү эки дээрлик көз карандысыз «гендер» жана «жыныс» түшүнүктөрүндө катылган. Маселе, «жыныс» жана «гендер» түшүнүктөрүн так ажырата алууда турат.

Гендердик теңдиктин тарапташтары ролдордун салттуу түрдө «эркектин» жана «аялдын» деп бөлүнүүсүн табигый өзгөчөлүктөр менен байланышкан, белгилүү бир типтеги социалдашуунун, тарбиялоонун, окутуунун натыйжасы деп санашат. Феминисттик теориянын түрдүү концепцияларынын өкүлдөрүндө бул терминди түшүндүрүүдө азыркы күнгө чейин белгилүү бир деңгээлде талаштар жаралып келет. Э. Гидденс «гендерди» «эркек менен аялдын ортосундагы физикалык айырмачылыктар эмес, аял менен эркектин социалдык калыптанган өзгөчөлүктөрү» деп түшүндүрөт. Анын пикиринде гендер эң обол «аял менен эркекке дал келген жүрүм-турумга карата болгон социалдык күтүүлөр». Гендердик лингвистика жаатындагы адис А. Кирилина түшүнүктүн пайда болуу тарыхын сүрөттөп жатып, род грамматикалык категориясын түшүндүргөн англичандардын gender термини биологиялык жынысты түшүндүргөн sexus термининен «качуу үчүн» башка илимдердин изилденүү талаасына өткөрүлгөнүн белгилейт. Гендер термини жыныстардын ортосундагы табигый эмес, социомаданий себептерди баса белгилөөнү көздөйт. Анын

түшүнүгү табигый детерминациялуулук менен аял жана эркектин ортосундагы дене түзүлүшүндөгү эле айырмачылыкты эмес, эмгектин жыныстык-ролдук бөлүнүшүн, коомдун эркектер менен аялдарга карата болгон бирдей эмес талаптарын жана мамилесин, адамдардын жынысына жараша коомдогу түрдүү «баалуулугу» менен байланыштырат [91].

Гендердик сөздүктөрдө: «Гендер – аялдардын жана эркектердин социалдык жүрүм-турумун жана алардын өз ара мамилесин аныктаган, коомдо маданий жактан шартталган мүнөздөмөлөрдүн комплекси». Гендер социалдаштыруунун белгилүү системасы, эмгектин бөлүштүрүлүшү, коомдо кабыл алынган маданий нормалар, ролдор жана стереотиптер аркылуу түзүлөт. Гендер социалдык процесстерди түшүнүүнүн куралы да болуп саналат», – деп сыпатталат [164, 48-б.].

Инсандын социалдык жынысы феноменине карата болгон классикалык илимий ыкмага багытталган социалдык психология «гендер» түшүнүгүн конкреттүү маданияттагы тиги же бул жыныстын өкүлдөрүнөн күтүлүүчү жүрүм-турум моделдеринин жыйындысына алып келип такайт дагы, т.а. коом тарабынан орнотулган ой келди эрежелердин тизмеси болгон бирдиктүү социалдык-биологиялык мүнөздөмө катары чечмелейт [67, 59-б.]. «Гендер» түшүнүгү инсандын жынысы социалдык өз ара аракеттенүү өзгөчөлүктөрү менен шартталганын жана эркектерге тиешелүү «кайраттуулук» жана аялдарга тиешелүү «назиктик» (эркектик – аялды эркектен айырмалап турган сапаттардын жыйындысы) жөнүндөгү социалдык түшүнүктөр менен шартталган деп болжойт. «Эркектик» жана «аялдык» жүрүм-турумдун мүнөздөмөлөрүн бөлүп көрсөтүүдөгү айырмалоочу сыпаттар болуп көбүнчө инсандын социалдык сапаттары саналат: тайпа ичиндеги статусу, аткарган социалдык ролдору (эне – ата) ж.б. Жыныстын социалдык-психологиялык көйгөйүнө арналган изилдөөлөрдүн басымдуу бөлүгү чет өлкөлөрдөгү жана Россиядагы социалдык илимдерде «гендер» термини кеңири таркала элек мезгилде жазылган. Андыктан, адабиятта эркек менен аялдын өз ара аракеттенүүсүнүн социалдык аспекттеринин анализине карата эскирген «жыныс» түшүнүгүн жана андан

пайда болгон («жыныстык роль», «жыныстык окшоштук» ж.б.у.с.) сөз айкаштарын пайдаланууну кезиктирүүгө болот. «Гендер» түшүнүгү менен бирге бул темага арналган эмгектерде андан келип чыккан гендердик мамилелер, гендердик факторлор түшүнүктөрү да пайдаланылат [67, 79-б.]. Классикалык социалдык психологияда жыныс – бул адамдын жынысын андан ары гендер катары: кайраттуу эркектик, назик аялдык же андрогиндик социалдык конструкциялоо үчүн негиз катары кызмат кылган нерсе деген концепция тараган. Демек, гендер табигый жыныстык диморфизмдин социомаданий чагылышы болуп саналат.

Гендерди эркектер менен аялдардан күтүлгөн социалдык ролдордун жыйындысы катары түшүнүү көйгөйлүүрөөк. Жыныстык ролдордун мазмунун изилдөө эркектин же аялдын унификацияланган ролу жок экенин көрсөттү. Жыныстын өзү коомдогу көпчүлүк адамдардын жүрүм-турумунун нормативдүү окуясы болгон жыныстын нормативдик теориясы болуу менен бирге ролдук концепция гендерди гендердик стереотиптерге алып барып такайт. Адам баласы бири бирине дал келбеген жана ролдук конфликтке барган бир катар социалдык ролдорду аткарат. Анда реалдуу ролдук жүрүм-турум көбүнчө социалдык-психологиялык изилдөөлөрдүн контекстинен чыгып, ал эми жыныстык ролдордун мазмунунун өзгөрүшү социалдык факторлор менен таптакыр түшүндүрүлбөйт, анткени ролдор сөзсүз түрдө биологиялык негизге байланып калат. Гендерди жыныстык ролдук чечмелөөдө нормативдүүлүк «девиация» жана «ийгиликтүү социалдашуу» түшүнүктөрү менен байланыштуу. Үстөмдүүлүк кылган жыныстык ролдорго карата конформдуулук ийгиликтүү социалдашууну көрсөтөт, ал эми типтүү эмес жыныстык ролдор болсо адекваттуу эмес социалдашуу болуп саналат.

Ролдорду мындай бөлүштүрүү анчейин өнүкпөгөн коомдордо болушу мүмкүн. Бирок коом ар дайым түрдүү социалдык тайпалардан турат, аларда түрдүү инсандар жашына, тек-түбүнө, жынысына ж.б. жараша түрдүү абалга ээ болушат. Мындай коомдо социалдык роль инсандын социалдык түзүлүштөгү статусунан көз каранды болгон күтүлүүчү жүрүм-турум болуп саналат. Демек,

жыныстык роль аны аткаруучунун биологиялык жынысы менен эмес, социалдык статусу менен байланыштуу.

Модернисттик социалдык психологияда гендер жөнүндө бир нече түшүнүктөр бар. Буга байланыштуу америкалык изилдөөчү С. Бем тарабынан гендердик схема түшүнүгү киргизилген. Гендердик схема инсандын жыныстык тиешелүүлүккө байланышкан кандайдыр маалымат жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн системасы. Эркекпи же аялбы өз жүрүм-турумун маданияттагы гендердик схемаларды пайдалануу менен өз алдынча моделдештирет. Мында гендердик схеманын курамын эркектер менен аялдардын ортосундагы эмгектин бөлүнүшү да, гендердик баалуулуктар системасын түзөт [31].

Модернисттик социалдык психологиядагы гендерди башкача бир пикир Дж. Лорберге таандык. Анын концепциясына ылайык, инсандын анатомиялык-физиологиялык түзүүчүлөрү инсандын гендеринин башка түзүүчүлөрүнө дал келүүсү, же дал келбөөсү мүмкүн. Инсандын гендери биологиялык жыныстан көз каранды болгон жыныс категориясынан сырткары өзүнө төмөндөгү компоненттерди камтыйт:

– *гендердик окшоштук* – жыныска белгиленген социалдык функцияларга жана статуска байланыштуу өзүнүн жыныстык тиешелүүлүгүн жеке кабыл алуу;

– *гендердик никелик статус* – белгиленген репродуктивдик жүрүм-турумду жана ата-энелик ролдорду жүзөгө ашыруу;

– *сексуалдык багытталуу* – социалдык же жекече кабыл алынган сексуалдык окшоштуктардын үлгүлөрүн кабыл алуусу;

– *инсандын гендердик түзүлүшү* – социалдык жактан мүмкүн болгон эмоциялар менен сезимдердин кабыл алынган үлгүлөрү;

– *гендердик процесстер* – гендердик жүрүм-турумга тарбиялоонун жана окутуунун социалдык практикалары;

– *гендердик дисплей* – кийим-кеченин, жасалгалардын, дене маркерлеринин жардамы аркылуу өзүн гендердик инсандын белгилүү бир түрү катары көрсөтүү [114].

Гендердин дагы бир түшүнүгү модернисттик социалдык психологиядагы Г. Гарнфинкелдин этнометодологиясы менен байланыштуу [53, 365-б.]. Социалдык жана социалдык-психологиялык феномендерди жаратуучу адамдардын коммуникативдик интеракциясы этнометодологиянын көңүл чордонунда. Бул концепциянын чегинде гендер инсандар арасындагы өз ара аракеттенүү системасы болуп саналат, ал аркылуу социалдык мүнөздөгү эркекке жана аялга тиешелүү базалык категориялар жөнүндөгү түшүнүктөр пайда болот. Бул багыттын чегинде үч башкы түшүнүктү бөлүп көрсөтүүгө болот: биологиялык жыныс, жынысы боюнча категоризация (жынысын таануулоо) жана гендердин өзү.

«Жыныс» жана «гендер» түшүнүктөрүн дифференциациялоо социалдык процесстерди түшүнүүдөгү жаңы теориялык деңгээлге чыгууга, өзгөчөлүктүү аял тажрыйбасын окуп үйрөнүүгө, гендердик системаны сыпаттоого мүмкүнчүлүк жаратат. Азыркы күндөгү илимде социалдык жана маданий процесстерди жана кубулуштарды сыпаттоодо гендердик мамиле абдан кеңири пайдаланылат. Гендердик изилдөөлөр учурунда коом салттуу гендердик асимметрияны жана бийликтин иерархиясын куруу үчүн аялдар менен эркектерге социалдаштыруу системалары, эмгекти бөлүштүрүү, маданий баалуулуктар жана символдор аркылуу кандай ролдорду, нормаларды, баалуулуктарды, мүнөздөрдү белгилегени каралат. Ошентип, социалдык системаны уюштуруучу кайсы бир класска тиешелүү болуу, жашы жана башка мүнөздөмөлөр менен бир катарда гендер социалдык түзүлүштүн базалык чененин бири катары каралат.

Гендердик ролдорду билим алуудагы, кесиптик ишмердүүлүктөгү, бийликке жетишүүдөгү, сексуалдуулуктагы, үй-бүлөдөгү ролундагы жана репродукциялык жүрүм-турумдагы жекече өзгөчөлүктөрдү аныктаган социалдык статус катары мүнөздөөгө болот. Социалдык статустар аталган коомдун маданий мейкиндигинде жашайт. Демек, гендердик статус жана гендердик маданият түшүнүктөрү өз ара тутумдаш.

Г. Н. Карелованын пикиринде гендердик маданият тарыхый уламалуулук мыйзамдары менен өнүгөт. Ар бир доор гендердик маданияттын өнүгүүсүндө өз үлүшүн кошот. Бирок, жаңы маданий кубулуштар мурда кабыл алынган баалуулуктардан баш тартууну түшүндүрбөйт. Конкреттүү муундардын тажрыйбасында жаралып жана бекип, гендердик маданият келечек муундарга өткөрүлүп берилет жана мурастоо процессинин натыйжасында табигый нерсе катары кабыл алынат [90, 22-б.].

Тукум куучулуктун социалдык программасына, биздин көз карашыбызча, гендердик маданияттын гендердик ролдор, гендердик стереотиптер жана гендердик түшүнүктөр сыяктуу элементтери кирет. Гендердик-ролдордун аткарылышы аялдарга «аялдык» жана эркектерге «эркектерче» ролдорду белгилеген жүрүм-турумдардын нормаларынын системасы тарабынан көшөгө сыртында текшерилет. Бул нормалар системасы дал келүүчү гендердик-ролдорду тандап алууга колдоо көрсөтүп, ал эми ал нормалардан баш тартуу үчүн жазалоочу санкцияларга ээ.

Антрополог М. Мид тарабынан «типтүү эркектик» жана «типтүү аялдык» жөнүндөгү түшүнүктөр салыштырмалуу экендиги аныкталган, анткени бир коомдо эркекке тиешелүү жумуш, жүрүм-турум, мүнөз деп саналган нерселер башка бир коомдо аялга тиешелүү деп саналышы мүмкүн, гендердик маданиятта гендердик-ролдорду аткаруу милдеттүү. Изилденип жаткан көйгөй жаатында И. Клецина менен Е. В. Иоффенин социалдык нормалардын түрлөрү катары эркектик жана аялдык жүрүм-турумдардын нормаларынын (гендердик нормаларынын) анализине арналган изилдөөлөр өзгөчө кызыгууну жаратат. Алардын ою боюнча гендердик нормалар – бул эркектер мене аялдардын коомдун мүчөсү жана чоң социалдык тайпалардын өкүлү катары жүрүм-турум эрежелери, ишмердүүлүк стандарттары. Гендердик нормаларды өздөштүрүү процесси, адамды жыныстык-ролдук жүрүм-турум стандарттарына үйрөтүү башка социалдык нормаларды үйрөнүү процессинен принципиалдуу түрдө айырмаланбайт жана өзүнө бир тараптан ал нормаларды рационалдуу баамдоону, ошондой эле нормативдик стандарттарды интернализацияны, б.а. сыртта берилген талаптарды ички нормага,

муктаждыкка, өнөкөткө айландырууну камтыйт. Гендердик нормалар төмөнкү функцияларды аткарат:

1. Гендердик окшоштуктун калыптануу процессинде түрдүү жыныстагы жаш балдарды тайпаларга интеграциялоо.

2. Эркек жана аял жынысынын өкүлдөрүнө дал келген жүрүм-турумдардын моделдерин, эталондорун калыптандыруу.

3. Гендердик нормадан сырткары гендердик социализациянын жалпы жүрүшүн жана жүрүм-турумун жөнгө салуу жана текшерүү (мисалы, биз көбүнчө момундай сөздөрдү угабыз: «Аялдар (кыздар) өзүн минтип алып жүрбөйт», «Эркек (уул бала) деген минтпейт»).

Ошентип, гендердик нормалар башка нормалар сыяктуу эле – бул эң биринчиден адамдын аны курчап турган адамдарга карата болгон милдеттери, бирок, ошол эле учурда башка адамдардын айрым эркектер менен аялдарга карата болгон күтүүлөрү (кичи тайпанын, чоң тайпанын, бүтүндөй коомдун). Гендердик нормалар социалдык нормалардын түрү катары нормалардын башка түрлөрү менен жалпы сапаттарга ээ болуу менен бирге алар өзүнүн спецификасына ээ. Биринчи айырмачылык – бул гендердик нормаларда маданий түзүүчү башка түрдөгү нормаларга салыштырмалуу көбүрөөк мааниге ээ (саясий, моралдык нормалар). Бул гендердик нормалар басымдуу түрдө маданий каада-салттар, символдордун негизинде калыптанып, коомдук аң-сезимде маданият продуктуларынын жардамы менен таркап, бекитилген, алардын ичинде элдик чыгармачылык (мифтер, жомоктор, ырлар) жана заманбап массалык маалымат каражаттары чоң роль ойногон. Андыктан гендердик нормалар социомаданий феномен катары изилденүүсү керек. Гендердик экинчи айырмачылык болгон өзгөчөлүк – алар өзүн жалпы коомдук деңгээлде көрсөтөт, чоң социалдык тайпалардын өкүлдөрү катары да, кичине тайпалардын деңгээлинде да эркектер менен аялдардын жүрүм-турумун түрдүү жыныстын өкүлдөрүнө үй-бүлө, окуу жайлардын, эмгек жамааттарынын мүчөсү катары таасир этүү менен жөнгө салат [94, 144-б.].

«Роль» түшүнүгү илимий айлампага өткөн кылымдын 20-30-жылдары Р. Линтон тарабынан киргизилген. Ал статустук-ролдук концепцияны сунуш кылган,

анда инсандын коомдун ар кандай системалары менен байланыштары «роль» жана «статус» түшүнүктөрү аркылуу чечмеленет. Р. Линтондун айтымында статус индивиддин системада ээлеген орду. Ал эми роль түшүнүгү ал тарабынан белгилүү бир статуска байланыштуу жүрүм-турумдун маданий үлгүлөрүнүн жалпы көлөмүн сүрөттөө үчүн колдонулат. Ошентип, ролго коом тарабынан белгилүү бир статуска ээ болгон ар бир адам үчүн белгиленген мамилелер, баалуулуктар жана жүрүм-турум кирет. Ролдун субъективдүү тарабы ролду аткаруучунун инсандыгы мүнөздөмөлөрү менен аныкталгандыктан ролдук жүрүм-турум индивидуалдуу сыпатка ээ болот. Ар бир адам белгилүү бир ролду аткаруу процессине жеке оригиналдуулукту жаратат [52, 51-б.]. Коомдук ролдук көрүнүштүн татаалдыгы аны изилдөөнүн бардык ыкмаларын чагылдыра турган так аныктаманы тариздөөгө жол бербейт. Америкалык социалдык психологдор М. Дойч жана Р. Краусстар социалдык психологиядагы ролду түшүнүүгө болгон ар кандай ыкмаларды эске алуу менен, комплекстүү аныктама издөөгө аракет кылуу туура эмес, бирок социалдык жүрүм-турумдун ошол аспектилерин көрсөтүү жетиштүү деп ойлошот [151].

Илимий адабияттардагы аныктамаларга таянуу менен роль түшүнүгүнүн төмөнкүдөй аспектилерин бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. Роль инсандын башка адамдар менен мамилесинде анын статусуна карата жүрүм-турумунан күтүүлөр системасы.

2. Белгилүү бир позицияны ээлеген инсандын башка индивиддер менен өз ара мамилесинде өзүн кандай алып жүрүү тууралуу түшүнүктөрүнүн жана жүрүм-турумунун системасы.

3. Жеке адамдын өзүнүн ээлеген статусуна ылайык ачык, байкалган жүрүм-туруму.

Ошентип, гендердик-ролдорду башка адамдарга инсандын эркек же аял экендигине баа берүүгө мүмкүндүк берген жүрүм-турум үлгүлөрүнүн жана мамилелеринин тышкы көрүнүштөрү катары каралышы мүмкүн. Башкача айтканда, инсандын гендердик иденттүүлүгүнүн социалдык көрүнүшү.

Диссертациялык изилдөөбүздүн темасынын жана коюлган милдеттердин чегиндеги түйүндүү түшүнүк бул – элдик педагогика. Диссертациянын базалык

түшүнүктөрүнүн арасындагы башка категорияларга салыштырмалуу элдик педагогика илимде кеңири такталып интерпретацияланган терминдердин катарына кирет. Педагогикадагы элдүүлүк принциби педагогиканын бардык өкүлдөрүнүн анын ичинде Я. А. Коменский, И. Г. Песталоции, К. Ушинский, А. С. Симонович, В. Водовозова, Е. И. Тихеева, Я. С. Гогебашвили, Х. Абовян, С. И. Михайлов, А. Кунанбаев, К. Насыров, И. Я. Яковлев, М. Е. Евсеев жана башкалардын эмгектеринде кездешет. Г. Н. Волков элдик педагогиканы – «элдин оозеки чыгармачылыкта, үрп-адат, каада-салттарда, оюн жана оюнчуктарда сакталган педагогикалык идеяларынын жана тарбиялык тажрыйбаларынын тутуму», «тарбия жаатындагы элдик эмпирикалык билимдер», «оозеки педагогикалык чыгармачылык» катары айкындап, негиздеген [50, 55-б.].

Кыргыз этнопедагогу А. Алимбеков: «Элдик педагогика тарбиялоо, билим берүү жаатындагы акыл-ойлордун, ишеним-идеалдардын гана уюткусу эмес, ал баарыдан мурда, ошол идеалдарды калыптандырууга багытталган элдин практикалык педагогикалык иш-аракеттерин өз ичине камтыган өзгөчө феномен» экендигин белгилейт [12, 80-б.].

Байыркы мезгилдерден тартып ушул күнгө чейин бул салт эл турмушунда бекем сакталып келе жатат, же тарыхтын буурул таңында көз жарган мифтерде аял менен эркектин социалдык функцияларына таандык көп кырдуу элдик талаптар таризделген.

Бүгүн элдик педагогика өз алдынча илимий изилдөө багыты бар этнопедагогика илим тармагынын айдыңы катары интенсивдүү өнүгүү абалында. Азыркы илимде аталган терминге карата Г. Н. Волков тарабынан берилген аныктама туруктуу деп кабыл алынган. «Этнопедагогика – бул өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоо боюнча калайык-калктын тажрыйбасы, анын педагогикалык көз караштары, турмуш-тиричиликтин, үй-бүлөнүн, уруктун, уруунун жана элдин педагогикасы жөнүндөгү илим» [51, 176-б.].

Элдик педагогика эл турмушунун бардык тарабын коомдун саясий-экономикалык түзүлүшүн, элдин диндик ишенимдерин, салт-санаа, үрп-адаттарын, тиричилик-чарбалык иш-аракеттерин, коомдук жүрүм-турум нормаларын ж. б. өз ара

айкалышта чагылдырып көрсөтөт. Буга байланыштуу биздин изилдөөбүзгө тике тиешелүү кыргыз элинин салттык маданиятынын көп кырдуу контекстинде жаштардын гендердик-ролдук маданиятын калыптандыруунун тажрыйбалары диссертациянын 1.2-параграфында чагылдырылат.

## 1.2. ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү маселесин изилдөөнүн тарыхый ретроспективасы жана азыркы абалы

Бул бөлүм тандалып алынган теманын көйгөйүнө тике жана кыйыр тиешеси бар эмгектер талдоого багытталгандыктан мурдагы бөлүм менен жалпы жактары бар. Ошону менен бирге, бул бөлүмдүн изилдөөнүн контекстиндеги өз алдынча милдети бар. Эгерде мурдагы бөлүм изилдөөнүн негизин түзгөн түшүнүктөр, категория, терминдер талдоого алынса, бул бөлүмдө каралып жаткан теманын илим ретроспективасы (латын тилинен *retro* – «өткөнгө кылчаюу» жана *spectare* – «кароо, ой жүгүртүү») – же өнүгүш тарыхы көз салынып, жетишкендиктери жана көңүл сыртында калган көйгөйлөрү талдоого алынат. Мурдагы прогрессивдүү педагогикалык ойлорду окуп үйрөнүү жана пайдалануу анын маңызы менен башатын тереңирээк түшүнүүгө, мурдагы тажрыйбаны эске алуу менен инсандын гендердик-ролдук маданиятынын жаңы маселелерин коюуга жана чечүүгө жардам берет, ал эми каталарды сынчыл аңдоо аларды азыр жана кийин кайталабоого мүмкүнчүлүк берет.

Инсандын гендердик-ролдук социалдашуусу менен байланыштуу педагогикалык көйгөйлөрдү аныктоо үчүн биз тараптан дүйнөлүк педагогикалык ойдун тарыхына сересеп салдык.

Адабияттар анализи байыркы цивилизацияларда (Байыркы Греция, Байыркы Египет, Байыркы Кытай) өсүп келе жаткан муундарды гендердик-ролдоруна карай тарбиялоонун белгилүү тажрыйбалары иштелип чыккандыгын көрсөтөт. Байыркы маданияттарда аял эркек ролдорундагы нормалар жагынан айырмачылыктарга караганда жалпылыктар арбын болгондугун көрөбүз. Байыркы грек ойчулдары Аристотель, Платон жана Сократтар үй-бүлөнүн репродуктивдик функциясына

басым жасоо менен адамдардын жубайлык социалдык милдеттерин так аткаруусун коомдук турмуштун гармониясынын кепилдиги катары карашкан. Ал эми түрк тектүү көчмөн элдерде аялдардын бейнеси дээрлик бардык эпостордо жолугуучу салттык кубулуш. Алсак, хакас фольклорунда «Алтын Арыг», «Ай Хуучин», «Ай-Арыг», «Алтын-Сабах», «Ах-Чибек-Арыг» сыяктуу аялдардын жоокердик, баатырдык салттарына арналган чыгармалар кезигет. Көчмөн турмуштун шарттарына ылайык түрк элдеринде атка минүүгө, кылыч кармоого даярдык аял затынан да талап кылынган. Аял менен эркектердин социалдык ролдорундагы теңдик маселеси «Коркут баба китебинде» да өзгөчө мотивдердин бири. Мураста Бамшы Бейрек атасына үйлөнө турган кызынын өзгөчө сапаттарын мындайча сүрөттөп берет: «Ата, мага мен ордуман тура электе ал турган, атыма мине электе ал минген, касыма жете электе башын алып келген кыз керек». Анда Кам Буура: «Балам сен кыз эмес, шерик издеп жаткан турбайсыңбы», – дейт [14, 33-б.].

Гендердик-ролдук маданият маселеси тууралуу көз караштар мусулман аалымдарынын мурастарында да кездешет. Алсак, Абу-аль-Вагид Ибн-Рушдд аалым эркек менен аял табигый айырмачылыктарына карабастан, акыл жагынан айырмасы жок заттар деп эсептейт. Ал аялдарда атайын билим берүү аркылуу бардык жөндөм таланттарды, анын ичинде жоокердик өнөрдү өнүктүрүүгө болоорун билдирген. Ошону менен бирге ал салтка жараша бала төрөп, аларды тарбиялап өстүрүү аялдардын башкы вазийпаларынын бири болгондугуна карабастан, аларды бул ишмердүүлүк менен чектеп коюуга болбостугун эскерткен. Ибн-Рушддун пикиринде аял эркектердин коому намазга жыгылган жерде башкы имам болушуна жол берүү керек экендигин жактаган.

Аял жана эркектерди социалдаштырууда айырмачылыкка жол бербөө жана биргеликте таалим-тарбия берүү идеялары. Ахмет Ясевинин «Насыяттар китебинен» да даана көрүүгө болот. Ахмет Ясеви өзүнө караштуу диний билим берүү мекемелеринде кыз жана эркектерди бирге окутууну өөн көрбөй, колдоого алган агартуучулардын катарында турат. Мунун өзү орто кылымдагы мусулман дүйнөсү үчүн өтө опурталдуу көрүнүш катары кабыл алынган. Буга байланыштуу «Дивани Хикметте» Юсуф Бейзаавинин калемине таандык төмөнкүдөй саптар кездешет:

Убагында баба Мачин эшитти,

Түркистанда Ахмед Шейхтин чыкканын,

Кыз-эркектер бирге курган маекти,

Тыюу үчүн достор келди жанына [142, 49-б.].

Бул саптарда Ахмет Ясевинин мектебинде аял-эркектер биргеликте билим алып жатканы дүң болгону жана аны эскертүү үчүн аттуу баштуу аалымдарды эскертип коюу үчүн жөнөтүшкөнү тууралуу сөз болот. Ахмет Ясеви атайылап келген аалым Баба Мачинге мындай жөрөлгөнүн исламга каршы келбестигин жатык тил менен түшүндүрүп чечмелеп берет. Баба Мачин алдында катардагы Шейх эмес, олуя турганына жана анын аракетинде шек жаратчу жагдай жок экенине ынанып, өзү да мындай жөрөлгөгө ыктай баштайт.

Атанын күчүн сезип, ишин баалап,

Моюн сунуп, жолуна түшкөн экен,

Ата менен үч ирет даага кирип,

Максат-мурат пирин таанып билген экен [142, 50-б].

Ибадат кылуу жөрөлгөлөрүнө аял-эркектер чогуу катышканы тууралуу фактылар Мухаммед пайгамбар тууралуу баяндарда да арбын кездешет. Азирети пайгамбар өз заманында ишенимдүү, иш билги, уюштуруу жөндөмү, сулуулук жана адеп-ахлак жагынан мыкты инсандарды аял, эркек деп бөлбөй, жарамдуусун гана жумушка дайындаган. Бирок, ошол салттар дин ааламында ошол калыбында сакталып калган эмес. Ал эми олуя Ахмет Ясевинин аял-эркектерге биргеликте билим берүү жөрөлгөсү – түрк элдеринин үрп-адаттары менен “таза исламдын” түптүү окууларын туура айкалыштыруу чеберчилигинин таасын көрүнүшү. Бул улуу аалымдын окууларынын карапайым калк арасындагы таасиринин масштабдуулугунун себебин аңдап билүүнүн дагы бир кыры болуп эсептелет.

Илимий педагогиканын башатына келсек Я. А. Коменский «Эне мектебинин» идеясын сунуштаган жана иштеп чыккан, анын максаты – бардык үй-бүлөлөрдү акылга сыярлык тарбия берүү жүргүзүлгөн мыкты үй-бүлөлөрдүн деңгээлине чейин көтөрүү болгон. Мындай «мектептерге эки жыныстагы бардык жаштарды ишенип берүү керек», – деп жазган [100].

Ж. Ж. Руссо, «табигый укук» теориясынын алкагында аял менен эркектин табият тарабынан аныкталган функциялары тууралуу көз карашын негиздеген. Буга байланыштуу билим алууда эркек менен аялдын мүдөөлөрү айырмачылыктуу каралат. Аялдарга берилген билим аларды үй-оокатты тейлеп, балдарды телчиктирип, эмгекке өз алдынча жашап кетүү жөндөмүн өнүктүрүүгө багытталышы абзел. Анын ишениминде «аялдын өмүрү жар болуу менен гана чектелген: Аял эркекке жагыш үчүн гана жаралган. Ырас, эркек да аялга жагышы шарт, бирок ал өтө эле мааниге ээ эмес». Руссонун оюнда – бул табияттын мыйзамы. «Эгерде аял эркекке жагыш үчүн жаралган болсо, анда ал эркекке эрегишкендин ордуна ага жагымдуу болгонго аракет кылышы керек» [158]. Коомдун түзүлүшү жөнүндөгү ойлорун өнүктүрүүдө ал үй-бүлөлүк келишимдин негизинде түгөйлөрдүн бири бирине баш ийүү жолу куралгандыгын, ар бир түгөйдүн түзүлүштө так орду бар экендигин дайыма баса белгилеп турган. Ушундай эле көрүнүштөр үй-бүлө, мамилелер жана башка жашоо чөйрөлөрү жөнүндөгү ойлорунда да орун алган. Руссо, аял күйөөсүнө баш ийгендигин, аялдын ар дайым эркектен көз каранды экендигин, анын көңүлүн алып туруусу жана анын эркине көнүүгө милдеттүү экендигин эсинен чыгарбоосу зарылдыгын, ал ушундай жол менен үй-бүлөнүн, демек, натыйжасында коомдун дагы берекесин сактаарын кайталап айткандан талыбаган. Өмүрүнүн белгилүү бир мезгилинде педагогикалык ишмердүүлүк менен алектенген, ар тараптуу билимдүү инсан, англис философ-педагогу Д. Локк өзүнүн гендердик билим берүү программасын белгилеп, анда балдарды жана кыздарды тарбиялоодо ар кандай ыкмаларды белгилеген.

И. Канттын окуусуна ылайык, табият аял затына жароокердик, назиктик сыяктуу артыкча сапаттарды ыроологон менен, алар турмушта ошол асыл сапаттарды чырайына чыгарып пайдалана албайт, ал үчүн алардын табигый мүмкүнчүлүктөрүн ырааттуу өнүктүрүүгө багытталган таалим-тарбия зарыл деп белгилеген.

XVIII кылымдын аягында, XIX кылымдын башында А. Дистервег өзү сунуштаган маданиятка ылайык келүү принциби менен Я. А. Коменскийдин табиятка

ылайык келүү принцибин байланыштырып, алардын арасындагы байланышты карама-каршылыктардын диалектикалык биримдиги катары ачкан. А. Дистервег так ошол маданиятты индивидуумдун табигый күчтөрүн өнүктүрүүчү, анын муктаждыктарын канааттандыруучу, анын жөндөмдөрүн калыптандыруучу каражат деп атаган. Андыктан маданиятка ылайык келүү принцибинин негизинде тарбия адамдын табиятын гана эске албастан, «сырткы шарттарды» (мезгилди, орунду, доордун духун, каада-салттарды), ошондой эле ошол мезгилдеги жана өлкөдөгү маданияттын деңгээлин эске алуу жөнүндө жобо жатат [62, 86-б.].

XIX кылымдын биринчи жарымындагы Россияда билим берүүнүн теория жана практикасы Н. А. Вышнеградскийдин, М. В. Ломоносовдун Н. И. Пироговдун, К. Д. Ушинскийдин ысымдары менен байланыштуу болгон. XIX кылымдын экинчи жарымында Н. И. Пирогов жогорку билим берүү боюнча концептуалдуу көз караштарында аялдар менен эркектердин теңдигин аттап өткөн эмес [147].

К. Д. Ушинский антропологиялык изилдөөлөрүндө балдардын жыныстык айырмачылыктарын алардын өнүгүүсүнүн себептери катары белгилейт. Анын пикиринде балдардын жашы канчалык төмөн болсо, анын жыныстык өзгөчөлүгү ошончолук аз көрүнөт, ошол эле учурда жашы канчалык чоң болсо, анда билим берүү жана тарбиялоо процессинде жыныстык өзгөчөлүктөр ошончолук ачык байкалат. Бул өзгөчөлүктөр эң көп байкала баштаган мезгил 12-15 жаш. Ошондуктан өз доорунун өзгөчөлүктөрүнө ылайык орто мектепте ар башка жыныстагы балдарды биргелештирип окутуп бирдей даражадагы ийгиликтерге жетүү күмөндүү деп эсептеген. К. Д. Ушинский биринчилерден болуп окуу процессинде кыз балдардын физикалык жана рухий күчтөрү эркектердикинен айырмаланарын ынанымдуу далилдеген. Анын пикиринде эркек балдардын ой жүгүртүүсү абстракттуулугу менен айырмаланса, кыздардын ой жүгүртүүсүндө конкреттүүлук байкалат [176]. Ошондуктан, «кургак жана абстракттуу окутуу», кандайдыр бир даражада жана «мүмкүн болсо ал анда эркектердин мектептеринде гана болушу мүмкүн».

К. Н. Вентцель өзүнүн эркин тарбиялоо теориясына таянуу менен «тарбиялоонун максаты биз тарбиялап жана билим берип жаткандын табиятынан» келип чыгышын жактаган. К. Н. Вентцель ар бир адам билим алууда өз жолу менен

жүрүшүн баса белгилөө менен, табиятка ылайык келген принциптин негизинде жекече мамиле жасоо зарылдыгын негиздеген [46, 108-б.]. Анын көз караштары бала бакчалардын иш практикасына байланыштуу болгондугуна карабастан балдарды турмуш үчүн зарыл социалдык жөндөмдөргө ээ кылуу жөнүндөгү идеялары бүткүл билим берүү чөйрөсүндө балдарды келечектеги социалдык ролдук милдеттерине даярдоо маселелерин актуалдаштырууга өбөлгө болгон.

Н. И. Пирогов адамдын жыныстык мүнөздөмөлөрүн калыптандыруунун эки негизги этабын бөлүп көрсөткөн: алгачкы гендердик идентификация, бала кыз же эркек экендигин (8 жашка чейин) аң-сезимсиз түрдө аңдайт экинчи этабы өзүн кыз же эркек катары өнүктүрүүнү аңдоонун башталышы. Бул кырдаал педагогикалык процессте эске алынышы керек болгон айкын гендердик роль.

*Советтик мезгилде мамлекеттин гендердик идеологиясынын* түп-тамырынан бери өзгөрүшү билим берүү тармагында балдарды жана кыздарды өзүнчө окутуудан бирдиктүү программанын жана окуу китептеринин негизинде биргелешкен билим берүүгө өтүшүн бекемдеген. Социализмдин тушунда пролетардык революциянын жеңиши катары «аял маселесин чечүүнүн маркстик методологиясы» ишке кирип анын натыйжасында аялдар окууга, эмгекке эркектер менен чогуу бирдей катышып жолдоштукта жана шериктештикте бирдей милдеттерди аркалоосуна жол ачылган. Советтик эмгек мектебинде анын методологдорунун (А. В. Луначарский, Н. К. Крупская, М. Н. Покровский, С. Т. Шацкий ж.б.) оюнда уландар менен кыздар биргелешип окуу аркылуу өндүрүштүн уюштурулушу жана анда колдонулган материалдар менен бирдей даражада таанышууга тийиш болгон. Бирдиктүү эмгек мектебинин Уставында «балдарга өздөрүнүн жеке турмушун да, эмгекчи адамдардын коомундагы жашоосун да акылга сыярлык уюштуруу үчүн керектүү билимдерди жана шыктарды алуу мүмкүнчүлүгүн берүү максатын көздөйт» деп тике белгиленген. Албетте, билим берүүнүн гендердик парадигмасынын өзгөрүшү, балдар менен кыздардын өзүнчө билим алуудан биргелешип билим алууга өтүшү мектеп турмушундагы маанилүү өзгөрүү болуп, илимий-педагогикалык жактан колдоого муктаж болгон. Балдарды жана кыздарды биргелешип окутуунун социалдык-педагогикалык максатын

биринчи жолу Н. К. Крупская «Балдарга аялдардын ишин үйрөтүү керекпи» (1910) жана «Биргелешкен билим берүү жөнүндө» (1911) макалаларында негиздеген [103].

Советтик мектептин социалдык-педагогикалык концепциясы билим берүү процессинде уландар менен кыздардын бирдей мүмкүнчүлүктөрүн, шарттарын жана мамилелерин камсыз кылуу аркылуу ар бир окуучудан жынысына карабастан колхозчуну жана жумушчуну даярдоо болгон.

Ошол жылдардагы илимий-педагогикалык макалаларда мектеп турмушунун структурасындагы гендердик баланс аялдардын акыл-эс жөндөмдөрүнүн теңсиздиги жөнүндө «өткөндөгү эң күлкүлүү көз караштардын бирин түп-тамырынан бери кыйраткандыгы баса белгиленген. Ошого карабастан агартуучулардын арасында «...анын мазмуну боюнча аялдардын билими эркектердикиндей болушу керекпи? Окуу-тарбия иши өзүнүн уюштурулушу (окуу күнүнүн узактыгы, сабак, тыныгуу жана башкалар) жана методикалык жагы боюнча балдар менен кыздарга бирдей болууга тийишпи же жокпу? Балдар менен кыздар билимди өзүнчөбү же чогуу алыш керекпи?» деген пикирлер да болгон. Алсак, педология илиминин негиздөөчүлөрүнүн бири А. Б. Залкинд мугалимдерди бирге окутуп, тарбиялоодо балдар менен кыздардын социалдык жана интеллектуалдык мамилелериндеги айырмачылыктарды эске алууга чакырган. Бирок ошол эле учурда ал ата-энелер менен мугалимдер адаттагыдай эле сөз кылган одоно жыныстык дифференциация үй-бүлөдөгү туура эмес тарбиялык таасирдин натыйжасы деп эсептеген [97, 9-б.]. Ошентип, согушка чейинки мезгилдеги советтик педагогикада жана мектеп практикасында уландар менен кыздардын ортосундагы табигый жыныстык айырмачылыктар бар экендиги шек туудурган эмес, ошондуктан талкууланган эмес, бирок алардын тарбиялоо процессиндеги мааниси, мурда калыптанып калган салттан айырмаланып бурмаланган. ЖОЖдорго келсек, аялдардын жогорку билим алууга жетишкендиги кесиптик чөйрөдөгү гендердик иерархияны өзгөртө алган жок. Политехникалык окутууну уюштуруу эмгектин социо жыныстык бөлүнүшүнө негизделген. Аялдардын өндүрүшкө тартылуусу биринчи планда турган, ал эми үй менен үй-бүлө

акыркы планга жылдырылган. Демек, бул кырдаал аял затынын укуктарын кеңейткени менен гендердик-ролун толук аткарууга кедергисин тийгизгенин танууга болбойт.

Жогорку обзорлордо белгиленгендей советтик педагогика илиминде «гендер» термини пайдаланылган эмес. Көптөн бери илимий изилдөөлөрдө, билим берүү программаларында, педагогика боюнча окуу китептеринде негизинен балдар жана кыздар эмес, «балдар» жана «окуучулар» деген түшүнүктөр гана болгон. Гендердик мүнөздөмөлөргө тиешелүү нерселердин баары – түрдүү жыныстагы өкүлдөрдүн идеялары, кызыкчылыктары, жүрүм-турум өзгөчөлүктөрү – илимий-методикалык адабияттарда иш жүзүндө чагылдырылган эмес. Белгилей кетчү нерсе, гендердик билим чындыгында расмий педагогика тарабынан тыйылганына карабастан, бул көйгөйдүн айрым аспектилери педагогикалык теорияда жана практикада чагылдырылган. А. С. Макаренко жана В. А. Сухомлинскийлер өсүп келе жаткан муунда эркектик жана аялдык сапаттарды тарбиялоо милдетин инсанды адеп-ахлактык жактан калыптандыруунун эң маанилүү милдеттеринин бири катары эсептешкен.

А. С. Макаренко гендердик тарбия көйгөйүн жыныстык тарбияны жалпы адеп-ахлактык тарбиядан бөлбөй, баланын бүткүл инсандыгын калыптандыруунун биримдигинин көз карашынан караган [118].

В. А. Сухомлинский үчүн уландар жана кыздарга айырмалуу мамиле жасоону педагогикалык иштин негизги принциптеринин бири катары караган. Ал окуучулардын жарандык, адеп-ахлактык, этикалык жактан жетилгендигин калыптандыруунун эң маанилүү шарты катары алардын чыныгы эркек жана чыныгы аял заты катары социалдык ролун аңдап-түшүнүүсүн эсептеген. В. А. Сухомлинский уландар менен кыздарды тарбиялоону параллелдүү эмес, бири-бири менен байланышкан жана өз ара көз каранды процесстер катары караган. Анын пикири боюнча, коллективдин иш-аракети атайын эркек-аял иш-аракеттери болбостон, иш-чараны ишке ашырууда кыздар менен балдардын орду жана ролу гана айырмалангандай уюштурулушу керек [166].

Советтик илимде гендердик социалдаштыруу жана гендердик педагогика

көйгөйлөрүнө көп көңүл бурган окумуштуу И. С. Кон болгон. Ал өзү белгилегендей, 1950-жылдардын орто ченинде илимде жыныс түшүнүгүн кайра карап чыгуу жана тактоо процесси башталып, анын натыйжасында «жаратылыш берген биологиялык жынысты жана маданият жараткан эркек менен аялдын социалдык касиеттерин айырмалап таануу» иш-аракеттерине жол ачкан [102, 189-б.].

Гендер маселелери түрк тилдүү мамлекеттерде, анын ичинде Кыргызстанда да колго алынып келинет. «Гендерный подход в системе образования Республики Казахстан» аталышындагы автордук монографияда Казакстанда интеллектуалдуу, атаандаштыкка туруштук берген улутту калыптандырууга өбөлгө түзө турган инновациялык гендердик мамиленин теориялык мазмуну жана түрдүү илимий интерпретациялары ачылып көрсөтүлөт. Гендердик-сезгич кадрларды даярдоо максатында гендердик дисциплиналарды иштеп чыгуу жана окутуу тажрыйбасына анализ жүргүзүлгөн Казакстандагы аялдардын мамлекеттик педагогикалык университетиндеги үзгүлтүксүз гендердик билим берүү матрицасын апробациялоого арналган бөлүм монографияда борбордук орунду ээлейт. Киргизилген дисциплиналар негизинен багытын психология багытында гана болуп педагогикалык аспекттеги билимдер окуу курсу окуу материалы катары долбоорлонбой келе жаткандыгы белгиленет [33].

Түркиялык окумуштуу М. Тархандын эмгегинде үй-бүлөнүн маданиятынын өнүгүшүнө жана маданияттын үй-бүлөнүн социалдык-маданий бейнесинин өзгөрүшүнө тийгизген таасири изилденген [202].

Баят тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөдө студенттердин жыныстык ролдору тууралуу стереотиптери бир катар факторлор тарабынан анализденген [195]. Изилдөөнүн жыйынтыгында кыздардын жыныстарына байланыштуу стереотиптери эркектерге караганда дагы жогору экендиги, салттуу топтогу эркек студенттердин кабылдоо деңгээлинин жогору экендиги, жаш, ата-энесинин билим деңгээли жана энеси бир жерде иштеген факторлор менен жыныстык ролдорго байланыштуу стереотиптер арасында айырмачылыктар жок экендиги аныкталган. Анар тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөдө университеттин студенттеринен жыныстык ролдоруна карата кыжырдануусу жана уялуусу

изилденген. «Бем жыныстык ролу шкаласы», «Ачуулануу шкаласы» жана «Уялуу шкаласы» колдонулган бул изилдөөнүн жыйынтыгында студенттердин жыныстык тарабынан бири-бирине жакын эркектердин көбүнүн эркекче, аялдардын көбүнүн назик экендиги белгиленген [192].

Кыргызстанда гендер маселеси эмгектерди тарыхый, философиялык, социологиялык, психологиялык, этнопедагогикалык өңүттө тике жана кыйыр түрдө изилденген. Тарых тармагындагы изилдөөлөрдүн катарына С. Абрамзондун [1], К. Б. Бектургановanын [30], Ч. Валихановдун [42], А. К Молдокасымовдун [134] И. П. Ювачевдун [192] эмгектерин кошууга болот.

К. Б. Бектурганова «Кыргызстандын асыл кыздары» аттуу тарыхый иликтөөсүндө Мифтердеги, дастандардагы, «Манас» эпосундагы Каныкейдин, Сайкалдын жана ар кайсы муундагы аялдардын кайталангыс образдары аркылуу алардын баатырдык, акылмандык, ишкердик, өз эли-жерине чексиз берилгендик сапаттарын айкын ачып көрсөткөн [30].

А. Жумагуловдун эмгектеринде улуттук каада-салттардын үй-бүлө куруу маданиятынын өзгөрүшүнө тийгизген таасирлери каралса [69], Р. Ачылованын эмгектеринде кыргыз үй-бүлөсүнүн салттык жана трансформацияланган түзүлүшү [26], Т. Ж. Шайдылдаеванын изилдөөсүндө айылдык үй-бүлөнүн демографиялык, социалдык өзгөчөлүктөрү талдоого алынган.

Али Үналдын эмгеги кыргыз үй-бүлө түзүлүшүн жана үй-бүлө куруу кубулушун социологиялык изилдөөнүн негизинде фольклордук, антропологиялык, этнографиялык булактардан кеңири колдонуп пайдалануунун натыйжасында үй-бүлөдөгү салттуу жана жаңычыл баалуулуктарды талдаган алгачкы монографиялык иликтөөлөрдөн болуп саналат [179]. Бул эмгекте үй-бүлө жана никеге байланыштуу маселелер социалогиялык өңүттө изилденип, алардын сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүн колдонуу тажрыйба катары сунушталган, кыргыз коомундагы үй-бүлө жана никеге тийиштүү маселелер салттык жана жаңычыл өңүттө каралып, мында автор өзгөрүү жана өнүгүүлөргө да кеңири токтолгон. Ал эми Д. Т. Молдокулованын «Кыргыздардын салттык жүрүм-турум маданияты (XIX кылымдын аягы XX кылымдын башы)» аттуу

эмгегинде башка маселелер менен бирге кыргыз коомундагы жубайлардын салттык жүрүм-турум мамилелери да талдоого алынган [135].

*Изилдөөлөрдүн өзгөчө тобун этнопедагогика багытындагы эмгектер түзөт.* Этнопедагогикалык изилдөөлөрдө улуттук тарбиялоо системасынын көп кырдуу тажрыйбаларынын контекстинде кыз балдар менен эркек балдарды үй-бүлөлүк ролдук маданиятка тарбиялоо маселелери да камтылган. Алсак, А. Алимбековдун эмгектеринде [12] аял жана эркектерге таандык социалдык, инсандык идеалдар тууралуу сөз болсо Б. Апышев [21], Ж. Бешимов [35], Ж. Карасартова [87], Т. Ормонов [147] сыяктуу ж.б. авторлордун эмгектеринде элдик педагогикадагы гендердик тарбиялоого байланыштуу айрым тажрыйбалар тууралуу фрагментардык маалыматтар берилет.

Кыргыз этнопедагогикасындагы гендердик-ролдук маданиятка социалдаштыруу багытындагы атайын изилдөөлөрдүн катарына А. Эргешали кызынын жана Р. Умарованын диссертациялык эмгектерин кошууга болот. А. Эргешали кызынын «Жогорку класстардын окуучуларын улуттук баалуулуктар аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо» аттуу диссертациялык иши жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун моделин түзүү жана аны ишке ашыруунун педагогикалык шарттарын аныктоого арналган [188]. Бирок, мында кыз балдар менен эркек балдарды гендердик-ролдук маданиятка тарбиялоо маселеси илимий айлампага алынган эмес. Р. Умарованын кыргыз элинин салттуу тарбия маданиятындагы кыз балдарды социалдаштыруу тажрыйбалары жана алардын азыркы таалим-тарбия мейкиндигиндеги трансмиссиясы изилдөөгө алынган [177]. Биздин пикирибизде бул эмгекте салттуу кыргыз коомундагы кыз балдардын социалдык ролдук маданияты тууралуу маалыматтар бүгүнкү күндө аларды тарбиялоонун мазмундук ориентирлерин иштеп чыгууга негиз боло алат.

Адабияттар анализи биздин диссертациябыздын алкагындагы негизги категориялардын бири болгон студенттердин курактык-психологиялык жана инсандык баалуулуктарынын анын ичинде гендердик өнүгүш өзгөчөлүктөрү тууралуу илимий билимдер базасы өнүгүп келе жаткандыгын көрсөттү. Алсак,

Э. Эриксон жаштык куракта жашоо максаттарынын адам кийин жүзөгө ашыра турган пайдубалы түптөлөт деп ырастаган [189]. Адамдар жаштык куракта өз келечеги тууралуу олуттуу ойлонуп аларды жеке жана коомдук чөйрөдө аз аздан чындыкка айландыра башташат. Дал ушул куракта үй-бүлө жөнүндөгү маселе алардын жашоо стратегиясынын маанилүү багыттарынын бирине айланат. Ошентип студенттик курак (17 жаштан 23 жашка чейин) нике жана үй-бүлө мамилелеринин эң активдүү калыптануу мезгили болуп саналат. Бул куракта адамдын башкаларга кам көрүү, алардын жашоосуна катышуу муктаждыгы мезгилинде байланыштарды түзүү зарылчылыгы (Э Фромм) ортого чыгат. Ошону менен бирге, азыркы шартта студенттик мезгилде гендердик-ролдук жүрүм-турумду калыптандыруу маселеси коомдо жана жаштар чөйрөсүндө болуп жаткан көптөгөн өзгөрүүлөргө байланыштуу актуалдуу болуп жатат. Рухий кризистин күчөшүнүн шартында адеп-ахлактык багыттардын жоголушу, өзгөчө майда этностук топтор үчүн элдик үй-бүлөлүк салттардын бузулуу тенденциясы ачык байкалат. Үй-бүлө баалуулуктары, нике мамилелери, бала-ата-эне, жыныстык-ролдук мамилелер жана функциялар олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болуп, көбүнчө массалык субмаданияттын үлгүлөрү менен алмашты. Маалыматтык чөйрөнүн социалдашуу процесстерине олуттуу таасир эткени да маанилүү. Көптөгөн эксперименталдык изилдөөлөр массалык маалымат каражаттары студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын натуура өнүгүшүнө олуттуу таасири этип жаткандыгын көрсөтөт. Көпчүлүк үй-бүлөлөрдө улуттук баалуулуктарга карама-каршы келген зордук зомбулук, прагматизм индивидуализм сыяктуу илдеттер жайылып жаткандыгы байкалат. ул курактагы жаштардын айрыкча ЖОЖ студенттеринин гендердик маданиятын калыптандыруу маселелери М. В. Бояркина [39], Ш. И. Булуева [40], В. В. Дудукалов [64], И. С. Клецина [94], С. С. Лузан [115], И. И. Лысова [118], Е. С. Сахарчук [160], Н. А. Сухорукова [167], М. А. Толстых [176] ж.б. изилдөөлөрүндө колго алынган.

С. С. Лузан тарабынан ЖОЖдун окуу процессинде гендердик социалдаштыруу аркылуу студенттердин кесиптик даярдыгын

калыптандыруунун педагогикалык шарттары изилденген [115]. В. В. Дудукалов [64] жана М. А. Толстыхтын [176] изилдөөлөрүндө ЖОЖдун төмөнкү курсунун студенттеринин жыныстык ролдук жактан тарбиялоо гендердик идентүүлүгүн калыптандыруу маселелери каралган. И. Б. Игнатова [75], А. В. Кирилина [90], Н. К. Кубанева [104], И. И. Лысова [116], Т. Е. Овчинникова [144], Е. С. Сахарчук [160] жана башкалардын изилдөөлөрүндө чет тилдерине үйрөтүүнүн гендердик аспекттери каралган. М. В. Бояркинанын [39] эмгегинде ЖОЖдун студентинин инсан катары гендердик-ролдук жүрүм-турумунун атайын бөлүнүп алынган стилдеринин компоненттеринин мазмундук мүнөздөмөлөрү иштелип чыккан. Биздин изилдөөбүзгө жакын диссертациялык эмгек Ш. И. Булуевага таандык [40]. Бул эмгекте вайнахтардын салттуу этикасын, үй-бүлөлүк каада-салттарынын негизинде «студенттердин жыныстык-ролдук жүрүм-турумун калыптандыруу» түшүнүгүнүн маңызы жана мазмуну такталган; вайнах этикасын жана маданиятын (болочок үй-бүлөлүк жашоо, эркек/аял образы, бала-ата-энелик жана күйөө менен аялдын ортосундагы мамилелердин идеалы жөнүндөгү түшүнүктүн бар экендиги) өздөштүрүү учурундагы студенттердин негизги сапаттык мүнөздөмөлөрү аныкталган [40]. Изилдөөдө көптөгөн фольклордук, этнографиялык, социологиялык фактыларды этнопедагогикалык өңүттө талдоонун негизине вайнахтардын үй-бүлөсүндөгү аял эркектин өз ара мамилеси салттык үй-бүлө этикасынын курамдык бөлүгү катары айкындалган.

Теманын изилдениш абалы педагогика илим тарыхында окуу-тарбия процессин жыныстык өзгөчөлүктөргө шайкеш уюштуруу маселелери эч бир доордо көңүл сыртында калбай түрдүү деңгээлдеги ойлор менен коштолуп келген. Бул аңдоонун абалы маселени илимий жактан окуу тарбия процессин балдардын табигый өзгөчөлүктөрүнө карай уюштуруунун психологиялык-педагогикалык негиздерин тереңдеп изилдөө канчалык даражада жолго коюлушунан көз каранды болгон. Ушул ыңгайдан алып караганда ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү маселесин изилдөөгө өбөлгө болуучу теориялык негиздер түптөлгөнүн белгилөөгө болот. Бирок, азыркы күнгө чейин кыргыз элинин салттык баалуулуктарын студент

жаштардын гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүдө колдонуу маселелери боюнча атайын изилдөө жүргүзүлгөн эмес.

### 1.3. Жаш муундарды гендердик-ролдук маданиятка тарбиялоо багытындагы кыргыз элинин салттык педагогикалык баалуулуктары

Мурдагы бөлүмдөрдө белгилегенибиздей гендердик роль, бир жагынан, адамдын коомдогу жүрүм-турумун аныктаса, экинчи жагынан, ал өз ара мамиледе болгон жана баарлашкан адамдар менен болгон мамилесин болжолдойт, ролдорду калыптандырат «Гендердик-ролдор салттар, социалдык, саясий, экономикалык жана маданий күчтөр тарабынан түзүлөт же аныкталат. Бул көз караштан алганда, эркектер менен аялдардын гендердик категориялары (гендердик-ролдору) убакыттын өтүшү менен жана маданияттар боюнча өзгөрүп турат, туруктуу же стационардык эмес. Бул социалдык жана маданий курулуш» [196, 462-б.].

Маданият – бул тил жана башка коммуникациялык каражаттар аркылуу муундан муунга өтүп олтурган жүрүм-турум формаларынын ишенимдеринин, баалуулуктарынын, мамилелеринин жыйындысы. Гендердик маданий ролдорду түпкү эволюциялык өңүттөн алып караганда орток жагдайлар арбын экендигин этибарга албай коюуга болбойт. Маселен, дээрлик баардык коомдордо ичүү үчүн саптуу чөйчөк колдонулат. Ошентсе да, бул кармагычы бар «гендик чөйчөк» бар дегенди билдирбейт. Тескерисинче, элдер мындай окшош зарылдыкка окшош чөйчөк жасап алуу менен жооп беришкен. Ар кандай маданият ареалында аялдар жана эркектердин гендердик-ролу тууралуу айырмалуу түшүнүктөр, ереже салттар жашаары жалпыга маалым. Гендердик- ролдор үй-бүлөдө калыптана баштайт. Кыздар кичине кезинен: кыз деген назик, кыялкеч, алсыз, эмоционалдуу, сулуу, тыкан, камкор болушу керек деп тарбияланат [199]. Балдарды, тескерисинче, күчтүү, чечкиндүү жана чыдамкай болууга, ыйлабоого, эмоциясын жашырууга үйрөтүшөт. Балдар кызгылт түстүү кийим кийбеши керек, кыздар тапанча эмес, куурчак ойнойт деген нормалар... Күтүүнүн так

ушул комплекси балдар менен кыздарда коомчулук «алгылыктуу», «жагымдуу», «ылайыктуу» деп тааныган гендердик-ролдорду калыптандырат [199].

Кыргыздардын салттуу маданиятында гендердик мамилелерге байланыштуу баалуулуктар үй-бүлөдө жаралып муундан муунга салттык билим катары жана мурасталып кайра жаралып, өнүгүп олтурган.

Кыргыз тилинде аял эркек ортосундагы гендердик мамилелерди карама-каршы полюстагы чектерине байланыштуу жалпы сөздөр, түшүнүктөр кездешет. Маселен чечкиндүү, убада шертке ылайык өз мезгилинде аткарылган ишти «Эркекче болуптур» деп коюшат. Ошону менен бирге убададан тайган учурда «Эркекче болбой калыптыр» деген ирония таризиндеги сыпаттама туюнтмалар кездешет. Муну аялдар менен эркектердин иш-аракетин айырмалоо эркектердин ролдук бейнесине, маданиятына коюлган бийик талап катары кароого болот.

Кыргыздардын адам табияттын бир бөлүгү деген туюму курчап турган ааламды адамзададан жолу улук деп эсептөөсү, жандуу жаратылышка сыйынуусу тарбиялоо ишин табиятка шайкеш жүргүзүү салтын калыптандырган. Кыргыз коомунда эркек жана кыз балдардын гендердик табигый streotиптерине шайкеш келбегендиги башка адептик нормалардан оолакташына өбөлгө болуучу кооптуу факт катары каралган.

Ошондуктан коомчулук «Кыздын кыздай, кыштын кыштай болгону жакшы» дешип, ар бир баланын өз жынысындагы калыпка салынып калган сапаттарга ээ болушун талап эткен.

Буга байланыштуу Калыгул ойчул акын «Эркек үндүү аялдын уяты жок, катын үндүү эркектин кубаты жок», – деп тыянак чыгарат [9, 43-б.].

Кыргыздардын салттуу маданиятында гендердик мамилелерге байланыштуу баалуулуктар үй-бүлөдө жаралып муундан муунга салттык билим катары жана мурасталып кайра жаралып, өнүгүп олтурган.

Кыргыз үй-бүлөсү патриархалдык жамаат болгондуктан анын маданий алкагы кандаш туугандар, бир уруу мүчөлөрүнөн, түрдүү жамааттардын өз ара таасир көрсөтүү аракеттеринен турган. Адатта кыргыз үй-бүлөсү чоң ата, чоң эне, ата-энеси, балдары, неберелери болуп бир нече муундун өкүлдөрүнөн

турган. Мындай үй-бүлөлөрдө чоң аталар мыйзамдуу үй-бүлө башчысы катары эсептелип кийинки муундардын коом мүчөсү катары калыптанышына жооптуу болгон.

Салттуу коомдо тукум улоо эң башкы баалуулук катары калыптангандыктан балдары белгилүү куракка жеткенде аларды үйлөндүрүү ата-энелердин тикеден тике башкы милдеттеринин катарында турган. Кыргыз фольклорунда үй-бүлө куруу, жубай тандоого байланыштуу салттык түшүнүктөр ар тараптуу чагылдырылган.

Ата-энелердин негизги милдети балдары нике курагына жеткенде үйлөндүрүү болгон. Кыз же күйөө тандоодо «тегине» чоң маани берилген. Кыргыз элинде «Катын албай кайын ал, Тектүү жерден кыз ал» деген илгертеден келе жаткан осуят сөздөр бар. Тектүү жерден келин алуу же кызын тектүү, нарктуу жерге узатуу ата-энелердин тилеги болгон. А. Алимбеков бул жагдай тууралуу минтип жазат: «Мындагы «тектүү» деген сөз кээ бирлер тескери чечмелеп жүргөндөн, кайын журттун материалдык жактан жетишкендиги, байлыгы дегендик эмес. «Тектүү» деген түпкү ата-тегинен бери эл ичинде каадалуу адамдык сапаттары бийик, нарктуу, өсүп-өнгөн, өрнөктүү адамдардын мураскери деген түшүнүк. Ошондуктан, куда-сөөк күтүүдө санжырага таянып алардын ата-тегин сүрүштүрүп билип, астейдил акылдашып, анан бүтүмгө келишкен. Анткени, санжырада кай тукумдун канчанчы муунунда кандай мыкты адамдар өткөндүгү өзүнчө жомоктолуп айтылат» [12].

Элдик макалдарда бул иш-аракеттин жүйөөсү төмөнкүчө ырасталат: «Адам түбүн тартат», «Жакшыдан жакшы туулат, жамандан жаман туулат» – деп тыянак чыгарышкан. Бул элдик педагогикалык көз караш «Аккан арыктан суу агат», «Алма дарагынан алыс түшпөйт», «Казанда болсо чөмүчкө чыгат», «Тулпардын изи суубайт», «Уздан учук артат».

Айрыкча келин менен күйөөнүн ата-бабаларынын эмгекчилдиги, коомдук арбоюу чоң роль ойногон. Алардын өмүр жолу менен жашоодогу өрнөктөрү келечектеги балдардын ден соолугуна жана мүнөзүнө таасир этиши мүмкүн деп эсептешкен.

Кыргыздардын салттык түшүнүгүндө табиятта бардык нерсе жуп болуп бири бирисиз жашоо кечире албайт. Биздин пикирибизде жубай сөзүнүн башатында «жуп», «шерик» сөзү жатат. Бул сөздүн өзүндө бири-бирине тең укуктуу эки жыныстуу адамдын жашоо формасынын маани-маңызы ачыкталат.

Казак окумуштуусу А. С. Ибраева да «О некоторых особенностях правовой культуры казахского народа» деген эмгегинде белгилеп, казактардын бирдей укугу «жубай» деген сөз менен ырасталат деп бекемдеген [74, 27-б.]. Бул сөз эрди-катын укуктар менен милдеттери бирдей эки жыныстагы адамдардын өз эрки менен биргелешип жашоосун аңдатат. Каршы жыныстагы эки тарап коомдо кабыл алынган эреже нормаларга ылайык үй-бүлө бирикмесин түзүшүп жаңы коомдук субьекттик милдеттерди аткарууга киришет. Жубайлык гендерлик мамиледе өз ара ымала бири-бирин толуктоо аркылуу гана гармония жаралаарына басым жасалат. Бул багыттагы элдик пикирлер «Аял жакшы – эр жакшы, вазир жакшы – хан жакшы», «Жакшы аял жаман эркекти орто кылат, орто эркекти жакшы кылат, жакшы эркектин даңкын чыгарат», «Биринчи байлык ден соолук, экинчи байлык ак жоолук», «Алысты жакын кылган кыз, ачууну таттуу кылган туз», «Аталуу жетим арсыз жетим, энелүү жетим эрке жетим», «Эрди эр кылган да, жер кылган да – аял» сыяктуу макалдарда таасын чагылдырылат.

Ар кандай коомдун, улуттун гендердик маданияты баарыдан мурда ошол коомдогу аял затына карата мамиленин даражасынан көз каранды. Экинчиден гендердик маданияттын нормативдик канондору ошол коомдо түптөлгөн аялдардын идеалдык образы менен өлчөнүп бааланат. Үчүнчүдөн, коом тарабынан жогорку баалуулук катары кабылданган гендердик-ролдук маданиятты камсыз кылууга калыптандырууга багытталган улуттук таалим-тарбия системасы менен аныкталат.

Кыргыздардын салттык турмушунда кажар күчтү талап кылган эмгектин түрлөрү арбын болгондуктан, турмуш тиричилик өткөрүүдө аялдарга салыштырмалуу эркектердин ролу өзгөчө болгондугу акыйкат. Кыз туулса кырк

байтал, уул туулса союл кармаар» деп айтылат. Мунун маанисинде кыз байлык алып келет, уул элин коргогон жоокер болот деген түшүнүк жатат.

Мал көчмөндөрдүн мүлкүн түзгөн. Тууганларын жана алардын мүлкүн коргоо негизги иштердин бири болуп саналган. Бирок, бул жагдай салттык гендердик маданиятта эркектердин ордун абсолюттук мааниде аялдардан артыкча карашкан эмес. Үй-бүлөлүк турмушта аялдын орду да чечүүчү мааниге ээ болгон. Салттык мал чарбачылык эмгек кыргыздарда гендердик-ролдордун тең салмактуулугунун сакталышынын обьективдүү себептеринин бири болгон. С. М. Абрамзон белгилегендей: «Кыргыздын чарбачылыгында ар кыл үй тиричилик жумуштары кыйла маанилүү орунда турган, ал тиричиликтер мал чарбачылыктын продуктуларын иштетүү менен байланышкан. Эркектер жазында жана күзүндө кырккан койлордун жүнүнөн аялдары ийик менен жип ийришкен. Алар өрмөктө ошол жиптерден таарлардын түркүндөрүн токуп кементай, чепкен, чапан, шым, кап, куржун, ошондой эле боз үйдүн эмеректерин, жипшуруларды даярдашкан» [1, 354-б.].

Кыргыз элинин тарыхый өнүгүш этаптарындагы гендердик маданияттын дүйнөлүк маданият дөөлөттөрү менен тектеш өрнөктөрү тууралуу Ч. Айтматов төмөнкүдөй деп жазган: «Эпостун бийик гуманизми ыймандык сабагындагы таасын тартылган аялдын образынан эле сезилет. Ал гана эмес, бүгүнкү күндүн эстетикалык талабы, түшүнүгү менен мамиле этсең, эпостогу аял анчейин ишкер, колунан көөрү төгүлгөн уз гана эмес, эң оболу ал өзүнчө сын көз карашка ээ болгон индивид, инсан. Ошону менен бирге ал жоокердин теңтайлаш шериги, акылман кеңешчиси, баатырдыгынан да кем калбаган жан жолдошу. Ошол түнт заманда дүйнөлүк прогресинин сырткары шартта жаралган элдин эпосунда аялга ушундай баа берип, аялдын акылын, ибаатын, ишмердүүлүгүн, баатырдыгын романтизациялаган көркөм чыгармага азыр да таң калбай кароого мүмкүн эмес» [4, 121-б.]. Атактуу кыргыз жазуучусунун бул пикири кыргыз элинин салттык маданиятын сырттан карап баалаган башка өлкөлөрдүн аалымдарынын байкоолору менен тастыкталган.

Алсак, Феликс Рокка өзүнүн XIX кылымдын аягына таандык «Памир жана Алай кыргыздары» аттуу эскерүү эмгегинде кыргыздардын гендердик маданиятына мындайча баа берген: «Алар эч качан жүзүн жаап, өзбек, тажик аялдарындай болуп басынышпайт, тескерисинче, өз эркектери менен тең катар укукка ээ болушат. Үй-бүлө жана уруу маселелери чечилип жатканда аялдардын оюу да сөзсүз эсепке алынат», – деп жазган. [151, 65-б.]. Саякатчы аялдардын коом турмушундагы функционалдык ролундагы айрым өзгөчөлүктөрдү төмөнкүчө белгилеген: «Ал тургай согуш учурунда же башка бир тополоң болгон күндөрдө да кыргыз аялы тынч отура албайт, кээде алар өз боз үйүнүн бейпилдигин коргоо үчүн кармашка кирген учурлар болгон. Байыркы авторлордун Каспий боюнда көчүп жүрүшкөн амазонкалар жөнүндөгү аңгемелери кыргыз жана түркмөн аялдарынын ат үстүндөгү турмушун элестетет. Эрктүүлүгү, чарбачыл акылмандыгы менен Азия талааларынын аялдары XIII кылымда эле Туран өлкөлөрүнө саякатка барышкан европалыктарды таңдандырган» [151, 46-б.].

Ал эми И. П. Ювачев Курманжан датка жана ал жашаган кыргыз коомундагы аял затынын статусун тектеш кошуна элдер менен салыштырып артыкчылыктуу жактары бар экендигин мындайча моюндаган: «Адатта Түркстандагы мусулман аялдарынын эч кандай укугу болбойт. Күйөөлөрү аларды пулга сатып алган оокаты катары көрүшөт. Күйөөсү аялын башка кишиге көрсөтпөйт. Аял киши тышка чыгып калса бетин кара чүмбөттөп, башынан аягына чейин паранжы менен жаап алышы керек. Паранжы бир көргөн кишинин көзүнө өтө эле өөн учурайт. Кыргыздардын аялдары тышта болобу, үйдө болобу өз каалаганындай жүрө берет. Ал жүзүн бирөөдөн эч качан жашырбайт. Кийген кийимдери да кудум эле эркектердикиндей ийиндерине чаар чапан жабынышат, баштарында болсо ак элечек. Бир болгон айырмасы – аялдар элечекти ээк алдынан байланып алышат. Кыргыз аялы ат үстүндө эркин жүрөт, чарбачыл, конок-кечени жайдары тосуп алган үй ээси» [192, 250-б.]. Ал «Кыргыз аялы коомдук иштерге катышкан мисалдар да болгон», – деп кыргыз аялдарынын башкалардан өзгөчөлүгүн көрсөткөн. 1898-жылы «Туркестанские ведомости» журналына жарык көргөн бир маалыматта кыргыз аялдарынын ошол катаал

доордогу акыл дарамети өтө суктануу менен мүнөздөлүп анын себеби «бул жерде эч таң кала турган нерсе жок, анткени кыргыздарда акылдуу аялдар зор таасирге бөлөнүп келген», – деп ачыкталат [192, 248-б.].

Соңку доордогу бул интегралдык бүтүндөмө мүнөздөмөлөрдөн байыртан бери кымындайдан кыналып, түптөлүп, калыптанып келген уңгулуу маданияттын издерин көрүүгө болот. Бул маданияттын баалуулуктарынын башатын байыркы мифтерде да катталып калган. Аялдар тууралуу байыркы маданияттын уңгулары обол Умай эне феномине топтолгон. «Байыркы түрк тилинде «умай» – баланын тону, эненин жатыны. Тибетче «ума» – эне. Монголчо «курсак» деген маанини билдирет. Волга боюндагы татарларда да «ума» – «курсак» деген маанини берет. Мына ушул түшүнүктүн баары аялзатынын тукум улоочу касиети менен байланышкан. Кыргыз тилинде «умай» жомоктогу асманда уялаган сыйкырлуу кушту билгизет. Ал перстердин дүйнөлүк даракта байырлаган кушту билгизген хума деген сөзүнөн ооп кирген. Умай Кудай түшүнүгү качандыр бир кезде байыркы жалпы адамзаттык мотив менен бардык жандууну жаратуучу тукумчулдуктун, түшүмдүүлүктүн символу» [30].

Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө умай эне түшүнүгү байыркы кыргыздардын көз карашына тектеш мааниде төмөнкүдөй чечмеленет: *(мим). Умай* – жолдош, эш, тон (аялдар төрөгөндө баладан кийин түшө турган баланын жолдошу). Адатта кыргыздар төрөт үстүндө Умай энени оозго алышкан. Макалда мындай деп келет: *«умайыңа табынса уғул болор»* – умайга (умай энеге) сыйынса, уул болор [132]. Төрөткө ким жардам берсе ал уулдуу болот. Аялдар муну жакшылыкка жорушкан.

С. М. Абрамзон өз эмгектеринин биринде «Умай энени ириде балдардын, аялдардын төрөт учурундагы колдоочусу катары урматтоо сакталып калгандыгы айтылган» [2].

Мифтик ишенимдерге ылайык эреже катары Умай эне баланы энесинин курсагына уютуудан мурда аны сүт менен сүртүп чыгат. Ошондуктан умай энеге сыйынуу учурунда алардын жанында сүт куюлган идиш туруусу шарт болгон. Булардан улам Умай энени сүт менен символдоштурган башка ишенимдерде

учурайт. Алсак, түшүм же төл арбын болуп, кут береке төгүлгөн жылдары «Умай эне сүтүн төгүп», «байлык», «дөөлөт», «береке» келди деп эскеришкен. Элдик аңыздар боюнча түндүксүз түштүк болбогондой эле умай дүйнөнүн, барлыктын түп башатынын бир тарабы эркек болсо, экинчи түгөйү аял заты катары ачыкталат. Ошондуктан ал балдардын гана эмес майдандагы эрендердин колдоочусу, коргоочусу катары ортого чыгат. Айрым учурда алыскы жолго аттандырган үй-бүлөлөрдө «Умай энеге табыштадым», – деп өздөрүнө бекем ишенимде калышкан. Ал тургай балдарын өз колдору менен дарылагандар да Умай эненинин атынан жасап жатканын тастыктоо үчүн «Менин колум эмес, Умай энемдин колу», – деп айтышкан.

Кыргыздар арасында Умайдын образынын бекем орношунун мисалын руханий мурастардан да, материалдык маданият эстеликтеринен да көрүүгө болот. «Манас» эпосунда Чыйырдынын толгоосу узак созулуп кыйналып, жаны көзүнө көрүнүп турган чакта Умай Эне жардамга келет:

Умай Эне – периште,
Кирип келди эшиктен,
«Айтканымды ук деди,
Кана, сыртка чык» деди.
Куйругуна домдоду,
Кудай ишин оңдоду.
«Чыккын!» деди чакырып,
Энесинин ичинен,
Бала түштү бакырып... [30, 6-б.].

Ошону менен бирге материалдык маданияттын үлгүлөрүнө жаткан килемдерден, туш кийиздерден жана зергерчиликтен Умай эненин образын жолуктурууга болот.

Салттуу кыргыз коомунда аял затына жубай катары өтө чоң милдеттер жүктөлгөн. Салттуу коомдогу аялдардын гендердик-ролу бир катар чыгармаларда сыпатталат. Алсак, түрк тилдүү элдерге таандык «Коркут ата китебинде» аялзаты төрт түргө бөлүнүп көрсөтүлөт. Биринчилерине, үй-бүлөнүн

тиреги, үйдүн куту, меймандос аялдар кирет. Мындайлар «Айша менен Фатимадан» бата алгандар. Аялзатынын экинчи түрү ынсапсыз, каниетсиз дарты тамак-аш, бир чөйчөк айранды башына көтөрүп кардын кампайтып жүргөндөн артык нерсени эңсебейт. Алардын үчүнчү түрү – түшкө чейин уктайт, үй оокатын жыйнабайт. Казан аягы жуулбайт, уйу саалбайт. Булар, ушак айтып, кечке чейин айыл кыдырган аялдар. Булардын төртүнчүсү – тилге кирбеген, келген кеткен адам менен иши жок, адамгерчилиги төмөндөр. Аялзатына Коркут ата тарабынан берилген мүнөздөмөлөр кыргыз элинин турмушуна терең сиңген элдик көз караштар менен тамырлаш [14, 15].

Изилдөөчү А. Алимбеков [12] жана Р. Умаровалардын [177] изилдөөсүндө кыргыз аялдарынын гендердик-ролунун критерийлери «Үйдүн куту, акыреттик жар», «Сырткы ажар менен жан дүйнө аруулугунун шайкештиги», «Айлакер акылман, тил билгилик», «Кайын журтунун улуу кичүүлөрүнө ызаатчыл, сыйчыл насил», «Тууган аралык биримдиктин данакери», «Кең пейилдик, колу ачыктык», «Жайыл дасторкон, меймандостук», «Мээрман энелик, табигый тарбиячылык», «Мээнеткечтик, чебер уздук» сыяктуу түшүнүктөрдүн чегинде аңдап анализденген.

Жогоркудай жана башка мүнөздөмөлөргө таянуу менен инсандын гендердик-ролдук маданиятын «Жубайлардын өз ара бири-бирин толуктоосу», «Мээнеткечтик, эптүүлүк, сындуулук», «Тукум улоо, ата-эне болуу», «Ак никеден балалуу болуу», «Ата-энелик ролдук педагогикалык функция», жубайлардын өз ара мамилесинин салттык нормалары төмөнкүдөй баалуулуктардын чегинде талдоону туура деп эсептейбиз.

*1. Жубайлардын өз ара бири-бирин толуктоосу.* Кыргызда үй-бүлө өз ара бири-бирин толуктаган жубайлар союзу катары кабылданган. Буга байланыштуу "Эки бакыр, бир тукур» деген макал бар. Анын түпкүрүндө аял эркек баш кошсо мейли алар экөө тең кембагал болсо да бири-бирин сүйөп, таяп олтуруп очор-бачар болуп толук кадыресе үй-бүлөлөрдүн катарына кошулуп кетет деген үмүт тилек жатат. Бирок, салттык көз караштa үй - жубайлар союзунун бекемдиги

аялдардын гендердик-ролдук функцияны аткаруу даражасынан көз каранды болот.

Үй-бүлө институтунда аялдардын негизги ролу - аял болуу. Башка ролдор кийин келет. Мисалы, эне болуу. Эркек адам өзүнүн эмгекте жана башка чөйрөдө майда-чүйдө тиричиликке алаксыбай өзүн көрсөтүүсүн камсыз кылган, ага арка бел болгон адам. Ал эркектин жакасын агартып, тапканын эки кылып, оокат ашын белендеп очоктун отун өчүрбөй, казанын кайнатып берекесин арттырып туруучуга милдеттүү. *«Кыздуу үйдө кыл жатпайт», «Аял кишини ашынан тааны», «Аялдын азабы көп, түйшүгү түмөн»* деген макалдар дал ушуну туюнтуп турат. Ошону менен бирге, андай аял эркектин талабын кабак кашынан байкап, ар дайым сый ызаат менен мамиле кылат. Элдин талабына ылайык жакшы аял эң обол өз күйөөсүн сыйлап жакшысын чыгарып жаманын жашырып сыр сактаган акылгөй адам. Эр сыйлоодо майда барат эч нерсе болгон эмес. Бышкан тамакты эң обол күйөөсүнө куюп берген. Күйөөсү сыртта жумуштап кармалып калса, анын кесесине куюп анан башкаларга бере баштаган. Изилдөөчү Д. Молдокулова белгилегендей «Күйөөсүн сыйлоо, анын кийим кечесине урунган буюмдарына аяр мамиле жасоо кыргыз аялына мүнөздүү сапаттардан болгон. Ал жубайынын кийимин, курал жарагын ат жабдыктарын жерге таштаган эмес жана аларды тебелеп аттап же алардын үстүнө олтурган эмес. Ошондой эле балдарынан да ушундай кылууну талап кылган» [135, 32-б.].

Кыргыз үй-бүлөсүндө аялдын күйөөсүнө «атасы», «балдардын атасы» сыяктуу ар кандай сөздөр менен атап, ага сиз деп кайрылганы да анын балдардын алдында аталык таасирин, жоопкерчилигин арттыруу багытындагы изги адеп болгон.

Кыргыз коомунда эркек адам үйлөнгөндө аялдын, үй-бүлөлүк жоопкечиликтин таасири менен оң багытта олуттуу өзгөрөт деген түшүнүк жашайт. Ошонуктан көчмөн кыргыз коомунда эркектер жар тандоодо алардын акыл парасатын биринчи орунга коюшкан. «Манас» эпосунда Манасты Манас кылган Каныкейдин акылгөйлүгү деген сөздү бүт эл оозунда талашсыз чындык катары айтылган. Эл ичинде Курманжан датканын акылдуулугуна, тил

билгичтигине карай көбүнчө «Акылдуу», «Акылга терең», «Акылы артык», «Адамдан бөлөк акылы», «Ыраазы кыла сөз айткан» –деген эпитеттер арбын учурайт. Тарыхый маалыматтарда Курманжан датканын акылмандыгын, кыраакылыгын чагылдырган окуялар арбын кездешет.

2. *Мээнеткечтик, эптүүлүк, сындуулук.* Этнопедагогика илиминин негиздөөчүсү академик Г. Н. Волков: «Эмгек аркылуу тарбиялоо – бардык элдердин педагогикасындагы негизги көйгөй, ал эми эмгекке болгон сүйүү бул тарбия берүүнүн башкы камы болуп эсептелинет. Эмгектенүүсүз эстетикалык, дене жана адеп-ахлактык тарбия алуу мүмкүн эмес. Эмгектенүү – тарбия берүүнүн чыныгы мүнөздөгү каражаты, ал эми эмгектенүүгө болгон сүйүү – тарбия берүүнүн акыркы натыйжасы болгон», – деп жазган [50, 132-б.]. Муну бардык коомдордун анын ичинде кыргыздардын гендердик маданиятынан да көрүүгө болот. Элдик макалдардагы «Иши жоктун, ашы жок. Адамды сөзүнөн таанибайт, ишинен таанийт» деген туюнтмалар кыргыз үй-бүлөсүнүн бакубаттуулугунун негизги шарты жубайлардын эмгекке даярдыгы, өнөрү болуп эсептелгендигин ырастап турат.

3. *Кыргыз жомокторунда уландар менен жигиттер* өзүнүн үй-бүлөлүк турмушка даярдыгын тастыкташ үчүн өнөрүн эл алдында көрсөтүү сыноосунан өтүшкөн. Мындай өнөргө ээ болуунун чектери ченемсиз болгон. Алсак, мал чарбасы менен алек болгон эркектер төмөнкүдөй эмгектин түрлөрүн бакубат өздөштүрүшү зарыл болгон:

– малга аш болумдуу табигый чөптөрдү асылдуулугуна карата ажыратып таануу;

– алардын кайсы мезгилде бышышын жана алардын азыктуулугун жоготпой, коромжусуз оруп жыйноо;

– малдарды өзгөчөлүктөрүнө карай түрдүү мезгилдерде, түрдүү жайыттарга жайгаштыруу;

– жан-жаныбарларды журттан журтка көчүрүү;

– мал жаныбарларды ooру кырсыктардан сактоо, зарыл учурда дарылоо;

– мал союу, устукандоо, бышыруу, ырасымга ылайык конокторго тартуу;

– үй эмеректерин жасоо;
– ат жабдыктарын жасоо;
– отун алуу, отун жаруу ж.б.

Ошону менен бирге, ар бир жигит жоо келгенде даяр жоокерге айланып, эл жерин коргоого даяр болуш керек болгон. Ошон үчүн кыргыздар эркектерге «Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат», – деп аларды бардык чөйрөдө арка бел тутушкан.

Аял заты ар качан үй ичи жана үй сыртындагы эмгеги аркылуу таанылган. Ал эми «Жабуулуу кара инген» үй турмушунда бардык түйшүктү мойнуна алган, уздугу, чеберчилиги менен айырмаланган, ушак-айыңга кошулбаган, ашыкча кеп сөзү жок, көтөрүмдүү, көпчүлүктүн ишине активдүү катышкан аял. Аял затына карата мындай аныктамалар «Манас» эпосунда да учурайт: «Ак көрпө жайыл ургаачы, Аты элге дайын сындачы. Жабуулуу кара инген. Жакшысы элге билинген».

Каныкейдин калк кастарлаган касиеттеринин бири чебер уздугу, жанда жок мээнеткечтиги. Алсак, ал атса ок өтпөгөн, чапса кылыч кеспеген Ак олпокту алты ай бою уз кылып саймалайт, болот ийне менен шырыйт, аземдеп жасалгалайт. Көкөтөйдүн ашындагы балбан күрөштө Кошойдун кыргыздарга намыс алып бериши да Каныкейдин чебер уздугу, мээнеткечтиги менен байланыштуу, башкача айтканда, ал тиккен кандагай шым түздөн-түз жеңиштин өблгөсү болгону чындык. Ал эми чоң казатка аттанаарда жоокерлер үчүн жасаган соот-чопкутун, тамак азыктарын көрүп Манас ыраазычылык менен, «Атаң апаң дебеске, артылта камчы салбаска, артынан куну калбаска, Ак келтенин огу урсун, көк милтенин чогу урсун» деп ант берет. Аял затынын иштерман, мээнеткечтигине, кылган эткенине карата жогорку талап азыр да күчүндө. Айылга келген жаңы келин жөнүндөгү маалыматтар анын чырайы же башка касиеттери жөнүндө эмес, кылган эткени жөнүндөгү кептер менен башталат.

Кыргыз маданиятында аялдардын гендердик-ролдук сыпаттары эл көзөмөлүндө болуп кемчил жактарына берилген баалар эл оозунда сакталган

аңыз кептерде, макалдарда катталып калган. Алардын айрымдары төмөнкүлөр «Адеби жок аял кабанаак итке окшош», «Ажаан аялың болгуча, ажаан итиң болсун», «Бейжай аял белгисиз ыйлайт», «Жаман аял белгиси казаны калат жуулбай, кабы калат буулбай», «Жаман аял кетем деп коркутат, жаман эркек өлөм деп коркутат».

Гендердик-ролдук маданияттагы мындай кем өксүктөр айрыкча акындар чыгармачылыгында өзгөчө тема катары калыптанган. Эл ырчылары эл арасында айткан санаттарында аялдардын жосунсуз жоруктарына басым жасашып, маңдайында санатын угуп олтургандарды андай адаттардан алыс болууга чакырышкан. Айрыкча бул темадагы санат, термелер айрыкча кыз балдарды үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо, ал эми бойго жеткен уландарды жар тандоого багыттоодо өзгөчө мааниге ээ болгон.

Акылман Калыгул кадимки турмушта аялдардын турпатына туура келбеген жосунсуз жоруктары катары төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтөт:

Жаман катын белгиси –
Соксондой басып соку издейт,
Согончоктон ит тиштейт,
Баласын төргө чычырат,
Балтек, ме! – деп чакырат,
Балтеги үйгө кирбесе
Суску менен бир чабат,
Ырысы качкан жигитке,
Ошону менен аш куят.
Жаман катын белгиси –
Калдырак болот териси,
Карып болот эриси,
Талаага кетет талпактап,
Табагы жатат шалтактап,
Айылга кетет талпактап,
Аягы жатат шалтактап [137, 28-б.].

Бул ырлардан баамдалгандай жаман катын белгиси обол үй-тиричилигине айрыкча жөндөмсүздүгү жана балдарын татыктуу багуу, асыроого алсыздыгынан, айылчылап убакыт өткөрүү өнөкөтүнөн көрүнөт. Андайлар Баласын төргө чычырат, Балтек, ме!, – деп чыкырат. «Баладай камыр жуурат, балдарынын заманасын куурат». Дагы бир ырында аялдардын күнүмдүк тиричиликке даярдыгынын тайыздыгы төмөнкү деталдар менен толукталат:

Эки көмөч нан кылса,

Бети башы күл болот.

Аш бычагын колго алып,

Кырып-кырып тим болот.

Кандай заман күн болот?! [137, 143-б.].

Демек, мындан аял затынын балдарды багуу жана тарбиялоо билгичтиги эң башкы критерийлердин бири катары каралган.

*4. Тукум улоо, ата-эне болуу.* Үй-бүлө социиумду кайра өндүрүүнүн эң негизги социалдык институту. Польшалык белгилүү социолог Я. Щепанский белгилегендей «... бардык социалдык институттардын ичинен «ичинен өсүп чыккан» жалгыз социалдык организм үй-бүлө болуп саналат» [187, 95]. Өз кезегинде А. Г. Волков: «...үй-бүлө аркылуу адамдардын мууну алмашып, адамдын өзүнүн өнүгүүсү, уруктун уланышы камсыз болот...» деп белгилеген [48, 11]. Демек, улуттун уланышы үй-бүлөнүн тукум улоо ролдук биомаданий функциясы аркылуу жүрүп олтурат. Бул мыйзам ченемдүүлүк бардык дүйнө элдерине анын ичинде көчмөн кыргыздарга да өзгөчө таандык болгон. Кыргыз элинде баласыз үй-бүлө, үй-бүлө деп эсептелген эмес. Ошондуктан элибизде «Балалуу үй – базар, баласыз үй – мазар» дешкен. Кыргыздарда телегейи тегиз үлгү боло турган үй-бүлө катары көп балалуулар эсептелген. Төрөбөс аялдар үй-бүлөдө укугу жок болуп, абдан чоң кыйынчылыктарды башынан өткөрүп, айрым учурларда өмүр бою басынып, кээде турмушу трагедиялуу аяктаган. «Бээ туумайынча байтал аты калбайт, катын туумайынча келин аты калбайт», «Туубаган катындан улактуу эчки артык», «Куу баш болчу жигитке туубас катын жолугат» сыяктуу макалдар жөн жеринен чыкпаса керек. Ошентип, үй-бүлө

курса да, балалуу болбой, эртең бакытка тунган күндөр болор деген үмүт менен төрөбөгөн аялдар мазарларга барып, ар кандай ырым-жырымдар жасаган, ыйык жерлерге зыярат кылуу менен, жер-сууга да тайынышкан. Балалуу болуу эркектердин да коомдогу статусун аныктоочу күчкө ээ болгон.

«Коркут ата китебинде» да балалуу болууга аябай маани беришкен. Баласы жокторду Кудай каргаган, аларды биз да каргайбыз, дешкен. «Дерсе кан уулу Букаш тууралуу ырында» тойго келген коноктордун эркек баласы барларын ак боз үйгө, уулу жок бирок кызы барларды кызыл боз үйгө, уулу да, кызы да жокторду кара боз үйгө киргизет. Кара үйгө кирген конокторго кара кийизге отургузуп, кара койдун эти менен томат аралаштырып куурулган тамакты алдыларына коюп, жегендер жесин, жебегендер кетсин деген экен. «Же уулу, же кызы жок жандарды Алла Таалам өзү каргаган, биз да ошондой кылабыз» [197, 12-б.]. Бул жерде маани бериле турган нерсе, баланын Түрк элдериндеги орду чоң. Дерсе кан баласынын жоктугунан кара үйгө отургузулуп жазаландырылат. Бул Түрк элдеринде үй-бүлөнүн коомдогу орду балалуу болуп, болбогондугу менен да көрсөтүлөөрүн айтууга болот. Салттуу коомдо аял да эркек да тукум улоосуз жалпы инсандык өңүттө да, гендердик-ролдук аспектте да толук баалуу коом мүчөсү катары эсептелген эмес.

*5. Ак никеден балалуу болуу.* Кыргыз коомунда үй-бүлө ак нике аркылуу гана курулган. Нике – бул үй-бүлө куруу максатында, аял менен эркектин ортосундагы тең укуктуу жана өз каалоосу менен ишке ашырылган келишим. Жалпы түрк элдери, анын ичинде кыргыздардын түптүү салттарына ылайык ак нике гана үй-бүлө куруп, тукум улоонун негизги шарты катары каралган, б.а. бала ак нике аркылуу курулган үй-бүлөдө гана төрөлүшү шарт. Ак никесиз төрөлгөн балада кут болбойт. Бул идея жалпы түрк элдерине таандык «Бисаттын Төбөкөздү өлтүргөнү» аттуу аңгемеде ар тараптуу ачыкталат. Аруз Кожонун Адына Конур Сары деген койчусу «Узун булак» деген таанымал булактан пери кыздардын бирөөсүн кармап алат да, зордук менен жыныстык катнашка барат. Пери кыз канат кагып учуп: «Келерки жылы ушул убакта аманатыңды алып кет, бирок Огуздарга балакет алып келдиң», – деп көздөн кайым болот. Кийинки

жылы жайлоого келген Сары койчу булак жанынан күйүп турган бир топту көрөт. Ал арам никеден туулган Төбөкөз болгон. Төбөкөз мал жандыкты да чекесинен жалмап жеп Огуздарды тукум курут кыла баштайт.

А. Алимбеков адилет белгилегендей «Бул аңгемеде адам коомунда адеп-ахлактык салттардан тышкары адам пендесинин айбанаттык инстинктине ээ боло албагандыгынан улам никесиз төрөлгөн бала коом үчүн өтө коркунучтуу деген түшүнүк туюунтулат. Анткени, түрк элдеринин салттык түшүнүгүндө никесиз зынадан төрөлгөн балдар эл-журттун кутун учурат. Ошондуктан түрк элдеринде мындайларды «арам сийдик», «күмөн бала» деп аташып коомго кошушкан эмес» [14, 33-б.]. С. Иптаров белгилегендей «Салт бир нече доорлорду, замандарды кучагына алып, элди ички-тышкы деградациядан, опурталдуу кыямат-кайымдардан сактап, калкалап, көпчүлүктү элге, массаны калкка айландырып, анын адамзат алкагындагы татыктуу ордун камсыз кылып келет. Салт – эл турмушун тескеген туруктуу рухий-маданий эреже. Салт жоголсо, эл жоголот. Андыктан, аны көздүн карегиндей сактоо зарыл» [78, 76-б.]. Коркут бабанын бул аңгемесинде да Огуздардын башына түшкөн тукумун азайтууга негиз болгон мүшкүл эзелтен мыйзам катары калыптанган салтты бузган көрпенденин абийирсиз жоругунан улам келип чыккан сабакты туюнтат. Муну азыркы коомдогу жат көрүнүштөр да тастыктоодо. Никесиз төрөлгөн балдар татаал тагдырга туш болуп, турмушта бактылуу боло алышпай кылмышкерлердин катарын толтуруп бүтүндөй коомду оор түйшүккө салууда.

6. *Ата-энелик ролдук педагогикалык функция.* Ата-эненин эң негизги функциясы – бул тарбиячылык. Ата-энелер баланын тарбиясында жана инсандыгында негизги курулуш материалы ага ар тараптан таасир этүүчү эң биринчи жана эң маанилүү адамдар. Бул жөнүндө Коркут ата китебинде «Кыз энеден үйрөнбөй өнүгө албас, уул атадан үйрөнбөй сапар чекпес» деп айтылат. Кыргыз макалдарында «Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт», «Эжени көрүп синди өсөт», «Көргөн көргөнүн жасайт, көсөө түрткөнүн жасайт», «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» деп айтылат. Ырасында эле, кыргыз коомунда ата-энелердин балдарды коом талап кылган инсандык сапаттарга

тарбиялоосу эң катаал талап катары каралып турмушта тикеден тике жетекчиликке алынган. Маселен, «Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт» деген макал жөн эле макал эмес, өз балдарына жубай издеген ата-энелердин эң негизги таяныч аргументи болгон. Анткени, кызга күн сайын, саат сайын таасир көрсөткөн адам бул анын энеси. Кыз өз энесинин кылган эткенин көрүп чоңойгон. Ал эми кыз баланын тагдыры кылган эткенинен, татыктуу тарбиясынан көз каранды болгон. Ошондуктан ар бир эне өз баласынын бактылуу болуусу үчүн өзүнүн жорук жосунун тынымсыз көзөмөлгө алып туура, татыктуу тарбия берүүгө аракет жасашкан. Кыргыз коомунда аял затынын кыз балдар менен бирге уул балдарды тарбиялоодогу функцияларын чагылдырган өрнөктөр арбын.

Алсак, Чыйырды Манасты атасы Жакыптын жалтанчаак, арабөк адамдык сапаттарынын таасиринен коргоп «Эрик үчүн, эл үчүн ылаачындай талбагын» деп тапшырма берет. Жусуп Мамайдын вариантында Манасты дагы таалим алсын үчүн Акбалтага атайы жөнөтөт. Кошмо вариантта Манасты Ошпурга «дагы төрт жыл тарбиялап бер», – деп дайындайт. Демек, Манастын энеси Чыйырды таалим-тарбия жолунун башында турган эне – тарбиячы катары чырайына чыгара даңкталат. Баланы «Эрешен тарткан эр кылуу, эр уулу менен тең кылууга» байланыштуу эне тарбиясынын салты Каныкейдин бейнесинде Чыйырдыдан да жогорку даражага көтөрүлөт. «Ал баланы аман гана сактап калбастан, анын келечекте мекенчил, баатыр болуп жетилиши үчүн күлгүн жаш өмүрүн садага чабат. «Тайторуну чабуу» окуясындагы Төлгөнүн далдаасында Каныкейдин Семетей үчүн бушайман болуп, Ал атасын тарткан эр болобу, Ата Журтуна барып, элине кызмат көрсөтө алабы? Же эли журту менен иши жок, аңкөөдөк баатыр, чоң курсак бай болуп калабы?» деген ой тынчытпайт. Эпосто куулуп, азган элинин чачылганы жыйналып, жоголгону табылып, түзөлүп, уланып кетиши Каныкейдин энелик жана тарбиячылык ишмердүүлүгүнө: Семетейди суук көздөн сактап, шумкардай таптап, ата-бабаларынын баатырдык салтында чебер тарбиялай алгандыгы менен түшүндүрүлөт. Ошентип, түрк элдеринин дастандарында энелер коомдун түзүүчүсү, уюткусу деген жалпы

адамзаттык акыйкатты ар тараптуу ырастаган фактылар арбын. Кыргыз эл педагогикасында *аталардын тарбиячылык ролдук милдеттери* да өзгөчө орунда турган.

Кыргыз элинде «Балага ата сынчы», «Атадан өткөн сынчы жок», «Эненин балага каргышы – бок, атанын балага каргышы – ок» деген макалдар бар. Жакып мына ушундай аталык көз менен карап, дароо эле бул баланын бөлөкчөлүгүн – эр мүнөзүн, алп мүнөзүн көрө билет. Ошондо тышкы душманга кектенип жүргөн Жакып ата катары «өткөндөн алар өчүмдү, өч алганын көрөрмүн, өлтүрбөсө болду өзүмдү» деп наристенин жүзүнөн сүйөт. Ата менен баланын биринчи учурашуусунан эле атанын максаты эмне экендигин сезебиз. Арийне, инсандык жетилүүнүн бийик чеги катары «эр», «алп», «эр жигит» деген статуска уул балдардын баары түгөл жетише алган эмес. Ага атайылап уюштурулган тарбия мектебинен өтүп, өтө татаал сыноолор аркылуу жетишишкен. Ата салтын урматтаган балдар эрдик көрсөтөт, жоону жеңет. Бул өз ысмына ээ болуп, коом мүчөсү катары кабылдашынын негизги шарты болгон. «Коркут баба китебинде» аталык тарбиячылык парызын татыктуу аткаруунун өрнөктөрү жана коом тарабынан сынчыл сыпатталган айрым жагдайлар Байындыр хан, Салур Казан, Дирсе хан, Аруз Кожо, Бай Пүре, Бай Бижан, Канлы Кожо, Беил, Ушун Кожо, Кара Гүне, Эйлик Кожо сыяктуу каармандардын образдары аркылуу баяндалат. «Коркут баба китеби» боюнча аталардын милдеттери азыркыга салыштырмалуу өтө эле көп кырдуу жана татаал болгон. Алар туш тарабы кооптуу көчмөндүк турмушта эл-жерин, үй-бүлөсүн коркунучтан сактоо үчүн эрдик көрсөтүү, үй-бүлөсүн эмгек кылып азык оокат менен камсыздоо, өзүнүн ордун ээлей турган балдарды тарбиялоо, балдарын үйлөнтүү үчүн татыктуу жар табуу сыяктуу кош кабат милдеттерди аркалашкан. Огуздар аталар үйүндө да, сыртта да коомчул адеп-салттарды алып жүргөн нарктуу болушун талап этишкен. Алар байыркы бабалардан мурасталган жашоо турмуштун ырасым салттарын сактоочу, келечек муунга кемитпей өткөрүп берүүгө милдеткер. Ушундай милдеттерди жерине жеткире аткарууга жетише алгандар гана ата деген наамга ээ болуп, эл-журт жана урпактары тарабынан кастарланган. Жалпылап айтканда аталык парызды

толук жана татыктуу аткаруунун даражасы балдарынын ким болуп чыккандыгы менен аныкталган. Мындай акыйкатты өткөн доорлордо орун алып, азыркыга чейин уланып келе жаткан турмуш салттары да ырастап турат. «Коркут баба китебинде» тастыкталгандай түрк элдеринде баланын өз ысмынан мурда «Үйсүн Кожо уулу Сегрек» деген сыяктуу атасынын аты айтылган. Тигил же бул баланын нарктуу же наадандык жоругуна күбө болгондор: «Бул кимдин баласы болду экен?», – деп ата тегин сурашкан. «Атаңа ыракмат!» же «Атаңа наалат», – деп балага болгон ыраазычылык менен нараазычылыкты да атасына багышташкан. «Коркут баба китеби» аңгемелеринде белгиленгендей түрк элдеринде уул балдардын эрдик көрсөтүп, өзүнө таандык ысмына ээ болуп, эл ичинде ээлеген ордунун өзгөрүшү энелердин да эң башкы тилеги болгон. Мунун түптүү маданият экендигин Күлтегин эстелигиндеги «Умай энедей каныша энемдин багына иним Күлтегин эр атын (наамын) алды» деген жазуулар да тастыктайт. Энелер үчүн уул балдардын эр алп болуп жетилишин түп жактан шыктандырып, ар кандай таасир көрсөтүшкөн. Алардын бири аңгемелерде баяндалгандай энелердин баласы аңчылыкка алгач аттанганда ырым кылып элдин батасын, ыраазычылыгын алуу ишин уюштуруу аракеттери болгон. Алсак, «Дерсе кан уулу Букашы» аттуу аңгемеде «Дерсе кандын байбичеси баламдын биринчи аң уулашы деп, жылкыдан айгыр, төөдөн буудан, койдон кочкор сойдуруп, Огуз бектерине сый көрсөтөйүн», – дейт [15, 43-б.]. Мындай салт «Казанбектин уулу Ороздунун туткунга түшүшү» деген аңгемеде да дал ошондой эле калыбында кайталанат: «Казанбектин үйүнө келгенин угуп, жылкыдан айгыр, төөдөн буудан, койдон кочкор сойдурат. Уулунун биринчи жолу аң уулаганга чыгышы, улуу Огуз бектерин чакырып тамак берейин», – дейт Бөрте [15, 43-б.]. Бул салттарга байланыштуу бардык салтанаттарда бирдей жандыктардын союлушу бул иш-чараны өткөрүүнүн бекем эрежелери болгондугунан кабар берет. Балдардын эр алптыкка баш коюу акты энелер тарабынан өзгөчө кубаныч менен коштолгон салттык шаан-шөкөттөрдүн уюштурулушу перзентин «эр алп» катары жетилишинде энелердин бул процесске активдүү катышышынан кабар берет.

Кыргыз фольклорундагы дээрлик бардык каармандар өзүнүн турмуштук вазийпасын дал ушул функцияны татыктуу аткаруудан көрүшкөн. Мүнөз пейили ар кандай интерпретацияланып келе жаткан Жакып да Манас туура тарбия алып өзүнүн ордун басып, элге карамчыл болуп өсүшүн каалайт. Ошон үчүн Жакып «эркелетип тим койбой койчуга малай берип катыктыралы», – деп Ошпурга тапшырат. Тапшыраарда аны хандын баласы экендигин эске албай кээде ач калтыр, башкалардай мал артында болуп байлык кайдан келээрин жон териси менен сезсин тил албаса жазасын бер деп тарбиялоо ыкмаларын да кошо айтып берет.

Элдик маданиятта аял заты сыяктуу эркектердин гендердик-ролдук функциялары да тыкыр программаланган. Биз тараптан талдоого алынган фольклордук, этнографиялык, этнопедагогикалык материалдар кыргыз элчил коомчул нравасы жетилген инсан тууралуу көз караштары айрыкча эмгекке тарбиялоо багытында ачык байкалат. Элде «эмгекчил инсан» жана «эл багар» түшүнүктөрү өз ара өтмө катар байланыштагы түгөйлөш түшүнүктөр. Макалдарда «Жанын баккан жарыбайт да, маарыбайт, элин баккан арыбайт да, карыбайт», – деп айтылат. «Манас» эпосунун айрым варианттарында *«Үйдө жатып эл бакмак, Бастырып келсе жоо алмак, Баатырдыктын белгиси»* деп жай турмуштагы эмгекчилдик жана согуш майданындагы эрдик бир даражадагы баалуулуктар катары мүнөздөлөт. Мында айтылган «үйдө жатып эл бакмак» урушсуз, тынч чөйрөдө элди байытуу жолу гана баатырдык жол экенин, ал «капкайда жүрүп эл чапмак, кагышып жүрүп мал тапмак кара өзгөйдүн белгиси» болоорун ачык белгилеген [123, 234-б.].

Кыргыз эл педагогикалык маданиятында уул балдардын, эркектердин гендердик-ролдук функциялары «Эр жигит» түшүнүгүнө моделдештирилген. Кыргыз макалдарында «Эр жигиттин» моралдык кодекси эл ичинде эзелтен калыптанган төмөнкүдөй мерчемдер менен мүнөздөлөт: «Атанын уулу болуш урмат, элдин уулу болуш кымбат», «Жигитке бир сыр, жети кыр керек», «Элден безген эр эмес, жоодон качкан шер эмес», «Эр намыстын кулу», «Эрдин даңкын эмгек чыгарат».

Эр жигит түшүнүгүнүн эзелтен калыптанган мазмунун ар тараптуу ачып көрсөтүү, аны жаңы доордогу руханий баалуулуктардын жана өз тааным-тажрыйбасынан келип чыккан акыл ойлор менен байытуу акындар чыгармачылыгында да салтка айланган көрүнүштөрдүн бири. Албетте, бул темага бардык эле акындар кайрылса да, айтарлык натыйжага табиятынан даанышмандык нускасы бар акындар гана жетише алган. Ошолордун бири Б. Алыкулов болгон.

Адабиятчы К. Даутов таамай белгилегендей: «Барпы адамды ар кандай чен өлчөмдөр менен, ар тараптан келип карап, түрдүү мүнөздөрдү салыштырып талдап, терс жактарын иргеп таштап, оң сапаттарынан алып кошумчалап, жалпылап олтуруп (скульптор түрдүү этюддардан жалгаштырып келип бир тулкуну түзгөндөй), өз идеалындагы ошондой личносттун көркөм концепциясын иштеп чыккан» [59, 69-б.].

Атап айтканда, акын «Болоор жигит», «Болбос жигит», «Эр жигитке сын», «Жигиттик», «Марттык», «Баатырдык» деген ырларында биз сөз кылып жаткан эркектер тобунун мүнөз дүйнөсүн иликтеп, өзүнүн байкоолору менен коштоп, жалпылап, эр жигиттин ырааттуу идеалын түзгөн. Акындын пикири боюнча чыныгы жигиттин артыкча ар-намысы, сөздөрүнүн курчу, бекем эрки, өзгөчө сүрү болот. Чыныгы жигит барда да, жокто да ар-намыс менен адамдык наркты бийик сактайт. «Кедей да болсо малдуудай, Чырмаган дартка карабай. Чабан да болсо алдуудай, Чындык сөзүн бетке айтат, Чангеттен аккан шар суудай».

Чыныгы жигит коомчул ыкластын алып жүрүүчүсү. Андайлар: «Элдин ишин тууралап, эч кимге кылбайт кыянат, өзүнөн улуу кишиден, адеп сактап уялат», «Кеңешин элге билгизет, береке пейил киргизет. Калк намысын талашат, Тууганына туу болот, душманына келгенде, чылап койгон уу болот». Эр жигиттин нарк-насили акындын «Санат» аттуу ырында төмөнкүдөй сапаттар менен толукталат: «Калың элдин калкасы, Болгон жигит жакшы экен. Кабар келсе бир жерге, Жеткен жигит жакшы экен. Кадыры элге бөтөнчө, Өткөн жигит жакшы экен. Адамга катык тийбеген, Майын жигит жакшы экен. Көпчүлүктү күлдүргөн, Шайыр жигит жакшы экен».

Жалпылап айтканда жигиттик-жетик акыл, ак дил, тунук сезим, тең караган калыстык, сылыктык, кичи пейилдик, кайраттуулук, шайырдык, шайдооттук. Аны дайыма эл мүдөөсү жетектейт. Ал өмүрүн, эмгегин, эрдигин, эл-журт тагдырына анын келечек бактысына багыштайт.

Кыргыз макалдарында «Эр жигиттин» моралдык кодекси эл ичинде эзелтен калыптанган төмөнкүдөй мерчемдер менен мүнөздөлөт: «Атанын уулу болуш урмат, элдин уулу болуш кымбат», «Жигитке бир сыр, жети кыр керек», «Элден безген эр эмес, жоодон качкан шер эмес», «Эр намыстын кулу», «Эрдин даңкын эмгек чыгарат».

Манас эр жигиттиктин маани-маңызын төмөндөгүчө аңдатат:

Жалпы турган ага-ини,
Жалынсаң жаның калабы?
Корксоң коюп салабы?
Эркек козу туулуптур,
Не жумушка туруптур?
Эр азамат туулуптур,
Не жумушка туруптур?
Эркек козу болгондо
Курмандыкка караткан
Намыс үчүн жараткан! [123, 134-б.].

Ар бир эл мекенинде жашагандыгы жана анын гүлдөшү, келечеги үчүн эмгектенгендиги менен күчтүү жана бактылуу. Элдин аң-сезиминде Манас – алты уруу элдин каны эмес, жалпы кыргыз калкынын медери, таянар тоосу, душмандардан коргоор чеби. Манастын ысмы менен эл сыймыктанып, душмандары сестенип турат.

*Жубайлардын өз ара мамилесинин салттык нормалары.* Кыргыз үй-бүлөсүндөгү эркек менен аял мамилесинин гендердик нормаларын аныктаган бир катар жазылбаган мыйзамдар жашаган. Алардын бири эки тарапка барабар таандык сөзгө көтөрүмдүүлүк, толеранттуулук. Адатта, кыргыз үй-бүлөсү үч муундан тургандыктан жана баары чогуу жашашкандыктан бири-бирин түшүнүү

менен мамиле кылуу кадыресе көрүнүш болгон. Улуулар алдында өз ара араздашуу, бири-бирине тил тийгизүүгө батынышкан эмес. Улуулар татыктуу өмүр сүрүп, үй-бүлө катары жашап кетүүнүн негизги мыйзамы өз ара түшүнүү, ынтымакта жашоо, ынтымагы жок, ыркырашкан үй-бүлөнүн баары дээрлик жетишпеген турмушта күн кечирет деп нускашкан. Кыргыз макалында «Алганың сулуу болгон соң, аркырап беттен алган соң сулуулугу не пайда», – деп чырдуу аялдар коомдогу түрү суук жубайлар катары кабылданган. Ошону менен орой эркектер да «Чогоол», «Кызыл камчы» аталып жат элдердин гана эмес, жакындарынын да жек көрүүсүн жараткан. Аялын уруп күн көргөзбөгөн жигитти кубаттаган бир да адам болгон эмес. Ошону менен бирге кыргыздарда «Койлуу катын куйрук жейт, эрдүү катын таяк жейт», «Эрди-зайып урушат, эси жогу болушат» деген макалдар да кездешет. Бул макалдарда эски патриархалдык көз караштардын изи байкалбай койбойт. Бирок, буларда турмушта пикир келишпестиктер болот. Бирок, мындай сыноолордун натыйжасында эң башкысы кек сактабоо, кечиримдүү болууга үндөө ишааратында да бар. Турмуш айрым учурларда эрежелерге сыйбаган кырдаалдарга бай болот. Элдик пикирде эрди-аял урушат, талашат, тартышат, таарынышат, кайра табышат. Жашоо-тиричилик калыбына келет. Ошон үчүн «Адашкандын айыбы жок, кайра үйүрүн тапкан соң», «Ачылгандын айыбы жок, кайра өзү жапкан соң», – деп нускалашкан. Жубайлардын өз ара мамилеси ар качан коом көзөмөлүндө болуп эл тарабынан аныкталган салттар, жөрөлгөлөрдү так аткаруу аркылуудан көрүнгөн. «Каадалуу» деген сөз адамдын ички тартибин, адебин, жүрүш-турушун сыпаттоо маанисинде колдонулат.

Кыргыз коомуна ислам маданияты кирген соң энелерди, аялдарды урматтоо эрежелери кеңири жайылган.

Ал эрежелерди төмөнкүдөй тариздөөгө болот:

1. *Аялына жакшы мамиле жасоо, аны менен ынтымакта жашоо, аны жаман таасирлерден сактоо.* Мусулмандар чөйрөсүндө Мухаммед пайгамбардын: ***«Силердин араңарда аялдарга жакшы мамиле жасагандар – асыл адамдар»*** **деген осуяты кеңири маалым болгон.**

2. *Аялын кемсинтпөө, аны сөгүп, же уят сөздөр менен кордобоо.* Исламда ***«Аялынын бетине урган тозокко түшөт»***, – деп айтылат.

3. *Аялынын табигый муктаждыктарын камсыздандыруу* жана аны ар түрдүү бузуку таасирлерден кайтаруу да эрдин милдети. Ага дайым көңүл буруу, кээ бир маселелерди аны менен чогуу кеңешип чечүү жана үйдөгү же чарбадагы кээ бир кажеттерин бүтүрүп берүү, учуру келсе аны менен сейилдеп, тууган кыдырып, аялынын коом менен жакшы байланышта болуусуна шарт түзүү зарыл.

Үй-бүлө куруу менен аял да эркек да жаңы журтуу болот. Алсак, кыргыздарда эркек баланын үч журту бар деп эсептешет. Алар ата журт, тага журт, кайын журт. Эркектер кайын журтуна кадыресе, сый ызаатта, жоопкерчиликтүү болушу талап этилген.

Ал эми кыз балдар үчүн турмушка чыккан жак түбөлүк журту катары эсептелген. Кыз балдарды турмушка узатуу бул аны түбөлүк журтуна узатуу катары кабылданган. «Чыккан кыз, чийден тышкары, төркүнгө конок, сырттагы, бүлөсү болот башканын», – деп ата-энеси, жакындары да ага үйрүлүп түшпөй кайын журтуна ишеним көргөзүп өзгөчө камтама болушкан эмес.

Үй-бүлөнүн бекемдиги да жаңы келиндин түшкөн жерине тез үйүр алып көнүп кеткендигине байланыштуу болгон. Нарктуу келиндер ата-энесинин үйү жакын болсо да тез-тез баруудан ийменишкен. Буга байланыштуу кыргыздарда «Төркүнү жакындын төшөгү жыйылбайт» деген макал бар. Төркүндөрүнө жакшылык жамандыкта гана күйөөсүнүн коштоосунда конок катары барышкан. Үйүнө тез-тез каттаган кыз-келиндер кайын журтунда да, төркүнүндө да колдоого алынган эмес. «Сабырдын түбү – сары алтын» деп кыз балдар түшкөн жеринин шартына, салтына көнүп кетүүсү зарыл болгон.

Жаңы келген келиндин негизги милдеттеринин катарына төмөнкүлөр кирген:

– кайын агаларын, кайын эжелерин, кайнилерин, кайын сиңдилерине сый ызаат, ыйбаа көрсөтүү, иретинде тергөө (М., «Уста акем», «өйдөңкү айылдагы,

көлдөгү эжем»,«кыз», «бийкеч», «эрке кыз», «улуу кыз», «жана кыз», «кичине бала», «молдо бала» ж.б.);

– жүгүнүү – эки колун бооруна алып, башын ийе эңкейип, таазим этүү салты. Келин кайын ата-энесине, кайын ага-жеңелерине, кайын эже-жезделерине, күйөөсүнүн улуу тууганларына учурашуу иретинде күнүгө бир жолу (биринчи кезиккенде) жүгүнүүгө милдеттүү болгон [6].

Ошентип кыргыз эл педагогикасында уул балдар менен кыз балдардын гендердик-ролдук маданиятын калыптандыруунун өз алдынча системдүү талаптары, критерийлери болгон. Алар белгилүү өлчөмдө көчмөн түрк элдеринин гендердик баалуулуктары менен тектеш, үндөш болгон.

Изилдөөнүн контекстинде көз жаздымда калтырып кетүүгө болбой турган жагдайлардын бири – бул балдарды гендердик-ролдук маданиятка тарбиялоо тажрыйбалары. Арийне, бул маселе өз алдынча изилдөөнү талап кылган татаал тармак. Мында биз жогорку маселелердин контекстинде кыргыз коомундагы балдарды гендердик-ролдук маданиятка тарбиялоонун айрым жоболоруна гана учкай токтоло кетүүнү эп көрдүк.

Эзелки элдик салттарга ылайык балдардын келечектеги гендердик-ролдук функциялары тууралуу өтө эле эрте кам көрүшкөн. Кыргыз маданиятынын тарыхындагы «Карын куда», «Бел куда», «Бешик куда» деген салттык мамилелер ушундан келип чыккан. Балдар эс тарткан күндөн баштап алардын келечек тагдыры аныкталганын эстерине бекем салып өз ара жоопкерчиликтүү мамилеге багыт берип келишкен.

Балдарды гендердик-ролдук маданиятка үйрөтүү социалдаштыруу жолу менен жүзөгө ашкан. Социалдаштыруу – индивид тарабынан коомдук тажрыйбаны, социалдык байланыштар жана мамилелердин системасын өз тажрыйбасын ассимиляциялоо жана активдүү кайра өндүрүү процесси. Гендердик социалдашуу процессинде уул кыздар өздөрүнүн жынысына таандык зарыл болгон сапаттарга, баалуулуктарга, ишенимдерге, коом тарабынан жактырылган жүрүм-турум формаларына ээ болушкан. Гендердик баалуулуктарды, ишенимдерди, нормаларды, эрежелерди, идеалдарды сиңирүү

процесси инсан тарабынан интернационализацияланып, анын жүрүм-туруму калыптанган.

Булардын негизинде кыргыздардын салттык баалуулуктарына негизделген гендердик-ролдук маданият дегенде жубайлардын үй-бүлөлүк турмушунда, өз ара мамилесинде улут тарабынан кылым сыноолорунан өткөн социалдык нарктарга шайкеш «жакшы аял», «жакшы эркек» «эриш аркак үй-бүлө» жөнүндөгү билим, ишеним, жүрүм-турум катары, өз ара жубайлык мезгил сыноолорунан өтүп улуттук улуттун калыптанышын эсептейбиз. Кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын структуралык компоненттерин алардын улуттун нарктуу өкүлү, болочок жубай, ата-эне катары калыптанышынын мүнөздөмөсү катары кароо керек. Кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын структуралык компоненттерин алардын улуттун нарктуу өкүлү, болочок жубай, ата-эне катары калыптанышынын мүнөздөмөсү катары кароо керек.

Улуттук тарбиянын идеалын – кыргыз коомунун руханий эс тутумуна, улуттук нарктарына эгедер жалпы адамзаттык маданияттын баалуулуктарын аздектеген Кыргызстандын эгемен, укуктук, демократиялык мамлекет катары өнүгүшү үчүн өзүнүн атуулдук милдеттерин, жоопкерчиликтерин аңдаган жана татыктуу аткара алган, дени сак, жаңы ааламдашуу доорунун шарттарына шайкеш компетенттүүлүктөргө, өнөргө, кесипке ээ, коммуникативдүү, демилгелүү, жаратман активдүү адам тиби катары айкындоого мүмкүнчүлүк берет.

Кыргыз эл педагогикасында уул балдар менен кыз балдарды гендердик социалдаштыруунун төмөнкүдөй этаптарын белгилөөгө болот: ата-энелердин, чоңдордун жүрүм-турумуна баам салуу тууроо, имитациялоо; өспүрүм курактан баштап ар кандай социалдык институттарга мүнөздүү болгон баалуулуктарды, нормаларды, эрежелерди кабыл алуу же четке кагуу аркылуу өзүнүн гендердик ролдорун ырастоо, бекемдөө; ата-энелердин жана чоңдордун «чыныгы эркек»

(токтоо, эрктүү, өзүнө ишенген, катаал, өжөр) же «чыныгы кыз» (жумшак, көз каранды, сезимтал, сөзгө тетик) болууга багытталган таалим-тарбиясы.

Демек, кыргыздардын салтык баалуулуктары азыркы студент жаштарды гендердик-ролдук маданияттын миң кылымдар элегинен өткөн нормалары, талаптары, тажрыйбалары менен камсыз кылууга жарамдуу.

## Биринчи бап боюнча тыянак

Изилдөөнүн негизги категориялык базасын студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын негизин түзгөн түрдүү концепциялар менен бирге «салттык баалуулуктар», «гендердик-ролдук маданият», «гендердик норма», «гендердик-ролдук социалдаштыруу», «үй-бүлөлүк турмушка даярдык» сыяктуу бир катар түшүнүктөр түзөт.

Азыркы илимдеги көз караштар салттык баалуулуктар норма катары эсептелип анын жашап турушу структуралык элементтерине (адат, ырым-жырым, каада-салт) – жүрүм-турумдун белгилүү эреже салттарына байланыштуу экендиги аныкталды. Көп кырдуу дисциплиналар аралык илимий булактарга (Г. Н. Волков, Э. Дюркгейм, М. Вебер, М. Руднев) таянуу менен салттык баалуулуктарды өзүнүн турмуштук күчүн жана баалуулугун далилдеген коомдук түзүлүштүн, маданий нормалардын, жүрүм-турум үлгүлөрүнүн системасы катары мүнөздөөгө болот. Салттуу баалуулуктар байыркы замандан бери келе жаткан «ар дайым» болуп келген өзгөрүлгүс мүнөзгө ээ болуп жетекчиликке алууга тийиш болгон нормалар принциптер таризинде функцияланат.

Гендер түшүнүгү «эркек менен аялдын ортосундагы физикалык айырмачылыктар эмес, аял менен эркектин социалдык калыптанган өзгөчөлүктөргө таандык белги, аял менен эркектин жүрүм-турумунан күтүлгөн социалдык мамилелер».

Гендер социалдаштыруунун белгилүү системасы, эмгектин бөлүштүрүлүшү, коомдо кабыл алынган маданий нормалар, ролдор аркылуу түзүлөт. Роль түшүнүгү ал тарабынан белгилүү бир статуска байланыштуу жүрүм-турумдун маданий үлгүлөрүн сыпатоо үчүн колдонулат (Р. Линтон).

Изилдөөнүн контекстинде роль түшүнүгүнүн инсандын башка жыныстагы адамдар менен мамилесинде анын статусуна карата жүрүм-турумунан күтүүлөр системасы, инсандын гендердик иденттүүлүгүнүн социалдык көрүнүшү катары кароого болот.

Илимий педагогиканын тарыхында (Я. А. Коменский, И. Г. Песталоцци, Ж. Ж. Руссо, А. Дистервег, Н. И. Пирогов, К. Д. Ушинский, А. С. Макаренко, В. А. Сухомлинский) гендер түшүнүгү боюнча маалыматтар жок, бирок билим берүү системасын, окуу – тарбия иш-чараларын уюштурууда да кыз балдар менен эркек балдардын укуктарын, табигый бөтөнчөлүктөрүн эске алуу маселелери такай көңүл борборунда болуп келген.

Жаштарды гендердик-ролдук маданиятка тарбиялоонун теориялык негиздери М. А. Арутюнян, О. К. Здравомыслова, И. С. Кон, О. В. Митина, В. Ф. Петренко, Н. К. Радина сыяктуу окумуштуулардын эмгектеринде каралган. Жогорку окуу жайлардын студенттерин үй-бүлөлүк турмушка гендердик-ролдук функцияларын аткарууга даярдоо маселелери С. А. Анищенко, Ж. Б. Багичева, М. В. Бояркина, Ш. И. Булуева, П. А. Решетов, И. С. Клецина, Л. В. Штылева, Л. П. Шустова, С. В. Рожковалардын эмгектеринде изилденген. Кыргызстанда гендер маселесин тарыхый, философиялык, социологиялык, аспектте караган эмгектер (Вайнштейн, Ч. Валиханов, С. Абрамзон, И. П. Ювачев, К. Б. Бектурганова, А. Апышева, К. Молдокасымов, К. Н. Карабаева, Али Унал ж.б.) бар. Этнопедагогикалык аспекттеги эмгектерде (А. Алимбеков, А. Э. Измайлов, С. Иптаров, К. Кыдыралиев, Т. Ормонов, Ж. Орозбаев, Ф. Баитова, Ж. Карасартова, Р. Умарова, А. Эргешали кызы) аял жана эркекетерге таандык социалдык, инсандык идеалдар фрагментардык таризде берилген.

Кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү маселеси атайын изилдөөнүн предмети катары каралган эмес.

Кыз балдарды социалдаштыруунун, салттуу жашоо-турмуш образына шайкеш идеалдуу жана реалдуу баалуулуктарынын көп кырдуу мазмунуна таянуу жубайлардын гендердик-ролдук функцияларынын бир катар

мүнөздөмөлөрүн бөлүп көрсөтүүгө болот. Алар жубайлык турмуштун, гендердик-ролдук маданиятынын бакубаттыгынан кабар берген «Жубайлардын өз ара бири-бирин толуктоосу», «Мээнеткечтик, эптүүлүк, сындуулук», «Тукум улоо, ата-эне болуу», «Ак никеден балалуу болуу», «Ата-энелик ролдук педагогикалык функция», «Жубайлык мамиледеги салттык ролдук нормаларды сактоо» сыяктуу мүнөздөмөлөр.

Гендердик өзгөчөлүктөрдү эске алуу – төрөлүп торолуу күндөрүнөн баштап эске алына баштаган. Алсак, уул балдар менен кыз балдардын айырмачылыгы бешиктин жасалгасынан гана эмес, бешик ырларынын мазмунунан да айырмаланып турган. Балдар үчүн жасалган оюнчуктар, балдар оюндарынын сюжеттери да аларды гендердик-ролдук функцияларга даярдоо айрмачылыктарын эске алуу менен кылдат иштелип чыккан.

Кыргыз эл педагогикасында уул балдар менен кыз балдарды гендердик социалдаштыруунун төмөнкүдөй этаптарын белгилөөгө болот: ата-энелердин, чоңдордун жүрүм-турумуна баам салуу тууроо, имитациялоо; өспүрүм курактан баштап ар кандай социалдык институттарга мүнөздүү болгон баалуулуктарды, нормаларды, эрежелерди кабыл алуу же четке кагуу аркылуу өзүнүн гендердик ролдорун ырастоо, бекемдөө; ата-энелердин жана чоңдордун «чыныгы эркек» (токтоо, эрктүү, өзүнө ишенген, катаал, өжөр) же «чыныгы кыз» (жумшак, көз каранды, сезимтал, сөзгө тетик) болуугa багытталган таалим-тарбиясы.

# II БАП. ЖОЖДОРДО КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТЫК БААЛУУЛУКТАРЫ АРКЫЛУУ СТУДЕНТТЕРДИН ГЕНДЕРДИК-РОЛДУК МАДАНИЯТЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮ ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## 2.1. ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн методологиясы жана методдору

**Изилдөөнүн обьекти жана предмети.** Диссертациянын киришүү бөлүмү жана биринчи бапындагы социалдык, теориялык жана практикалык негиздемелерине ылайык изилдөөнүн обьект жана предметин конкреттүү айкындоого мүмкүнчүлүк берди.

**Изилдөөнүн объектиси:** ЖОЖдордун студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары.

**Изилдөө модели.** Бул изилдөөдө кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн моделин иштеп чыгуу жана алардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүүгө багытталгандыктан сапаттык жана сандык изилдөө методдору өз ара айкалышта колдонулду.

Джон Грессвелдин пикиринде сапаттык изилдөө моделине адам маанилүү деп эсептеген фактыларды жана ага байланыштуу толгонууларды, сөздөрдү, тексттерди талдоого алуу менен изилденүүчүнүн пикирине таянып жүргүзүлгөн изилдөөлөр кирет [203].

**Сапаттык изилдөө.** Байкоо, интервью жана документ талдоо сыяктуу сапаттык маалымат чогултуу ыкмалары колдонулган жана табигый чөйрөдөгү кабылдоолорду жана окуяларды реалдуу жана бүтүндөй ачып берүү үчүн сапаттык процесс жүргүзүлгөн изилдөө.

Бул теория түзүүгө негизделген түшүнүк менен, алар байланышкан чөйрөдөгү коомдук кубулуштарды изилдөөгө жана түшүнүүгө багытталган мамиле.

Илимде сапаттык изилдөө методдорунун төмөнкүдөй классификациясы бар: «жекече окуяларды изилдөө, биографиялык изилдөөлөр, өмүр таржымалды изилдөө, феноменологиялык изилдөө, герменевтика методу, этнометодология, этнография, феноменология, фокус топ методу, дельфинин методу (эксперттердин баалоо методу), окуяны структуралык талдоо, сапаттык касиеттерди талдоо, дискурс анализ, сүйлөшүүнү изилдөө, нарративди талдоо ж.б.» [77]. Сапаттык изилдөөдө негизги методдордон болуп талаа шартында эл (социалдык топ) арасында аралашып жүрүп байкоо жүргүзүү, интервью, күнүмдүк турмуштагы сүйлөшүүлөр, ар түрдүү тексттер, аудио жана визуалдык материалдар эсептелет. Сапаттык изилдөөлөрдүн негизги белгисинин бири болуп типтүүлүк саналат. Сандык изилдөөлөрдө маалымат стандартташтырылган каражаттар аркылуу айкындалса сапаттык изилдөөлөрдө типтүү кырдаалдагы (текстте, аудиодо, видеодо ж.б. чагылдырылган) фактылар талдоого алынат. Сапаттык изилдөөлөрдүн методологиялык жана этикалык принциптери болуп төмөнкүлөр эсептелинет: талаа шартында реалдуу турмуштагы илимий маалыматтарды жыйноого басым жасалышы; социалдык конткести эске алуу; изилдөөчүнүн феноменди баяндоодо майда-чүйдө деталдарга чейин ар тарабынан кеңири токтолуп, феноменди кеңири, ар тараптуу жана системалуу түрдө сүрөттөөгө умтулуусу; жекече окуялардын изилдөөгө алынышы; маалыматтарга индиктивдүү мамиле; маалымат топтоодо жана талдоодо алдын ала иштелген илимий жалпылоолорго, жоболорго, теорияларга, гипотезаларга негизденбестен, изилдөөнүн жыйынтыгында теориялардын, гипотезалардын алынышы. Сапаттык изилдөөлөрдө маалыматты тактап чечмелөөдө, жыйынтык чыгарууда саясий, маданий, тарыхый ж.б. контексттер эске алынышы талап кылынат. Анткени изилдөөгө алынган феномен контексте көрүнөт, контекстти эске алуу аркылуу изилдөөчү мүмкүн болушунча ишенимдүү так илимий маалымат алууга жетишет [77]. Сапаттык изилдөө

методдоруна таянуу бизге илимий маалымат жыйноо үчүн студенттер чөйрөсүнө тикеден тике аралашып алар менен тыгыз карым-катышта болуп аңгемелешүү, интервью, байкоо, эмпатиялык түшүнүү методдорун колдонуу аркылуу алардын реалдуу жүрүм-турумдары жөнүндө илимий маалыматтарды топтоого мүмкүнчүлүк берди. Мындай маалыматтарды жыйноо процесси узак убакытка созулуп бир нече ирет кайталанышы алынган маалыматттардын ишенимдүүлүгүнүн даражасын арттырат.

**Изилдөөнүн сандык параметрлери.** Сандык изилдөө методдорунан алынган маалыматтарды формалдаштыруу үчүн алдын ала белгиленген эрежелерди, алгоритмдерди, формулаларды колдонуу менен эсептөөлөрдү, математикалык көз карандылыктарды катуу сактоого негизделген иш-аракеттердин ыкмалары катары мүнөздөөгө болот. Формалдаштыруу белгилүү бир процедураларды, өлчөө алгоритмдерин колдонууну, натыйжаларды сандык операциялар менен өлчөп баалоо иштерин камтыйт. Мында изилдөөчү изилденүүчү өзгөрмөлөрдү (өзгөчөлүктөрдү, факторлорду, шарттарды) алдын ала аныктайт жана изилдөө алгоритминен четтөөлөргө жол берилбейт. Статистикалык материалдардын чоң көлөмүн талдоо аркылуу илимий фактыларды ачуу, мыйзам ченемдүүлүктөрдү, ар кандай билим берүү системаларындагы олуттуу өзгөрүүлөрдү аныктоо.

Сандык ыкма изилдөөчүнү «канча?», «канчасы?», «канча жолу?», «канчалык көп?» деген суроолорго жооп табууга багыттайт, б.а. сандык маалыматтарды чогултуу үчүн. Топтолгон маалыматтар статистикалык ыкмалар менен иштетилет (рейтингдер, коэффициенттер**,** пайыздар аныкталат, графиктер, диаграммалар түзүлөт). Буга байланыштуу биздин изилдөөбүздө студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын өнүгүшү, өзгөрүшүнө байланыштуу анкета жана башка методдор менен алынган маалыматтар статистикалык методдор менен эсептелип пайыздык катыштары чыгарылды.

**Маалымат топтоо методдору жана каражаттары**

**Документ анализи.** Изилдөөдө кеңири колдонулган маалымат топтоо методу бул «документ анализи». К. Д. Юдахиндин сөздүгүндө документ сөзү

нукура лингивистикалык мааниде (иш кагаздары, күбөлүк кат, акт ж.б.); тарыхый документтер, – деп таанытылат [157]. Оксфорд сөздүгүндө ал бир нерсе жөнүндө маалымат берүүчү же бир нерсенин далили катары колдонула турган расмий кагаз, китеп же электрондук файл катары аныкталган [47]. «Документ анализи» түшүнүгүн кыргызчада «документ талдоо» десек туура болот. Изилдөөнүн логикасына ылайык биринчи этапта изилдөөнүн көйгөйүн айкындоо үчүн анын илимдеги чечилиш абалын үйрөнүү максатында бир катар илимий изилдөө булактары менен таанышып белгиленген теманын илимдеги иштелиш абалын аныктоо аракети жасалат. Адабияттарды талдоо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүгө тике жана кыйыр тиешеси бар булактарды карап чыгып, ал изилдөөлөрдүн, теориялардын методдорун, ошондой эле теманын изилдениши боюнча боштукту, кем өксүктөрдү аныктоого мүмкүнчүлүк берди.

Тиешелүү адабияттарды издеп таап, аларды окуп, талдап, сереп салуу төмөнкүдөй этаптардан турду:

– изилдөөнүн негизин түзгөн ЖОЖ, студент, кыргыздар, үй-бүлө, салттык баалуулуктар, гендер, гендердик-ролдук, маданият, өнүктүрүү сыяктуу терминдерди б.а. ачкыч сөздөрдү түзүү;

– ачкыч сөздөр аркылуу тиешелүү адабияттарды аннотациялары боюнча тандоо;

– тандалган булактардын мазмунундагы гендердик-ролдук маданиятты калыптандырууга байланыштуу түшүнүктөрдүн каралышын анализдеп баалоо;

– окшоштуктарды жана кемчиликтерди, карама-каршылыктарды аныктоо;

– адабияттарды тизмелеп иретке келтирүү;

– адабияттарга сын-пикир жазуунун негизинде өздүк көз-карашыбызды билдирүү, тактоо, конкреттештирүү.

Илимий методологиялык принциптерге ылайык маалымат булактарын анализдөөдө төмөнкүдөй иерахиялык уламалуулук прицибин көңүлгө туттук:

1. Кыргыз Республикасында гендердик маданият маселелерин тике жана кыйыр тиешелүү «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» мыйзам [109], «2012-2014-жылдарга Кыргыз Республикасында гендерлик теңчиликке жетишүү боюнча иш-аракеттердин улуттук планы жөнүндө» токтому, «Үй-бүлө, тынчтык, ынтымак жана кечиримдүүлүк жылы» программасы, «Кыргыз Республикасынын 2020-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча улуттук стратегиясы» (http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/12728) сыяктуу мамлекеттер документтер актуалдуу социалдык өбөлгө катары каралып чыкты.

2. Концептуалдык алкактан же изилдөөнүн фундаменталдык теориялык базасы, түптүү түшүнүктөрү негизделген же жалпыдан өзгөчөгө карай анализдеп алардын ортосундагы байланыштарды аныктоо. Буга байланыштуу диссертацияда салттык баалуулуктар, гендер, гендердик-ролдук маданият категорияларынын илим чөйрөсүндөгү интерпретациялары талкууланды.

3. Изилдөөдө белгиленген жаш муундарды гендердик-ролдук маданиятка тарбиялоо багытындагы кыргыз элинин салттык педагогикалык баалуулуктары аттуу конкреттүү милдет элдик педагогикалык маданияттын бир катар булактарын анализдөө зарылдыгын жаратты. Биз сапаттык изилдөө методологиясына негизденип көп кырдуу булактардан кыргыз жаштарын гендердик-ролдук маданиятка тарбиялоо багытындагы ойлор жана тажрыйбаларды топтоп илимий жактан жалпылоону жүзөгө ашырдык. Булардын өзөгүн адамдар тобунун гендердик мамилесин, карым-катышын, ишмердиктерин, жүрүм-турумдарын чагылдырган элдик оозеки чыгармалар, эл акындарынын чыгармалары, элдик каада-салттар, эрежелер, символдор түздү.

Алардын мазмунундагы гендердик маданиятты тарбиялоого байланыштуу баалуулуктар концептуалдык талдоо ыкмасы аркылуу жүзөгө ашты. Салттык педагогикалык маданияттагы гендердик маданиятты тарбиялоо түшүнүктөрүн ажыратып таануу үчүн, ал булактардын мазмунун түйүндүү категориялар боюнча коддоо ыкмасы колдонулду. Коддоо иштери аяктаган соң биз аларга негизденип тигил же бул булактагы студенттердин гендердик-ролдук

маданиятын өнүктүрүүгө байланыштуу баалуулуктарды чечмелөөгө аракет кылдык. Мындай корутунду түшүнүктөрдүн ортосундагы жалпы жана жалкы айырмалуу жактарды бөлүп чыгуу аркылуу жүзөгө ашты. Муну реляциялык же семантикалык талдоо десек болот. Анткени мындай талдоонун борборунда түрдүү булактардагы гендердик-ролдук маданият идеяларынын семантикалык же маңыздуу байланыштары аныкталды. Мында студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүгө байланыштуу түйүндүү түшүнүктөр «идеологиялык ядро» катары каралды.

4. Илимий-педагогикалык адабияттар тобун тикеден тике биздин изилдөөбүзгө жакын макалалар, изилдөө китептери, диссертациялар жана алардын авторефераттары түздү. Мындай изилдөөлөр бизге салттык баалууктар аркылуу ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү багытында изилдөө жүргүзүү үчүн таанымдык жана практикалык тажрыйбабызды арттырды. Экинчи жактан изилдөөбүздүн теориялык жана методикалык параметрлерин белгилүү алкакта чектөөгө, тактоого мүмкүнчүлүк берди.

Биз тараптан илимий жана эмпирикалык булактар менен бирге ЖОЖ окутуучуларынын окуу-тарбия иш кагаздарын, каражаттарын да карап чыктык. Анын натыйжасы университеттин окуу жана тарбия программаларында гендердик темалардын жетишсиздиги жөнүндөгү божомолубузду тастыктады. Тактап айтканда, окуучулардын гендердик тарбиясын калыптандыруу милдети жекече дисциплиналардын жардамы менен чечилбей келе жаткандыгын аныктадык. Дисциплиналар боюнча типтүү жана жумушчу окуу пландарын талдоо окуучуларга гендердик билим берүүнү өнүктүрүү боюнча иш алып баруу жетишсиз экендигин көрсөттү.

Кураторлордун пландарында айрым окутуучулар изилденип жаткан көйгөйгө байланыштуу милдеттерди бөлүп көрсөтүшөт: карама-каршы жыныстагы адамдар менен баарлашууга тоскоол болгон гендердик стереотиптерди жеңүү, студенттерди гендердик айырмачылыктардын негизинде кесиптик өзүн өзү аныктоого, өзүнүн инсандыгын гендердик аң-сезимди

өнүктүрүү аркылуу студенттин өзүн актуалдаштыруусуна жардам берүү, инсандын гендердик өзгөчөлүктөрүн колдонуу менен өз көйгөйлөрүн өз алдынча чечүүгө умтулуусун өнүктүрүү маселелери каралган. Бул милдеттердин формулировкаларынан биз көптөгөн жаш окутуучулардын бул көйгөйдү толук биле бербестигин жана студенттердин биологиялык, социалдык, психологиялык өзгөчөлүктөрүн дайыма эле эске ала бербестигин көрөбүз.

Диссертацияда талдоого алынган жана адабияттар тизмесинде көрсөтүлгөн түрдүү булактардын жалпы саны – 203. Алардын курамын түрдүү мамлекеттерде жарыяланган фундаменталдык изилдөө китептери, макалалар, диссертациялар, окуу китептер жана колдонмолор, расмий документтер ж.б. түздү. Адабияттарга сереп салуу аркылуу ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүгө байланыштуу илимий билимдердин абалын үйрөнүү менен бирге анын негизин түзгөн теориялык көз караштарды синтездеп тыянак чыгара алдык.

**Байкоо методу.** Студенттердин күндөлүк турмушта өз ара гендердик мамилеси, жүрүм-турум канчалык даражада салттык баалуулуктарга, нормаларга негизделгендигине назар салып үйрөнүү максатында байкоо методун колдондук.

Буга байланыштуу биздин жүргүзгөн педагогикалык байкоолорубузда бир катар талаптарды жетекчиликке алдык:

*1. Изилдөө темасы жана максаты менен тыгыз байланыштуулук*, б.а. студенттердин гендердик-ролдук маданиятындагы айырмачылыктар жана алардын позтивдүү же негативдүү өнүшүнүнө тийгизген таасирлер. Байкоо мезгилинде көзгө урунган жүрүм-турум өзгөчөлүктөрүн каттоо, типтештирүү баштапкы корутунду жасоого болгон аракет.

*2. Комлекстүүлүк.* Байкоого алынган студенттердин гендердик-ролдук маданиятындагы айырмачылыктарды бир да жагын көңүл сыртында калтырбоого аракет кылдык.

*3. Системалуулук*. Байкоо процессин үзгүлтүккө учуратпай системалуу жүргүзүү студенттердин гендердик-ролдук маданиятындагы өзгөрүү жана

динамикаларды бир канча жолу байкап териштирип, салыштырып көрүп гана тыянак чыгарууга өбөлгө болоорун көрсөттү.

Биздин ишмердүүлүгүбүз изилдөө алкагыбыздын дал өзү менен тыгыз байланышта болушу б.а. 20 жылдан ашуун мезгилден бери Ош мамлекеттик университетинин Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин англис тилин окутуунун методикасы кафедрасында иштегендигибизден улам студенттер чөйрөсүндө сабактарда, сабактардан тышкаркы түрдүү иш-чараларда иш-чаранын четтен туруп ачык байкоочусу эмес алардын бири катары алар менен аралашып катышып ичтен байкоо мүмкүнчүлүгүн жаратты. Ал эми 2017-жылдан б.а. диссертациялык изилдөөнүн негизги милдеттери аныкталган соң байкоо иши бир топ программалуу жүргүзүлдү. Сабактарда кыз-уландар ортосундагы мамилеге коюлган милдеттердин алкагында байкоо жүргүзүлө баштады. Байкоо жазуулары байкоо формасын колдонуу менен жүргүзүлдү. Байкоо жазуулары изилдөөчү тарабынан жазылган.

**Педагогикалык эксперимент.** Биздин изилдөөбүз баштапкы абалды аныктоо, аны өзгөртүү процессин моделдештирүү жана айкындалган педагогикалык каражаттарды сыноодон өткөрүү сыяктуу логикалык этаптардан турат. Эксперимент (лат. *experimentum* – сыноо, тажрыйба) – таанып билүү ыкмасы, анын жардамы менен реалдуулуктун кубулуштары башкарылуучу шарттарда изилденет. Биз өз изилдөөбүздүн алкагында педагогикалык экспериментти пландаштыруу жана өткөрүүдө илимде калыптанган теориялык жана практикалык көз караштарды эске алдык.

Педагогикалык эксперимент – алдын ала айкындалган божомолдорду сыноо текшерүү аркылуу окутуу, тарбиялоо процессин атайылап өзгөртүү өркүндөтүүгө, алынган натыйжаларды сапаттык жактан терең талдоо сандык жактан өлчөөгө багытталган метод.

Биздин изилдөөбүздүн алкагында эксперименталдык иштер фокс группаларда пилоттук сурамжылоо, констатациялык жана калыптандыруучу эксперимент сыяктуу этаптар аркылуу пландаштырылып өткөрүлдү.

Алгач кыргыздардын салттык маданиятындагы аял эркек ортосундагы ролдук мамилелерди үйрөнүү максатында фокус топтордон сурамжылоо жүргүздүк, маалыматтарды жыйнадык. Бул – көмөкчү метод аркылуу бир тараптан салттык маданиятындагы аял эркек ортосундагы ролдук мамилелеринин үлгүлөрүн тактоого, экинчи жактан студенттердин гендердик-ролдук маданиятын калыптандыруунун мазмунун, критериалдык мүнөздөмөлөрүн, көрсөткүчтөрүн жана ошондой эле алардын гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүгө багыталган окуу-тарбия программалык иш-чаралардын мазмундук багыттарын аныктоого аракет кылдык.

Фокус топтун курамы 10 адамдан болуп алардын жарымы эркектер, жарымы аялдар болду. Талкууну керектүү нукта кармап туруу, катышуучулардын кезеги менен сүйлөп туруусун көзөмөлдөө, сүйлөбөгөн адамдарды талкууга тартуу үчүн алардын ичинен бирөө модератор катары тандалды. Фокус группанын жакшы жана шыр жүрүшү үчүн алдын ала структураланган суроолор түзүлгөн. Фокус группада талкууланган суроолордун айрымдары төмөнкүлөр:

1. Эмне үчүн азыркы жаш үй-бүлөлөрдө ажырашуулар көп?

2. Эркектер өздөрүнө таандык үй-бүлөлүк милдет парыздарын татыктуу аткарып жатышабы?

3. Бүгүнкү жаш келин-кыздардын социалдык маданий бейнесинде салттык баалуулуктар кандай сакталган?

4. Ата-бабалар жана өзүбүздүн ата-энелер балдар менен кыздарда гендердик-ролдук милдеттерге кантип тарбиялап келишкен?

5. Азыркы ата-энелер бул багытта өз урпактарын кантип тарбиялап жатышат?

6. Азыр жаштарды аял эркектик социалдык маданий милдеттерин аткарууга тарбиялоо кандай салттык регулятивдер бар?

7. Жаш жубайларды аял эркектик социалдык маданий милдеттерин аткарууга тарбиялоодо айылдын тарбиялык таасири мурда кандай эле жана азыр кандай?

8. Жаш жубайларды аял эркектик социалдык маданий милдеттерин аткарууга тарбиялоодо мурунку жана азыркы айыл тарбиясы бири-биринен эмнелери боюнча айырмаланат?

9. Бүгүнкү күндө жаш муундарды тарбиялоодо коомдук пикирдин (эл сөзүнүн) ролу канчалык?

10. Азыркы жаштарды гендердик-ролдук маданиятка тарбиялоо үчүн атайын билим берүү программалары зарылбы?

11. Сиздин оюңузча кыргыз коомунун салттык баалууктарына ылайык жаштарды гендердик-ролдук маданиятка тарбиялоо үчүн атайын билим берүү программаларынын мазмундук чектери кандай болуусу керек?

Фокус группа аркылуу алынган маалыматтар стенограммада чагылдырылып катталды. Бирок, биз тараптан стенограммадагы бүтпөгөн сүйлөмдөрдү, жарым-жартылай ойлорду, керексиз сөз айкаштарын жана мүнөздөмөлөрдүн түпкү маанисин сактап, редакцияланып чыкты.

Натыйжалары констатациялык эксперименттин жыйынтыктары боюнча корутундуларды тариздөөдө жана калыптандыруучу эксперименттин программасын, каражаттарын тактоодо колдонулду.

Экинчи этаптагы студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын калыптанышы тууралуу баштапкы маалыматтарды үйрөнүүгө, тактоого орун алган кемчиликтердин себептерин аныктоого багытталды. Студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын өнүгүшүнүн баштапкы абалын аныктоодогу анкета методу колдонулду.

Анкета методун колдонуу бизди бул багыттагы диагностикалык каражаттарды үйрөнүү зарылдыгын жаратты. Алардын ичинде Е. Д. Беспанская-Павленко тарабынан түзүлгөн «Психодиагностические методики изучения гендерных особенностей личности» аттуу жыйнакка кирген сурамжылоо каражаттары өзгөчө кызыгууну туудурат. Биз тараптан обол ал жыйнактын курамындагы И. С. Клецина тарабынан иштелип чыгып «Макалдар» аттуу сурамжылоо каражаты кыргыз коомунун гендердик маданияттын салттык талап эрежелерине ылайык адаптациялап, өркүндөттүк [94]. Бул анкета студенттердин

үй-бүлөдөгү гендердик-ролдук баалуулуктарга карата мамилесин үйрөнүү үчүн колдонулду.

Анкета гендердик-ролдук маданиятка байланыштуу 25 макалдан турат. Биз тараптан жооп баракчасын, натыйжаларды иштеп чыгуу жана интерпретациялоо боюнча сунуштар изилдөөбүздүн предметине жана милдеттерине ылайык өркүндөтүлдү. Суроолордун курамы үй-бүлөдөгү ролдорду бөлүштүрүү жөнүндө кыргыз макалдарындагы салттуу идеялар менен толукталды. Фольклордук булактарды анализдөө жубайлык гендердик маданияттын үлгүлөрү көбүнчө аялдарга таандык макалдар аркылуу туюнтулганын көрсөттү. Анкетанын натыйжалары студенттердин салттык маданияттагы гендердик-ролдук моделдерге карата мамилесин көрсөтө алат. Үй-бүлөдөгү ролдорду бөлүштүрүү жөнүндөгү стереотиптик идеяларга ылайык, үй-бүлөлүк милдеттердин көбүн аял аткарышы керек, ал эми күйөө үй-бүлөнүн материалдык жыргалчылыгын камсыздап, социалдык чөйрө менен үй-бүлөлүк байланышты кармап турушу керек. Аялдардын басымдуу бөлүгү эркектер менен бирдей шартта үй-бүлөнү камсыз кылуу функцияларын өзүнө алганына карабастан, күйөөлөр аялдары менен үй чарбасы менен байланышкан функцияларды бирдей бөлүшкөн эмес. Социологиялык изилдөөлөр көрсөткөндөй, көп жылдар бою өзгөргөн жок, аялдар мурункудай эле үй жумуштарына жана бала багууга караганда эки-үч эсе көп убакыт бөлүшөт.

Аял менен эркектин үй-бүлөлүк ролдорунун бөлүштүрүлүшүнүн мүнөзү боюнча үй-бүлөлөрдүн үч тиби бөлүнөт: аялдын ролуна басым жасаган, аял эркектин эриш аркактыгын тастыктаган макалдар жана эркектин доминанттык ролун өзгөчө жактаган салттык көз караштар. Салттуу кыргыз коомунда үй-бүлөнүн бакубаттыгы аял затынын кишилик сапаттарынан көз каранды болоору тастыкталат. Ошону менен үй-бүлө ролдорун «эркек» жана «аял» деп бөлбөстөн биргелешип бөлүштүрүүгө эгалитардык мамилелер да өзгөчө орунда турат. Орточо типтеги үй-бүлөлөрдө үй-бүлө ичиндеги ролдорду бөлүштүрүүнүн типтүү варианты айтылган эмес.

*Методикалык түшүндүрмөлөр:* 25 макалдын 15и салттуу кыргыз коомундагы үй-бүлөдөгү аял жана күйөөнүн ролдорун чагылдырат. Студенттер жоопторду туура аңдап толтурушу үчүн алар алгач салттык кыргыз коомундагы баалуулуктарын каттап, сактап, муундан муунга трансформациялоодогу макалдардын функциясы тууралуу билимдер менен тааныштырдык.

*Көрсөтмө:* Сиз жогорудагы айтылгандарга канчалык деңгээлде макулсуз? Сиздин пикириңизге туура келген графага плюс коюңуз.

Сурамжылоонун текстин төмөнкүлөр түздү. Массалык анкеталык сурамжылоого Ош мамлекеттик университетинин жана А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин жана Ош мамлекеттик университетинин чет тилдер факультеттеринин 214 студенти катышты. Студенттердин курамында айыл жана шаарга таандыктыгы өлчөнүп бааланган жок (2.1-таблица).

**2.1-таблица. – Массалык сурамжылоонун көрсөткүчтөрү**

| № | Салттык пикирлер | Макул-мун | Каршы-мын | Арсар-мын | Толук ко-шулбайм | Макул эмесмин |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Аял жакшы – эр жакшы, вазир жакшы – хан жакшы | 180 | 20 | 10 | 0 | 4 |
| 2 | Аял сергегинен жумуш бүтөт, эркек сергегинен ырыс түтөт | 114 | 67 | | 24 | 5 |
| 3 | Аялды ашынан тааны | 174 | 8 | 0 | 17 | 15 |
| 4 | Аялдын азабы көп, түйшүгү түмөн | 178 | 14 | 8 | 7 | 7 |
| 5 | Жакшы аял жаман эрди жакшы кылат, жаман аял жакшы эрди жер кылат | 199 | 0 | 10 | 3 | 2 |
| 6 | Көп аялдуунун кокую көп | 145 | 50 | 16 | 0 | 3 |
| 7 | Уул таппас аял болбос, анын тураарын айт, мал таппас жигит болбос, анын кураарын айт | 4 | 2 | 167 | 17 | 24 |
| 8 | Эр төркүнү эшиктен кайтат, аял төркүнү төрдөн кайтат | 95 | 56 | 35 | 15 | 13 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 9 | Эрди эр кылган да, жер кылган да – аял | 195 | 0 | 7 | 5 | 7 |
| 10 | Эркек үндүү аялдын уяты жок, катын үндүү эркектин кубаты жок | 67 | 80 | 35 | 6 | 26 |
| 11 | Эркек опкогу үй толтурат, аял опкогу үй түгөтөт | 76 | 85 | 31 | 8 | 14 |
| 12 | Эркекке жүрөк, аялга жөлөк керек | 121 | 80 | 9 | 0 | 4 |
| 13 | Алган эри жарашса, кара катын ак болот, баккан ээси жарашса, кара күчүк сак болот | 190 | 5 | 5 | 6 | 8 |
| 14 | Ат сыйлаган азамат жөө баспайт, эр сыйлаган катын эшикте калбайт | 80 | 76 | 14 | 37 | 7 |
| 15 | Алганыңа сүйүнбө, ардагына сүйүн | 35 | 23 | 142 | 8 | 6 |
| 16 | Ажарлуу аял адамдын периштеси, акылдуу аял эркектин шериктеши | 80 | 76 | 14 | 37 | 7 |
| 17 | Жаман эркек тууганчыл, жаман катын төркүнчүл | 91 | 28 | 39 | 23 | 33 |
| 18 | Катынды күтүп албаган, күң кылат | 135 | 38 | 26 | 7 | 8 |
| 19 | Эрди-катын урушат, эси кеткен болушат | 87 | 71 | 33 | 14 | 9 |
| 20 | Азамат акылдуу болсо, алганы мээримдүү болот | 134 | 44 | 16 | 19 | 1 |
| 21 | Баардык жигит кыз тандайт, бактылуу жигит уз тандайт | 89 | 35 | 41 | 27 | 22 |
| 22 | Эр жигиттин алганы жарашпаса алка жакасы ак болобу да, элине эмгек сиңип бак конобу | 79 | 56 | 45 | 27 | 7 |
| 23 | Эрте турган жигиттин ырысы артык, эрте турган аялдын, бир жумушу артык | 87 | 40 | 43 | 31 | 13 |
| 24 | Тай туйлап, такка чыкмак беле | 90 | 67 | 23 | 14 | 20 |
| 25 | Алтын баштуу аялдан – бака баштуу эр артык | 27 | 79 | 31 | 54 | 23 |
| | **Жалпы:** | **2752 51,4%** | **1100 20%** | **804 15%** | **406 7,5%** | **284 5,3%** |




**2.1-диаграмма. Массалык анкеталык сурамжылоонун жыйынтыгы**

Шкалада баалоо критерийлери «Макулмун» – 5 балл, «Каршымын» – 4 балл, «Арсармын» – 3 балл, «Толук кошулбайм» – 2 балл, «Макул эмесмин» – 1 балл. Шкаланын баскычтары 5 баллдык Likert түрү боюнча бааланды. Шкалада алынган эң жогорку балл инсандын гендердик-ролдорго карата мамилеси бакубат салттык баалуулуктарга негизделээрин көрсөтөт.

Баллды топтоонун критерийи:

– 85 тен жогору – 5;

– 74 төн жогору – 4;

– 61 ден жогору – 3;

– 61ден төмөнкү – 2 баа.

Сурамжылоонун жыйынтыгында, «Макулмун» – 2,7, «Каршымын» – 1,1, «Арсармын» – 0,8, «Толук кошулбайм» – 0,4, «Макул эмесмин» – 0,3.

Массалык сурамжылоо процессинде жалпы эле окуучу жаштардын анын ичинде университет студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын калыптандырууда кыргыз элинин салттуу баалуулуктары жетишээрлик колдонулбай келе жаткандыгы ачык көрүндү. Анын жыйынтыктары диаграммада жана баллдык катнашта көрсөтүлдү (2.1-сүрөт). Гендердик таалим-

тарбия каражаттарынын курамында кыргыз элдик маданиятынын каражаттары (эмгек элементтери, адеп-ахлактык тарбия, уламыштар, макал-лакаптар, накыл сөздөр, табышмактар, элдик оюндар) өтө эле жупуну орун алган. ЖОЖдордо бул ишти жүзөгө ашыруунун максаты жана ишке ашыруунун мазмуну, жолдору илимий негизде долбоорлонгон эмес.

Констатациялык эксперимент этабында студенттердин гендердик-ролдук маданият тууралуу билимдерин, мамилерин, жүрүм-турум установкаларын диагноздоо максатында 35 суроодон турган «Студенттердин гендердик-ролдук маданиятын диагноздоо анкетасын» иштеп чыктык. Аны иштеп чыгууда жогорудагы Клецина иштеп чыгып биз тараптан адаптацияланган анкета суроолоруна таяндык жана аны өркүндөттүк.

Бул структурадан көрүнүп тургандай анкеталык суроолордун ички мазмундук өзөгүн студенттердин гендердик-ролдук маданиятындагы кыргыз коомунун улуттук баалуулуктарынын орун алышын тактоо түзөт. Ошондуктан суроолордун алгачкы тобу студенттердин бул маселеге карата мамилесин аныктоого багытталган төмөнкүдөй суроолор түздү:

1. Кыргыздардын салттык педагогикалык маданиятын билүү азыркы учур үчүн өтө маанилүүбү?

2. Кыргыздардын салттык билимдеринде аял менен эркектин гендердик-ролдук маданиятына таандык олуттуу баалуулуктар камтылганбы?

3. Элдик маданият өткөндүн калдыктары, дүйнөдө андан да кызыктуу жана маанилүү баалуулуктар барбы?

4. Кыргыздардын салттык билимдериндеги аял менен эркектин гендердик-ролдук маданиятына таандык баалуулуктарды азыркы жаштар билеби кандай ойлосуз?.

5. Кыргыздардын салттык билимдериндеги аял менен эркектин гендердик-ролдук маданиятына таандык баалуулуктарды бардык жаштар үйрөнүүсү зарыл дегенди кандайча карайсыз?

6. Кыргыздардын калыптанып калган каада-салттары азыркы жаштардын гендердик-ролдук маданиятка болгон көз карашына карама-каршы келбейт дегенге оюуңуз кандай?

7. Англис тили адистигиндеги окуу дисциплиналарынын мазмунунда гендердик-ролдук маданиятка үйрөтүү боюнча чараларды көрүш деңгээли кандай?

8. Үй-бүлөдө аялдын таасири күчтүү. «Апасы жиндинин баары жинди, Атасы жиндинин бирөө жинди». Эркектин үйдө айткандарынын ар бири аткарылышы керекби?

9. Үй-бүлөдөгү жакшы нерселердин баары аялдын акыл парасатына байланыштуу, ошондуктан үйдө аялдын айткандарынын ар бири аткарылышы керек. «Ак көрпө жайыл ургаачы, Жабуулуу кара инген» деген аял затынын идеалдык үлгүлөрү азыркы учурда маанилүүбү?

10. Кыргыздардын гендердик-ролдук маданиятка байланыштуу баалууктарын камтыган булактар жалпыга белгилүүбү?

Жалпыланган анкета суроолору 2-тиркемеде берилди.

**Изилдөөнүн алкагы жана ага катышкандарды аныктоо.** Бул анкеталык сурамжылоого 2019-2022-окуу жылдарында Ош мамлекеттик университетинин жана А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин чет тилдер факультеттеринин 214 студенти катышты. Студенттердин курамында айыл жана шаарга таандыктыгы өлчөнүп бааланган жок. Бул изилдөөнү жүргүзүү үчүн уруксат А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин ректорунан алынды.

Эксперименталдык изилдөөнүн үчүнчү этабында (2019-2021) үч окуу жылын камтыган калыптандыруучу педагогикалык эксперимент жүргүзүлдү. Анын алкагында кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын калыптандыруунун моделин жана аны ишке ашыруунун педагогикалык шарттары апробацияланды.

Калыптандыруучу педагогикалык экспериментке Ош мамлекеттик университетинин дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин студенттери

тартылды. Бул эксперименттин мазмуну, жүрүшү жана натыйжалары тууралуу маалыматтар диссертациянын 3.3-параграфында деталдуу чагылдырылат.

## 2.2. ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүнүн модели

Абалды аныктоо боюнча түрдүү методдор аркылуу жүргүзүлгөн изилдөөлөр студенттердин гендердик-ролдук маданият өнүктүрүүнүн ырааттуу системасы жоктугун тастыктады.

Жогорку педагогикалык билим берүү стандарттарында, гуманитардык сабактардын мазмунунда студенттердин гендердик-ролдук маданиятын калыптандырууга байланыштуу маселелер атайын белгиленген эмес. Педагогикалык тажрыйбаны изилдөө процессинде жалпы эле окуучу жаштардын анын ичинде университет студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын калыптандырууда кыргыз элинин салттуу баалуулуктары жетишээрлик колдонулбай келе жаткандыгы ачык көрүндү. Гендердик таалим-тарбия каражаттарынын курамында кыргыз элдик маданиятынын каражаттарынын (эмгек элементтери, адеп-ахлактык тарбия, уламыштар, макал-лакаптар, накыл сөздөр, табышмактар, элдик оюндар) өтө эле жупуну орун алган. Мындан тышкары, педагогдор (ата-энелер жана мугалимдер) оозеки чыгармаларды окутуу процессинде болобу, же түрдүү дисциплиналарды, анын ичинде англис тилин окутууда оозеки чыгармалардагы эркектик/аялдык мамилелердин чектелген үлгүлөрүн колдонушат. ЖОЖдордо бул ишти жүзөгө ашыруунун максаты жана ишке ашыруунун мазмуну, жолдору илимий негизде долбоорлонгон эмес.

Бул жагдай кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнү ырааттуу ишке ашыруу милдети анын максатынан натыйжасына чейинки педагогикалык кубулуштарды ичине камтыган гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү моделин иштеп чыгуу зарылдыгын жаратты.

Модель деген сөз латын тилинен алынган modulus – ченөө, үлгү дегенди билдирет. Үлгү – система катары каралып, башка объект жөнүндө билим алуучу каражат болуп эсептелинет [113, 131-б]. Модель – схема, физикалык структуралар, символикалык формалар же формулалар түрүндөгү жасалма жол менен түзүлгөн объект. Модель – бул кандайдыр бир объекттин же анын системасынын схемасы, элесинин түшүрүлүшү же жазуу аркылуу түшүндүрүлүшү. Мындай схема кыйла кичирейтилген абалда түзүлөт да, ички элементтеринин байланышы так, даана көрсөтүлөт.

Педагогикалык изилдөөлөрдө калыптанган көз караштарга ылайык мындай модель төмөнкүдөй структурадан турат:

1. Максаты.

2. Субьекттердин өз ара ишмердүүлүктөрүнүн мазмуну жана өзгөчөлүктөрү.

3. Аткарылуучу жумуштардын метод, форма жана каражаттары.

4. Натыйжалуулугунун эффективдүүлүгү.

5. Алынган натыйжа.

Биздин изилдөөбүздөгү ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү модели бул процесстин максатын, принциптерин, каражаттарын, формаларын, критерийлерин камтыйт.

Бул процесстин максаты – ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү. Гендердик-ролдук маданиятты өнүктүрүү – салттык гендердик билимдер системасын, салттык гендердик мамилелерди калыптандыруу жана жүрүм-турум стилин өнүктүрүү аркылуу улуттук маданиятын, баалуулуктарын жана жүрүм-турумунун социалдык нормаларын өздөштүрүү процесси.

ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданияты алардын улуттук гендердик маданий иденттүүлүгүнүн интегративдик касиети. Бул алардын гендердик-ролдук маданиятка байланыштуу улуттук педагогиканын үлгүлөрүн тынымсыз үйрөнүүгө умтулуу дымагы, өзүн бул багыттагы улуу нуска, улуу

нарктардын үлгүсүндө өнүктүрүү жаатындагы зарыл билим, билгичтик жана көндүмдөрүнүн тутуму.

*Мазмуну:* кыргыздын салттык баалуулуктары аркылуу ЖОЖдордо студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн мазмуну.

ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү моделинин негизги бөлүгү анын структуралык компоненти болуп эсептелет. Сөздүн тике маанисинде ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу гендердик-ролдук маданияты өнүккөн студент кандай сапаттарга ээ болуш керек жана ал кандай курамдык компоненттерден турат деген суроого жооп берет. Түпкүлүгүндө ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн негизги компоненттери бул иштин натыйжасын өлчөп баалоо жана аны калыптандыруунун эксперименталдык системасын иштеп чыгуу жөнүндөгү маселени чечүү үчүн эң маанилүү өбөлгө болуп эсептелет.

ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын мүнөздөмөлөрүн иштеп чыгууда мындай сапаттык өзгөчөлүктөрдү аныктоонун атайын амалдары жана процедураларынын баарын колдонууга аракет кылдык.

Буга байланыштуу бир катар изилдөөлөрдө аныкталган студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын мүнөздөмөлөрүн үйрөнүп чыктык.

Изилдөөнүн жүрүшүндө ал жалпыланган түрдүү жоболор (кээ бир түзөтүүлөрдү киргизүү менен) кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн милдеттерине байланыштуу талаптар менен өркүндөтүлүп толукталды. Буга байланыштуу изилдөө процессинде алдын ала айкындалган сапаттык мүнөздөмөлөр ата-энелердин, эксперттердин пикирлерин жана тажрыйбаларын сурамжылоо иштери жүзөгө ашты. ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятына зарыл болгон сапаттарын тандоо процессинде, элге билим берүү бөлүмдөрүнүн кызматкерлери, жалпы билим берүү мектептеринин жетекчилери, педагогика

жана психология боюнча окутуучулар педагогикалык жогорку окуу жайларынын жеке методикалык окутуучулары кирген квалификациялуу адистердин пикирлери эске алынды.

Биз чогулткан бардык материалдар бизге биринчиден, кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү боюнча программаларды долбоорлоо жана анын натыйжаларын өлчөөгө, баалоого негиз болот, экинчиден, калыптандыруу процессинде өнүгүш динамикасынын даражалык өлчөмдөрүн айкындоого негиз болот. Мындай атайын процедуралар боюнча изилдөөлөрдүн натыйжалары кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын структуралык компоненттерин синтездөөгө мүмкүнчүлүк берди.

Кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын структуралык компоненттерин алардын улуттун нарктуу өкүлү, болочок жубай, ата-эне катары калыптанышынын мүнөздөмөсү катары кароо керек.

Биздин пикирибизге ылайык кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданияты когнитивдик, эмоционалдык-рефлексивдик, жүрүм-турумдук структуралык компоненттерден турат.

Салттык гендердик-ролдук маданият чөйрөсүндөгү баалуулуктарды өздөштүрүү эң обол ар кандай доорлордун сыноосунан өтүп иргелип, тандалып олтурган ой түшүнүктөрдү, билимдердин мураскери болуу менен байланыштуу. Когнитивдик компонент гуманитардык аң-сезимдин, бүтүндөй дүйнө таанымдын, азыркы адамдын иш-аракетин аныктоочу, ошондой эле анын иш-аракетин координациялоочу калыптандыруучу жана маани берүүчү фактор болгон топтолгон системалаштырылган гуманитардык социалдык-маданий билимдерди баалуулуктар системасын өздөштүрүүнү жана өткөрүп берүүнү камтыйт. Бул өздөштүрүлгөн гендердик-ролдук маданиятка таандык гуманитардык социалдык-маданий билимдердин, жалпы адамзаттык баалуулуктардын, нормалардын, идеалдардын, салттардын тутуму инсандын

гуманитардык маданиятта чагылдырылган гендердик тарбиялык, таанымдык таанып-билүү процессинин кандайдыр бир натыйжасы болуп саналат.

Гендердик-ролдук маданиятка таандык салттык баалуулуктардын маалыматтык ресурстары философия, тарых, адабият, дин тарыхы, маданият таануу, искусство, тил багытындагы сабактарда катталган жана орун алышы маанилүү. Гендердик-ролдук маданиятка байланыштуу социалдык-маданий билимдерди өздөштүрүү маалыматты таанып билүү, кабыл алуу жана чагылдыруу процесстери, башкача айтканда, таанып билүү процесстери менен байланышкан. А. С. Запесоцкий айткандай, аң-сезимдин когнитивдик (рационалдуу) катмары адамдын руханиятынын эң маанилүү курамдык бөлүгүн – рационалдуулукту дүйнөнү интерсубъекттер аралык ыңгайда кайра жаратуу жана өндүрүү жөндөмү катары ой-аракеттин калыптанышын камтыйт [73, 233-б.]. Когнитивдик аспект ар кандай деңгээлде көрсөтүлүшү мүмкүн: каралып жаткан аксиологиялык материал менен үстүртөн таанышуу менен айырмаланган кырдаалдык образдардын деңгээлинде; кубулуштун маңызына тереңирээк кирүүнү мүнөздөөчү жарым-жартылай чагылдыруу, конкреттүү түшүнүктөр деңгээлинде; жалпылоонун эң жогорку даражасын жана каралып жаткан мазмундун тереңдигин мүнөздөгөн жалпылоочу идеялардын деңгээлинде. Оң гендердик-ролдук жүрүм-турум моделдеринин идеясы гендердик-ролдук билим берүүнүн динамикасын чагылдырат. Ошентип, когнитивдик компонент маалымат берүүчү жана системалаштыруучу функцияларды аткарып, студенттерге ар түрдүү маалыматтын чоң агымы менен таанышууга, тааныш жана жаңыны, маанилүү жана кошумчаны тандоого мүмкүндүк берет. Бирок, билим объективдүү түрдө баа берүүдөн эркин боло албайт. Терең билим таанып-билүү ишинин субъектинин бардык жагынан чагылдырылышын камтыйт, б.а. анын объективдүү ички байланыштарын ачып көрсөтүү жана аларга маанилик позициядан баа берүү, т.а., билүүчү менен белгилүүнүн ортосундагы байланыштын өз ара мамилесин чагылдырбаса билимдин толук баалуулугу шек жаратат [73, 237-б.].

Когнитивдик компонент маалымат берүүчү жана системалаштыруучу функцияларды аткарып, студенттерге ар түрдүү маалыматтын чоң агымы менен таанышууга, тааныш жана жаңыны, маанилүү жана кошумчаны тандоого мүмкүндүк берет. Бирок, билим объективдүү түрдө баа берүүдөн эркин боло албайт.

Терең билим таанып-билүү ишинин субъектинин бардык жагынан чагылдырылышын камтыйт, б.а. анын объективдүү ички байланыштарын ачып көрсөтүү жана аларга маанилик позициядан баа берүү, т.а., билүүчү менен белгилүүнүн ортосундагы байланышты ачып бербестен, сыпаттоо гана болсо, билим толук болбойт. Бул жагдай студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын – эмоционалдык-баалоочу компонентин бөлүп көрсөтүүгө негиз болот. Баалоо инсан тарабынан мурдатан эле калыптанып калган баалуулуктардын, берилген нерсени, кубулушту, фактыны, маанини, идеяны аңдап билүүгө багытталып өзүн өзү таанып билүү, өз алдынча байкоо жүргүзүү, өзүн өзү баалоо жана өзүн өзү башкара билүү сыяктуу анын ишмердүүлүк процессинде жүзөгө ашат [84].

А. Н. Леонтьевдин пикиринде, «... предметтин маанисин, ал теориялык болобу, практикалык болобу, өздөштүрүү аздык кылат, үйрөнүүчү изилденип жаткан нерсеге жараша реакция кылып, аны баалап өз алдынча айырмалуу мамиледе, пикирде болушу абзел. Алган билим ушундай шартта гана жандуу болуп, инсандын өздүк байманасына, көз карашына айланат [112]. Ошондуктан, ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүдө эмоционалдык-рефлексивдик компонент өзгөчө мааниге ээ. Эмоционалдык-рефлексивдик компонент каралып жаткан салттуу баалуулуктардын, фактылардын, идеялардын жана студенттердин аларга болгон мамилесинин ортосундагы органикалык байланышты чагылдырат. Баалоочу баа берүү ар дайым сенсордук тажрыйба менен байланышкан жана студенттердин курчап турган чындык менен реалдуу өз ара аракеттенүүсүн көрсөтүп, социалдык-маданий баалуулуктардын ортосундагы мамилени жана аларга карата эмоционалдык оң мамилени

чагылдырат. Баалуулуктар менен байланышкан эмоциялар дүйнөгө эмоционалдык мамилени ассимиляциялоонун өзгөчө жолу катары тажрыйбада чагылдырылат. Эмоционалдык тажрыйба гендердик-ролдук жүрүм-турумду эмоционалдык абалда кабыл алууга өбөлгө болот. Эмоциялар болочок жубайлардын миңдеген жылдар элдин элегинен өткөн жаңы билимдерге ээ болууга умтулуусун күчөтөт, гендердик-ролдук жүрүм-турумдун маңызын ачып берүүчү жаңы түшүнүктөрдү, категорияларды калыптандырат. Биздин изилдөөбүздө рефлексия гендердик-ролдук маданият жагынан өзүн-өзү түшүнүү, өзүн өзү баалоо, өз алдынча интерпретациялоо, ошондой эле башка адамды түшүнүү, баалоо жана интерпретациялоо процесстерин билдирет. Рефлексия гендердик-ролдук маданият жаатындагы баалуулуктардын адеп-ахлак нормаларынын жана идеалдарынын жеке жана жалпы адамзаттык маанисине карата субъективдүү мамилелерди камсыздайт. Баалуулуктун сапатынын көрсөткүчтөрү болуп алардын көлөмү, тереңдиги, ийкемдүүлүгү саналат, алар анын кокустук жана үстүртөн көз караштар менен позицияларды жокко чыгарууга багытталган. Мындай көрсөткүчтөр баа берүүнүн, баалоонун кылдат жана ынанымдуулугун камсыз кылат. Буга байланыштуу С. Л. Рубинштейн «Ойлоо – бул эң оболу териштирүү, тыянакка келүү», – деп жазган [155, 23-б.].

**Жүрүм-турумдук компонент.** Педагогикада жүрүм-турум адамдын иш-аракетинин жыйындысы катары түшүнүлөт, мында тышкы иш-аракеттерди жана аракеттердин ички шартталышын, башкача айтканда, алардын жүрүм-турумунун гендердик нормаларга дал келиши. Гендердик нормалар – бул коомдун мүчөлөрү жана чоң социалдык топтордун өкүлдөрү катары эркектер менен аялдардын иш-аракеттеринин эрежелери, жүрүм-турум үлгүлөрү, стандарттары. Гендердик нормаларды өздөштүрүү, адамды гендердик-ролдук жүрүм-турумдун стандарттары менен тааныштыруу процесси башка социалдык нормаларды өздөштүрүү процессинен принципиалдуу түрдө айырмаланбайт жана бир жагынан, бул нормаларды рационалдуу аңдоону камтыйт, ал эми экинчи жагынан, нормативдик стандарттарды өздүк жүрүм-турумга айландыруусу.

Адеп-ахлактык ынанымдар жана сезимдер менен бирге адеп-ахлактык адаттар жүрүм-турумдун ички жөнгө салуучу системасына кирет. Адеп-ахлактык адат – бул иш-аракетти көзөмөлсүз эле эмес, ошондой эле бул иш-аракеттин өнүккөн муктаждыгынан улам ишке ашыруу жөндөмдүүлүгү [20]. Ал компонент «чыныгы» эркектин же аялдын үйрөнгөн сапаттарын текшерүүнү, ар кандай гендердик-ролдорду ишке ашыруу шартында балдар менен кыздардын ортосундагы мамилелерде гендердик-ролдук жүрүм-турумдун мүмкүнчүлүктөрүн жана формаларын чындыкка айландырууну камтыйт. Бул компонент студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын б.а. реалдуу коммуникативдик аракеттеринин салттык баалуулуктар менен дал келишин туюндурат. Демек, бул сапат улан жана кыздардын өз ара мамилесинен, аял жана эркектин ролун аткаруу жаатындагы позитивдүү мамилелер, жоопкерчиликтүү гендердик-ролдук жүрүм-турумунан б.а. кылган эткенинен көрүнөт. Жүрүм-турум маданияты – адамдын калыптанган, социалдык маанилүү сапаттарынын жыйындысы, адеп-ахлак нормаларына, этикалык маданиятка негизделген, коомдогу күнүмдүк аракеттери. Демек, кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу калыптануучу ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданияты түшүнүктөрдүн, ишенимдердин гана суммасы эмес. Турмушта «билип сезип» турса да эркин башкара албай чекилик иш жасаган адамдар арбын. Ошону менен бирге гендердик-ролдук жүрүм-турум этикетин сактагандардын баарын эле жетилген жубай, инсан катары кароого да болбойт. Айрымдар каршысындагы аял же эркекке карата эгалитардык мамилесин берешендик, «Кожо көрсүн, Эл уксун» деген принциптин негизинде жасашат. Демек, «эгалитаризмден» алыс болуу өз ара жубайлык мамилелердин нукура табигый болушун шарттайт. Студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын калыптанышы – күн түн бою жыныстар аралык социалдык жүрүм-турумун тескеп чекиликтен сактап турууучу матрица. Адамдын руханий-адептик жактан тарбиялангандыгы – эл арасында да эч ким көрбөгөн жерде да өзүнүн жорук жосунун бирдей тутуусунан, туура ойлоо, ойлогонундай сүйлөө, сүйлөгөнүндөй жашоосунан көрүнөт.

Изилдөөнүн милдеттерине ылайык аталган компоненттерде камтылган сапаттарды калыптандыруу процессиндеги диагностика иштери үчүн көрсөткүчтөрдү иштеп чыгуу зарылдыгын жаратты. ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн интегралдык мүнөздөмөсүн, көрсөткүчтөрүн жана деңгээлдерин жалпыланган критерийдин негизинде диагностикалоо мүмкүн эместигин көрсөтүп турат. Биздин изилдөөбүздө ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын компоненттеринин төмөндөгүдөй көрсөткүчтөрү аныкталды.

**Когнитивдик компонент** төмөнкүдөй сапаттык көрсөткүчтөрдөн турат:

– өзүнүн жана башка этностордун гендердик-ролдук маданий баалуулуктарына туура баа берүүгө өбөлгө түзүүчү азыркы илимий методологияларга ээ болуусу;

– салттык гендердик маданиятка байланыштуу элдик салт жөрөлгөлөрдү билүүсү;

– фольклордун түрдүү жанрларындагы «жакшы аял», «жакшы эркек» «эриш аркак үй-бүлө» тууралуу идеалдуу баалуулуктарды терең өздөштүрүү;

– ата-энелеринин жашаган чөйрөдөгү адамдардын жубайлык ролдук маданиятындагы өрнөктүү стреотиптерди кабылдоо жана тажрыйбаларды өздөштүрүүгө умтулуу;

– өзүнүн гендердик-ролдук маданиятын салттык маданияттагы баалуулуктарга салыштырып, баалай билүү.

**Эмоционалдык рефлексивдик компонент** төмөнкүдөй сапаттык көрсөткүчтөрдөн турат:

– өзүн улуттун гендердик маданиятын алып жүрүүчү жана улантуучу катары, улуттун өкүлү катары аңдап сезүүсү;

– элдин гендердик-ролдук маданиятка таандык үрп адат, салттарына урматтоо менен мамиле кылуусу;

– үй-бүлө куруу, жубайлык мамилелердеги ата-бабалардын нарктарын жаңы шарттарга ылайык адаптациялоо, трасформациялоонун зарылдыгын аңдап билүүсү;

– өзүн нарктуу инсан, татыктуу жубай жана нускалуу ата-эне катары өнүктүрүү боюнча салттык баалуулуктарды өздөштүрүү зарылдыгына бекем ишенүү;

– салттык маданиятта өөн жана орунсуз деп эсептелген «эркек» жана «аялдын» ролдук үлгүлөрүн таануу жана аларга терс мамиледе болуу, башкаларды да ага үгүттөө;

– «жакшы аял», «жакшы эркек» «эриш аркак үй-бүлө» субьекти катары нарктуу өзүн өзү тарбиялоого умтулуу.

**Жүрүм-турумдук компонент:**

– өзүнүн жана башка жыныстагылардын гендердик-ролдук жүрүм-турумуна баа берүү жөндөмдүүлүгү;

– жүрүм-турумда салттык маданиятта кабыл алынган аял эркекке таандык гендердик-ролдук нормаларды жана эрежелерди сактоого даярдыгынын практикалык тажрыйбасынын болушу;

– кабыл алынган моралдык талаптарды, жүрүм-турумдун нормаларын жана эрежелерин жетекчиликке алуу менен көйгөйлөрдү (кыйынчылыктарды, тоскоолдуктарды) жеңүүдө өз алдынчалыктын болушу;

– коомдо кабыл алынган жүрүм-турум нормаларын сактоо жөндөмдүүлүгү;

– өзүнүн гендердик-ролу менен калыптанган маданий салттардын негизинде коомдо кабыл алынган эркек жана аял сапаттарынын ар кандай көрүнүштөрүнүн ортосундагы байланышты түзө билүү;

– белгилүү бир маданиятка мүнөздүү эркектер менен аялдардын жүрүм-турумуна жана өзүнүн гендердик өзгөчөлүгүнө көңүл буруп, өз жынысындагы адамдардын арасында үстөмдүк кылган иш-аракеттердин ар кандай түрлөрүн жүргүзүү жөндөмдүүлүгү;

– өз жынысын эске алуу менен балдар жана чоңдор менен өз ара аракеттенүүнүн жолдорун тандоо жөндөмдүүлүгү.


ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүдө ар бир компоненттин өзүнчө орду бар бирок, алар биримдикте каралганда гана процесс натыйжалуу, эффективдүү болот.

Алардын ар биринин өзүнө таандык мүнөздөмөсү аныкталды.

**Төмөнкү деңгээл.** Салттык баалууктардын студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын калыптанышынын төмөнкү деңгээлинин сыпаттамасы. Салттык гендердик-ролдук маданиятка байланыштуу элдик салт жөрөлгөлөр, «жакшы аял», «жакшы эркек» «эриш аркак үй-бүлө» тууралуу билимдери үстүртөн, көбүнесе турмуштук баштан өткөн тажрыйбасына негизделген.

Өзүн улуттун гендердик маданиятын алып жүрүүчү жана улантуучу катары, улуттун өкүлү катары аңдап сезбейт, бул маселеге кош көңүл. Элдин гендердик-ролдук маданиятка таандык үрп адат, салттарына урматтоо менен мамиле кылбайт, өзгөчө баалуулук катары эсептебейт. Үй-бүлө куруу, жубайлык мамилелердеги ата-бабалардын нарктарын жаңы шарттарга ылайык адаптациялоо, трасформациялоонун зарылдыгына маани бербейт. Өзүнүн гендердик-ролдук жүрүм-турумунда аял жана эркекке таандык салттык баалуулуктарды, нормаларды жетекчиликке албайт.

**Ортоңку деңгээл.** Салттык гендердик-ролдук маданиятка байланыштуу элдик салт жөрөлгөлөр, «жакшы аял», «жакшы эркек» «эриш аркак үй-бүлө» тууралуу билимдери бар, бирок системдүү мүнөзгө ээ эмес. Өзүн улуттун гендердик маданиятын алып жүрүүчү жана улантуучу катары, улуттун өкүлү катары аңдап сезет, бирок элдин гендердик-ролдук маданиятка таандык үрп адат, салттарына урматтоо менен мамиле кылбайт, өзүнүн жүрүм-турумунда өнүктүрүүгө умтулбайт. Өзүнүн гендердик-ролдук жүрүм-турумунда аял жана эркекке таандык салттык баалуулуктарды, нормаларды жетекчиликке алат, бирок туруктуу мүнөзгө ээ эмес.




**2.1-сүрөт. ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн модели**

**Даярдыктын жогорку деңгээли** деп бардык белгилери айкын көрүнгөн учурду айтууга болот. Салттык гендердик-ролдук маданиятка байланыштуу элдик салт жөрөлгөлөр, «жакшы аял», «жакшы эркек» «эриш аркак үй-бүлө» тууралуу билимдери айкын, так жана илимий негиздүү. Өзүн улуттун гендердик маданиятын алып жүрүүчү жана улантуучу катары, улуттун өкүлү катары аңдап сезет, бирок элдин гендердик-ролдук маданиятка таандык үрп адат, салттарына урматтоо менен мамиле кылат, өзүнүн жүрүм-турумунда тынымсыз өнүктүрүүгө умтулат. Мындайлар келечекте нарктуу жубайлардын, ата-энелердин ордун толуктоочулар.

ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын калыптанышынын каралган түзүмүнө ага тийиштүү критерийлерге көрсөткүчтөргө таянып, студенттердин бул сапаттык мүнөздөмөсү түзүлдү.

**Натыйжа:** студенттер тарабынан салттык маданияттагы аял менен эркектин типтүү ролдук функциялардын өздөштүрүлүшү жана гендердик-ролдук маданият тууралуу түшүнүктөрүнүн, жүрүм-турум өнүгүшү.

Иштелип чыккан моделди ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын өнүгүшүн камсыздоону удаалаш жана максаттуу, багыттуу ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берүүчү акыркы натыйжа катары кароо керек.

## Экинчи бап боюнча тыянак

Илимде калыптанган методологиялык жоболор жана изилдөөнүн объектин – студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү, ал эми предметин – кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү процесси катары аныктоого негиз берди. Изилдөөдө кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн моделин иштеп чыгуу жана алардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүүгө багытталгандыктан сапаттык жана сандык изилдөө методдору өз ара айкалышта

колдонулду. Сапаттык изилдөө моделине адам маанилүү деп эсептеген фактыларды жана ага байланыштуу толгонууларды, сөздөрдү, тексттерди талдоого алуу менен изилденүүчүнүн пикирине таянып жүргүзүлгөн изилдөөлөр кирет. Сапаттык изилдөө байкоо, интервью жана документ талдоо сыяктуу сапаттык маалымат чогултуу ыкмалары колдонулган жана табигый чөйрөдөгү кабылдоолорду жана окуяларды реалдуу жана бүтүндөй ачып берүү үчүн сапаттык процесс жүргүзүлгөн изилдөө. Студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын өнүгүшү, өзгөрүшүнө байланыштуу анкета жана башка методдор менен алынган маалыматтар статистикалык методдор менен эсептелип пайыздык катыштары чыгарылды. Биздин изилдөөбүз баштапкы абалды аныктоо, аны өзгөртүү процессин моделдештирүү жана айкындалган педагогикалык каражаттарды сыноодон өткөрүү сыяктуу логикалык этаптардан турду. Эксперименталдык иштер фокс группаларда пилоттук сурамжылоо, констатациялык жана калыптандыруучу эксперимент сыяктуу этаптар аркылуу пландаштырылып өткөрүлдү. Эксперименттик материалдар фокус группада жүргүзүлгөн изилдөө иш-чаралары менен такталып, алынган маалыматтар стенограммада чагылдырылып катталып турду. Илимий жактан негизделген моделдин жана педагогикалык шарттардын негизинде кыргыздын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын өнүгүш динамикасын үйрөнүү «срездер» аркылуу жүргүзүлүп натыйжалары математикалык методдор аркылуу аныкталды.

Диссертацияда студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын биз карап чыккан курамдык бөлүктөрү когнитивдик-таанымдык компонент (гендердик-ролдук маданият тууралуу билимин өнүктүрүү) рефлексивдүү компонент («жеке үлгү» негизинде); жүрүм-турумдук (ролдук) компоненттерден (гендердик-ролдук жүрүм-турумдун жеке тажрыйбасынын негизинде) турат. Педагогикалык процессте ар бир компоненттин өзүнчө орду бар, бирок алар биримдикте каралганда гана процесс натыйжалуу, эффективдүү болот. Кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын реалдуу калыптанган абалына негизденүү, түрдүү методдор

менен өлчөө натыйжаларын талдоо өз ара айрымалуу мүнөздөмөлөрдү салыштыруунун негизинде айрым студенттердеги аталган гендердик жүрүм-турумдун калыптанышынын жогорку, ортоңку, төмөнкү деген деңгээлдери белгиленди.

Студенттердин гендердик-ролдук маданиятын калыптандыруу процесси табиятка шайкештик, маданиятка шайкештик, реалдуулук, социалдуулук, толеранттуулук сыяктуу принциптерге негизделет.

Иштелип чыккан модель ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн реалдуу үлгүсү катары карадык.

# III БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА АЛАРДЫ ТАЛДОО

## 3.1. ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары

Кандай гана билим берүү уюму болбосун анын койгон максаттары атайын илимий жактан негизделип, түзүлгөн шарттар аркылуу гана ишке ашаары аксиома. Ушундан улам педагогика илиминде «педагогикалык шарттар» түшүнүгү түрдүү өңүттөн талдоонун предмети болуп келүүдө.

«Шарт» сөзүнө С. И. Ожеговдун сөздүгүндө түшүндүрмөлөр берилет:

1. Кандайдыр бир нерсе көз каранды болгон кырдаал.
2. Келишим түзүп жаткан тараптардын бири тарабынан коюлуучу талап.
3. Кандайдыр бир нерсе тууралуу оозеки же жазуу түрүндөгү макулдашуу, келишим.
4. Ишмердүүлүктүн, жашоонун кайсыл бир тармагында аныкталган эреже.
5. Бир нерсе болуп өтүүчү кырдаал.
6. Бир нерсени аткарууда эске алынып, ошондон келип чыгуучу маалыматтар, талаптар [145, 311-б.].

Окумуштуу В. И. Андреевдин пикиринде педагогикалык шарттар таалим-тарбия чөйрөсүн максаттуу уюштуруу үчүн тандалып алынган метод, ыкмалар жана иш формалардын көз карандылыктагы курамы» [17, 43-б.] Жогорудагы көз караштарды жана эксперимент өткөрүлчү ЖОЖдордун билим берүү мейкиндигин эске алуу менен коюлган милдеттерди иш жүзүнө ашыруунун реалдуу чөйрөлүк факторлорун, элементтерин изилдөөгө алдык. Буга байланыштуу чөйрөнүн элементтери катары төмөнкүлөр бөлүнүп көрсөтүлүшү мүмкүн: курчап турган чындыктын объекттери; иштин ар кандай түрлөрүн аткаруу процессинин субъекттери; гендердик маданиятты өнүктүрүүгө өбөлгө болгон процесстердин табияты, аны чындыкка айландырууга өбөлгө болгон материалдык жана маалыматтык ресурстар атайын моделдештирилген усулдар, иш чаралардын түркүмдөрү ж.б.

Адатта жогорку билим берүүчү уюмдардын таалим-тарбия процесси – билим берүүнүн мазмунун ишке ашыруунун жүрүшүндө мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык студенттин инсанынын коомдук жана кесиптик ролдорду аткарууга даярдыгын камсыз кылуучу тарбиялоо жана өзүн-өзү тарбиялоо процесстеринин жыйындысы. Изилдөө көйгөйү боюнча педагогикалык адабияттарды талдоо университеттин окуу процесси студенттин инсанды гендердик-ролдук социалдаштыруунун ажырагыс бөлүгү катары кароого мүмкүнчүлүк берди. Буга байланыштуу биз изилдөө жүргүзүп жаткан англис тили адистиктеринин окуу планында орун алган окуу дисциплиналарынын мазмунунда салттык баалуулуктардын негизинде студенттерди гендердик-ролдук социалдаштыруу маселелери кандай берилген? деген суроонун башын ачып алууга аракет кылдык.

Талдоолор көрсөткөндөй, ЖОЖдун окуу планындагы нормативдик курстарында студенттерди салттык баалуулуктардын негизинде гендердик-ролдук социалдаштырууга багытталган билимдер көп кырдуу дисциплиналардын мазмунуна чачырап кеткендей таасир калтырат.

Бирок, анализдин натыйжалары көрсөткөндөй, студенттерди салттык баалуулуктардын негизинде гендердик-ролдук социалдаштыруу аталган программанын айрым компоненттерин этномаданий конотациясыз (кошумчалоо) толук кандуу жүзөгө ашпасы тууралуу пикирге алып келди.

Ошондуктан, студенттердин гендердик ролдук маданиятын салттык баалуулуктардын негизинде ар бир дисциплинанын мазмунундагы реалдуу ресурстарды талдап иликтеп негиздеп чыгууну талап этет. Ошондуктан изилдөөнүн алкагында кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу болочок адистердин гендердик баалуулуктарын айрым окуу дисциплиналарынын мазмуну менен интеграциялоону педагогикалык шарттардын бири катары карадык. Буга максаттарды жүзөгө айландыруу үчүн адистиктин окуу планындагы гуманитардык дисциплиналардын ички мазмунун гендердик-ролдук маданиятка тике тиешеси бар материалдар менен толуктадык.

Кыргыздын салттуу баалуулуктары аркылуу студентттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүдө ЖОЖдун англис тили адистигине таандык сабактардын ар биринин өзүнчө мүмкүнчүлүктөрү бар. Бирок, аталган максатты жүзөгө ашыруунун көптөгөн өзөктүү аспекттери аталган дисциплиналардын мазмунунда тикеден тике долбоорлонбой акцент коюу, багыт берүү мүнөзүндө гана берилген. Ошону менен бирге окуу программаларына биздин изилдөө көйгөйлөрүбүзгө байланыштуу локалдык материалдарды жүктөй берүү профилдик дисциплиналардын дидактикалык максаттарын жүзөгө ашырууга кедергисин тийгизиши мүмкүн. Бул жагдай бизге адистиктердин окуу планына кошумча атайын курс-тренингин киргизүү зарылдыгын жаратты. Аталган атайын курс-тренингдин программасы жана аны коштогон түрдүү иш чаралар системасы *экинчи педагогикалык шарт* катары айкындалды.

Инсан реалдуу иш-аракет процессинде, баштан кечирүү аркылуу гана үйрөнө алат.

Бул жагдай бизге ЖОЖдун турмушунун аудиториядан тышкаркы ишмердүүлүк контекстинде эркектер менен аялдардын ролу, орду жана максаты жөнүндө маданий идеяларга шайкеш келген нормаларды, жүрүм-турум эрежелерин, мамилелерди өздөштүрүү процессине багытталган студенттер үчүн элдик маданияттын гендердик эталондоруна негизделген эркектиктин/аялдыктын гендердик-ролдук функциясын чагылдырган иш-аракеттер чөйрөсүн түзүү деген *үчүнчү педагогикалык шартты* тариздөөгө негиз болду. Улуттук маданият аркылуу гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү көйгөйүн андан ары изилдөө системасында бул процессти активдештирүүгө багытталган айрым методдорду колдонуу өзгөчө мааниге ээ. Буга байланыштуу түзүлгөн моделдин методикалык компоненти катары дисциплиналарды окутуу жана аудиториядан тышкаркы мезгилде түрдүү метод жана техникалар аркылуу ийкемдүү жүзөгө ашаары белгиленди.

Изилдөөнүн натыйжалары ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын калыптанышынын төмөнкү, ортоңку, жогорку деңгээлдерин бөлүп көрсөтүүгө

мүмкүнчүлүк берди. Бул деңгээлдер студенттердин аталган чөйрөдөгү маданиятынын мазмунунун же компоненттеринин өнүгүшүнүн түрдүү деңгээлдерин бөлүп көрсөтүү жана баалоо үчүн кызмат кылат.

**Төмөнкү деңгээл.** Салттык баалуктардын студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын калыптанышынын төмөнкү деңгээлинин сыпаттамасы. Салттык гендердик-ролдук маданиятка байланыштуу элдик салт жөрөлгөлөргө байланыштуу теориялык жана эмпирикалык билимдери үстүрт, көбүнесе турмуштук баштан өткөн тажрыйбаларына негизделген.

Өзүн ата бабалардан бери келе жаткан жубайлык маданияттын тарапкери улантуучусумун деп сезбейт, бул маселеге кош көңүл.

Аял эркектик мамилелердеги улуттук баалуулуктарды жаңы шарттарга ылайык ыңгайлаштырып өткөрүү зарылдыгына маани бербейт. Өзүнүн гендердик-ролдук жүрүм-турумунда аял жана эркекке таандык салттык баалуулуктарды, нормаларды жетекчиликке албайт.

**Ортоңку деңгээл.** Салттык гендердик-ролдук маданиятка байланыштуу баалуулуктар тууралуу билимдери бар, бирок системдүү мүнөзгө ээ эмес. Өзүн улуттун гендердик маданиятын алып жүрүүчү жана улантуучу катары, улуттун өкүлү катары аңдап сезет, бирок элдин гендердик-ролдук маданиятка таандык үрп адат, салттарына урматтоо менен мамиле кылбайт, өзүнүн жүрүм-турумунда өнүктүрүүгө умтулбайт. Өзүн ата бабалардан бери келе жаткан жубайлык маданияттын тарапкери улантуучусумун деп сезет, өз ара мамиледе маани берет, бирок ыраатуу мүнөзгө ээ эмес.

**Даярдыктын жогорку деңгээли** деп бардык белгилери айкын көрүнгөн учурду айтууга болот. Аял эркектик мамилелердеги улуттук баалуулуктарды жаңы шарттарга ылайык ыңгайлаштырып өткөрүү зарылдыгына жогорку даражада маани берет. Өзүнүн гендердик-ролдук жүрүм-турумунда аял жана эркекке таандык салттык баалуулуктарды, нормаларды жетекчиликке алат, даамат өнүктүрүүгө куштар, башкаларга да өрнөк.

ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын калыптанышынын каралган

түзүмүнө ага тийиштүү критерийлерге көрсөткүчтөргө таянып, студенттердин бул сапаттык мүнөздөмөсү түзүлдү.

Иштелип чыккан моделди ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын өнүгүшүн камсыздоону удаалаш жана максаттуу, багыттуу ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берүүчү акыркы натыйжа катары кароо керек.

Айкындалган педагогикалык шарттарды реалдуу педагогикалык процессте ишке киригизүү ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү процесси табиятка шайкештик, репрезентативдүүлүк, регионалдык-этникалык диалог, маданиятка шайкештик, дисциплиналар аралык мамиле, салттык баалуулуктардын идеал жараткыч касиетине таянуу, реалдуулук сыяктуу ж.б. педагогикалык принциптерди жетекчилике алууну талап этет. Жогорку мектеп педагогикасы боюнча эмгектерде белгиленгендей биз принциптерди (лат. *principium* – башталышы, негизи) окутуу тарбиялоо иштеринин мазмунун, уюштуруу формаларын жана ыкмаларын аныктоочу негиздер/жоболор катары түшүнөбүз. Алар ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү процессинин түрдүү аспекттерин конкреттештирүү үчүн баштапкы жоболор, көрсөтмөлөр катары кызмат өтөйт. Алардын ар биринин өзүнө таандык мүнөздөмөсү аныкталды.

*Табиятка шайкештик принциби* педагогиканын тарыхында классиктер Я. А. Коменский, Ж. Ж. Руссо, К. Д. Ушинскийлердин эмгектеринде бекемделген. Жалпы жонунан бул принцип билим берүүнүн мазмуну окутуунун методдорун, ыкмаларын тандоодо окуучулардын белгилүү курагына таандык физиологиялык, психологиялык, таанымдык өзгөчөлүктөрдү кылдат эске алууну талап этет. Биздин шартта педагогикалык процесстин б.а. обьекти жана субьекттери англис тили адистиктериндеги бакалавр студенттери болгондуктан дал ошолордун социалдык жана интелектуалдук өнүгүшүнүн, актуалдуу деңгээлине (Выготский) негизделиши шарт. Экинчиден, табиятка шайкештик принциби студенттер тобун кыздар менен жигиттер катары биологиялык

түзүлүшүн денелик жана рухий ролдук маданий функцияларына өз алдынча айырмалуу мамиле жасоону талап этет.

*Репрезентативдүүлүк,* француз тилинен *(representatif* – аныктоочу, мүнөздүү деген сөзүнөн) алынган. Репрезентативдүүлүк – студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүгө багытталган салттык маданияттын баалуулуктарынын олуттуулугун, мүнөздүүлүгүн, типтүүлүгүн, туруктуулугун талап этет. Бул критерийге кыргыз этномаданий булактарынан алынган гендердик-ролдук билим жана тажрыйбалар улуттук өзүн өзү аңдоо рефлекциясы аркылуу электен өткөн нукура улуттук мүнөзгө ээ баалуулуктардын негизинде курулушу зарыл. Арийне, гендердик-ролдук маданиятка байланыштуу салтуу баалуулуктар көп кырдуу жана бай. Жалпыга маалым алар башка тарыхый-турмуштук шартта жаралгандыктан, баарын эле бүгүнкү күнү актуалдуу деп эсептөөгө болбойт. Аларга толугу менен бүгүнкү күндөгү социалдык экономикалык, маданий факторлордун позициясынан мамиле жасоо зарыл. А. Алимбековдун пикиринде «...өткөндү көкөлөтүп, анын дурус-бурушун ылгабай, баарына эле жата калып сыйынууга, улутка болуп көрбөгөндөй улуу касиеттерди жамоо да, элдин эзелтен тутуп келген каада-салт, үрп-адаттарынын баарысын эскиден этибарга албай коюуга да болбойт» [12, 14-б.]. Демек, өткөндүн мурастарын, сынчыл педагогикалык, маданий-интеллектуалдык таразага салып, өлчөп, талдап, сабак алгыдай корутунду жасай алган зирек, аналитикалык деңгээл зарыл.

*Регионалдык-этникалык диалог.* Белгилүү бир аймакта, ошол эле учурда, идеялар түзүлөт: гендердик коммуникация баалуулуктары жөнүндө белгилүү бир аймакта жана жалпысынан эл тарабынан түзүлгөн. Салыштыруу аркылуу ар кандай элдердин гендердик-ролдук маданиятынын ортосундагы байланыштарды таанууга болот. Элдик маданият ата-бабаларыбыздын негизги баалуулуктарын сактап, жыныстар ортосундагы мамилелерди иреттөөнүн уникалдуу формаларын, үй-бүлөнүн, эркектин, аялдын идеалдуу образдарын жана аларга мамиле кылуунун реалдуу жолдорун камтыйт. Элдик маданият белгилүү бир жыныстагы адам катары өзүнүн тажрыйбасын түзүүгө, аларды социалдык

контекстке киргизүүгө, муундан муунга өтүп келе жаткан адекваттуу гендердик-ролдук жүрүм-турумдун моделдерине өзүнүн катышуусун сезүүгө жардам берет.

*Маданиятка шайкештик* билимге караганда маданиятын элементтерин өздөштүрүүгө басым жасайт. Алгач бул принцип немец педагогу Дистервег тарабынан негизделген. Ошентип, Дистервег табигый шайкештик принцибин «адам төрөлгөн жана боло турган жердин жана убакыттын шарттарын эске алуу менен, билимге маданиятка ылайыктуу мүнөз берүү талабы менен толуктаган жашоо». Студенттердин гендердик-ролдук маданиятка байланыштуу билимдерине басым жасоо жетишсиз. Бул процесс студентти сөздүн толук маанисинде маданяттын ээси, сактоочусу, жаратуучусу катары калыптандырууга багытталышы абзел. Гендердик-ролдук маданият бул баарыдан мурда студенттин жашоо турмушунда, жүрүм-турумунда салттык баалуулуктардын эреже, нормага айланышы менен аныкталат.

*Салттык баалуулуктардын идеал жараткыч касиетине таянуу.* Студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүдө салттык билим жана тажрыйбалардын идеал жараткыч касиетине кароо зарыл. Улуттук тарбия идеалы – бул жеткилең адамдын эң сонун акыркы образы, анын умтулууларынын жана ишмердүүлүгүнүн жогорку максаттарынын идеясы. Бул инсандын калыптанышынын, анын коомдогу максатынын, турмуштагы ордунун перспективасы. Идеалда тигил же бул улуттук адамдын маани-маңызына көп кырдуу баалуулуктар иргелип топтолуп чагылдырылат. Билим идеалы адамдын өзүн да, коомду да өркүндөтүү зарылдыгын чагылдырат, инсандын жана коомдун прогрессине стимул катары кызмат кылат. Кыргыздарда «нарктуу үй-бүлө», «нускалуу жубайлар» түшүнүгү жашайт. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү боюнча *«нарктуу адам» – баалуу, нускалуу* адам дегенди туюнтат. Бул мүнөздөмө үй-бүлөлүк турмушта ар нерсенин жөнү, салттык эреже талаптары, тартиби бар деп эсептеп өзүнүн пейил мүнөзүн, жорук жосунун эл ичинде кабыл алынган эрежелерге ыйгайлап алып жүрүп, тынымсыз өнүктүргөн жубайларга карата айтылат. Бул баалуулуктар элдик дастандардан баштап күндөлүк турмушка чейин бекем салт, адат, жөн билгилик катары калыптанып калган.

Студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү процесси дал ошол үлгү жана өрнөктөр менен бекемделиши зарыл. Үлгү-идеал инсанды ага окшошууга стимул берет жана аларды өздөштүрүү активдүүлүгүн жана бул иш-аракеттин багытын алдын ала аныктайт. Идеалдар менен өз ара мамиледе болуусун студенттин өзүнүн келечектеги үй-бүлөсүн нарктуу баалуулуктардын негизинде куруугa жасаган реалдуу эмгеги катары кабылдоо зарыл. Студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүдө салттык баалуулуктарды тутунган жубайлык мамилелердин бардык аспектине таандык мисалдардын ар кандай түрлөрү маанилүү.

*Дисциплиналар аралык мамиле принциби.* Гендердик маданият жалпы маданияттын белгилүү бир бөлүмү катары бир катар илимий дисциплиналардын изилдөө предмети болуп саналат. Ошондуктан студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү тарыхый педагогикалык, фольклористикалык, этнопедагогикалык, этнопсихологиялык, прикладдык билимдердин өз ара биримдигин камсыз кылуу, бир максатка багыттап концентрациялоо аркылуу ишке ашат.

*Гендердик эгоцентризм принциби.* Бул уландар менен кыздардын өздүк ички сезимдерин кылдат эске алууга багыттаган принцип. Ал «мен» сезимин жана ички «мен» алдындагы жоопкерчиликти өнүктүрүүгө (В. П. Созонов), инсандын ички мотивациясын (өз алдынча ишмердүүлүктүн кыймылдаткыч күчү) калыптандырууга багытталат. Бул принцип уюштурулган иш-чаралардын ЖОЖдун студентинин инсанынын ички дүйнөсүн өнүктүрүүгө салым кошуп, өзүн өзү байкоо жана интроспекциялоо ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүүгө багытталышын талап этет.

Инсандын этникалык таандыктыгы анын «өздүк» маданиятынын элементтерин өздөштүрүү аркылуу камсыз кылынат, анын негизги баалуулуктары жана жашоо нормалары, иш-аракети жана жүрүм-туруму катары ортого чыгат.

*Реалдуулук принциби.* Бул принцип студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнү конкреттүү социалдык-маданий кырдаалдын,

студенттердин реалдуу турмушунун контекстинде карайт. Бул принцип студенттердин субьективдүүлүгүнүн өнүгүшүнө жана калыптанышына байланыштуу таалим-тарбия иш-чараларын, реалдуу педагогикалык кырдаалдарды түзүүгө багытталган. Студенттин субъективдүүлүгү дегенде биз анын өзүн адекваттуу баалоо, өз ишмердүүлүгүнүн жолдорун тандап алуу жана долбоорлоо жөндөмдүүлүгүн түшүнөбүз. ЖОЖдун студентинин өзүнүн ишмердүүлүгү анын табиятына ылайык келиши керек, анын өзүн өзү өнүктүрүүгө, өзүн өзү ишке ашырууга болгон муктаждыктарын канааттандырууга тийиш. ЖОЖдун студенти өзүнүн ишмердүүлүгүнүн жүрүшүн жана анын натыйжаларын көзөмөлдөй билиши керек.

## 3.2. ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн жолдору

Студенттердин инсандык жана кесиптик жактан өнүктүрүүдө көп кырдуу таасир көрсөтүүчү, кеңири мүмкүнчүлүктөргө ээ жолдорунун бири – бул окуу процесси. Анткени, гендердик-ролдук маданиятка ээ болуу конкретүү билимдерди өздөштүрүү зарылдыгын жаратат. Бул жагдай диссертациянын мурдагы бөлүмдөрүндө белгиленгендей студенттерде белгиленген сапаттарды өнүктүрүүгө өбөлгө болуучу этномаданий билимдер тууралуу олуттуу ой жүгүртүп, зарыл учурда окуу программасына, окуу китептеги материалдарга толуктоо түзөтүүлөрдү киргизүү иштерин жүзөгө ашырдык. Буга байланыштуу эксперимент өткөрүп жаткан «Дүйнөлүк тилдер жана маданият» факультетинин 550330 – Филологиялык билим берүү багытынына караштуу «Англис тили» программасынын окуу планындагы дисциплиналардын алкагында төмөнкүдөй илимий-методикалык жумуштар жүргүзүлдү:

1. Гуманитардык дисциплиналардын мазмунундагы кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүгө байланыштуу теориялар жоболор, башкы түшүнүктөр турмуштан алынган эреже нормалардын мазмунун тереңдетүүгө өзгөчө маани берилди.

2. Теориялык принциптерге ылайык дисциплиналардын негизги

программалык натыйжаларына зыян бербегендей тариздe, анын ички логикасын бузбай айрым гендердик этномаданий баалуулуктар менен байытуу иштери жүзөгө ашырылды.

3. Программадагы сабактар жана аудиториядан сырткаркы иштер аркылуу студенттердин жубайлар аралык ролдук мамилесине таандык рефлексивдик баалоо, жүрүм-турум компоненттерин өнүктүрүүгө багытталган ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө байланыштуу методдорду долбоорлоо, практикалоо. Гендердик-ролдук маданияттын өнүгүшүн активдүү үйрөнүү, акыл операцияларын жеткилең өздөштүрүүсүз, маалыматты кабыл алуу кайра иштеп чыгуусуз дегеле мүмкүн эмес. Демек, фактылардын, идеялардын жана студенттердин аларга болгон мамилесин, жүрүм-турумун өнүктүрүү, калыптандыруу окутуу жана окуп үйрөнүүнүн белгилүү методдору, каражаттары, формалары аркылуу ишке ашат.

ЖОЖдордо соңку билим берүү стандартына ылайык «Кыргыз тили жана адабияты» сабагы эки семестр ичинде окутулуп анын мазмунун жөнөкөй жана татаал сөздөр, сөз айкаштары, сөз түркүмдөрү, фразеологиялык айкаштар, макал-лакаптар, учкул сөздөр, иш кагаздары, кептин стилдери, илимий эмгектер, адистикке байланышкан терминдер, кыргыз адабиятына жаңылык алып келген калемгерлердин өмүрү жана чыгармачылыгы, алардын үлгүгө тартарлык адабий мурастары, чыгармачыл өнөрканасы, адабий процесс, сүрөткердин жеке индивидуалдуу стили сыяктуу тематикалык алкактагы түшүнүктөр түзөт.

Тажрыйбалык-эксперименталдык жумуштар алкагында кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү бул сабактын төмөнкүдөй мүмкүнчүлүктөрү актуалдаштырылды:

– кыргыз тилиндеги айрым сөздөрдүн гендердик лексико-семантикалык маанисин талдоо (*зайып, катын, жубан, ургаачы)*

– кыргыз тилинде аял менен эркектин өз ара байланыш кебинин салттык үлгүлөрүн үйрөнүү жана өзүнүн жүрүм-турумунда колдонууга көнүгүү;

– кыргыз макалдарындагы аял менен эркектин гендердик-ролдук маданиятын таануу, талкуулоо;

– кыргыз адабиятындагы аял менен эркектердин образын гендердик-ролдук аспектиден анализдөө.

Кыргыз тилинде аял затына карата түрдүү мүнөздөмөлөр кездешет. «Манас» эпосунда «Кабылан катын Каныкей», «Жолборс жеңең Каныкей», «Кайраттуу энең Каныкей», «Көкжал энең», «Бууданың жеңең Каныкей», «Опсуз балбан Каныкей», «Эркектен артык кайраты, Эми көрсөң ошо кыз, Үркүнүнөн түк бербей, Элдин шорун кайнатты...», «Кайып даңдын кызы – дейт, Кыз ошондой болорбу, Кырып салды капырай...», «...Мылтык эмес, жаа тартат, Көз көрүм жерден көмө атат, Көрүнгөндү жаратат...» деген мүнөздөмөлөр кездешет.

Кыргыз макалдарында аял менен эркектин өз ара көз карандылыгы бири бири аркылуу гана турмушта толук болоору тастыкталат: «Ажарлуу аял адамдын периштеси, акылдуу аял эркектин шериктеши», «Алжаке эркекке жалжаке катын туш келет», «Аял жакшы – эр жакшы, вазир жакшы – хан жакшы», «Жаман эркек тууганчыл, жаман катын төркүнчүл», «Катынды күтүп албаган – күң кылат», «Аял сергегинен жумуш бүтөт, эркек сергегинен ырыс түтөт».

Азыркы учурдагы колдо болгон илимий адабияттар бул ишти мазмундуу жүргүзүүгө өбөлгө боло алат. Гендердик маселе жөнүндө сөз болгондо өзгөчө фольклордук чыгармалар өзгөчө мааниге ээ. Алсак, «Манас» таануу курстарында Манас баш болгон баатырлардын жубайлык үй бүлөлүк турмушу аркылуу студенттерге алардын байыркы бабаларынын гендердик-ролдук маданиятынын салттуу үлгүлөрү менен тааныштыруу аларды үйрөнүүгө карта таанымдык кызыгуусун арттыруу мүмкүнчүлүгү бар.

Кыргыз адабиятында аялдарды урматтоого байланыштуу легендалар, санжыралар арбын. Кыргыз адабиятынын жылдызы Ч. Айтматовдун өмүр баянын көптөгөн фактылар менен толуктап турган анын карындашы Роза Айтматовнын 2007-жылы чыккан «Тарыхтын актай барактары» аттуу китебинде Шекер айлынын аталыш тарыхы боюнча төмөнкүдөй санжыра бар. Төңтөгөрдүн беш уулунун кенжеси төрт тарабы төп келишкен, акылдуу сулуу Шекер деген кызга үйлөнөт. Алардын көп балалуу болуп, бапырап өмүр сүрүп жаткан чакта

күйөөсү капыстан каза болот. Жесир калган Шекер, колун сурап келгендердин эч кимисинине макул болбой жарынын үйүн бөтөндөргө тебелетпей балдарын бутуна тургузуп элге үлгү болуп, элдин кадыр сыйына ээ болот. Ошентип жүрүп, акырындап уруунун аты «Шекерге» айланып кетет [5].

Кыргыз коомунун салттуу маданиятында өзүнүн геоденистик сезимдерин башкара албай «ала жипти аттап» кетүү эркекке да аялга да жат көрүнүш болгон. Алсак, Айтматовдун айтылуу романында Эдигей Зарипаны өтө ичтен терең сүйөт. Бирок, кош аттай турмуш арабасын бирдей тартып келе жаткан жубайы Үкүбаланын көңүлүн оорутууга ыймaны жол бербейт. Азыркы гендердик адептик баалуулуктар тайыздап турган чакта Эдигей менен Зарипанын жашоодо туткан позициялары, салттык баалуулуктарды өз сезиминен жогору койгондуктары студенттер үчүн таасирдүү өрнөк, үлгү болоорун көрсөттү.

Кыргыз адабиятында аял менен эркектин гендердик-ролун чагылдырган чыгармалар арбын. Алардын катарына Молдо Нияздын «Даткайым» чыгармасын кошууга болот. Анда Даткайымдын аял заты катары акыл парасаты, келбеттүүлүгү, сымбаты, жайыл дасторкон мейманчылдыгы, жанда жок мээнеткечтиги, колунан көөрү төгүлгө чебердиги эң жогорку көркөмдүктө сыпатталат.

«Ата мекен тарыхы» дисциплинасынын алкагында кыргыздардын тарыхы алардын урууларынын, үй-бүлөсүнүн тарыхы менен байланышта каралат. Студенттер тарыхый фактылардын негизинде гендердик-ролдук маданият жаатындагы кыргыздардын баалуулуктары менен таанышышат. Кыргыз тарыхындагы гендердик салттык баалуулуктардын нарктуу үлгүсү болгон тарыхый инсандардын өмүр турмушунан белгилүү сабактарды алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүдө адистиктин негизги милдеттүү дисциплинасы.

«Англис тилинин практикалык курсу» дисциплинасын өздөштүрүүнүн натыйжасында студенттерде төмөнкү кесиптик компетенциялар калыптанууга милдеттүү:

– оозеки жана жазуу түрүндөгү коммуникацияда этикеттик формулаларды пайдалануу жөндөмдүүлүгү;

– өзүнө негизги фонетикалык, лексикалык, грамматикалык, сөз куроочу кубулуштарды жана үйрөнүлүп жаткан чет тилинин иштөө мыйзам ченемдүүлүктөрүн камтыган лингвистикалык билимдердин системасына ээ болуу;

– учурдагы коммуникативдик контексттин өзгөчөлүктөрүнө жараша айтылган сөздөрдүн коммуникативдик максаттарын жүзөгө ашыруунун негизги дискурсивдик ыкмаларына ээ болуу;

– релеванттуу маалыматты бөлүп көрсөтүү максатында түрдүү тилдик каражаттарды адекваттуу пайдаланып, өз оюн эркин түрдө билдирүү жөндөмдүүлүгү.

Бул окутуу натыйжаларынын ар бири студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн когнитивдик, рефлексивдик баалоо, жүрүм-турум компоненттерин өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк жаратаарын көрсөттү.

ЖОЖдо окутулган «Иностранный язык» дисциплинасы студенттер үчүн үйрөнүлүп жаткан анлис тилдүү элдердин маданиятындагы гендердик-ролдук мамилелердин үгүлөрүн үйрөнүүгө жол ачат. Тилдерди окутуунун мазмунундагы гендердик контекст узактан бери практикаланып келет. Гендер деген түшүнүктүн өзү да лингивистика илиминде такталганын белгилеп кетүү зарыл. «Биринчи жолу гендер сөзү англис лингивиситикасында роддун категориясын аныктоо максатында колдонулган» [89, 12-б.]. Биологиялык жана социалдык жынысты ажыратып көрсөтүп берүү муктаждыгы гендер терминин киргизүү үчүн негиз болгон, анткени социалдык жыныс коомдо жана маданиятта конвенционалдык негизде калыптанат. «Тил антропоцентрлүү гана болбостон андроцентрлүү, башка сөз менен белгилесек эркектин социалдык мүнөздөмөсүн белгилөөгө багытталган. Бирок ал бара бара түрдүү тилдер жана маданий

салттардын таасиринде варияцияланып кеткен» [37, 14-б.]. Гендерди репрезентациялоо – өзүнө гендердик маалыматты концептуалдуу жана вербалдуу түрдө чагылдырууну камтыган, ой жүгүртүү жана коммуникативдик процесстерге катышкан, «аталган нерсени» (гендердик маркировкаланган лексемалардын семаникасында көрсөтүлгөн гендер жөнүндөгү концептуалдык билимди) «аталышта» (лексемалар менен макал-лакаптардын тексттеринде) трансляциялаган, өзүнүн жаратылышы боюнча белгилик-материалдык татаал, көп деңгээлдүү интегралдык структура [10].

«Гендердик» маанисинде компонент контрасттуураак жүзөгө ашкан лексикалык биргерди гендердик-маркировкаланган лексикага киргизсе болот. Тилдин гендердик маркировкалануусу бир катар ыңгайларда байкалааарын биз да өзүбүздүн макалабызда көрсөткөн элек [99]:

1. Дегеле тилдеги гендерди түзгөн жекелик ат атоочтор, сүйлөшүүнүн же речтин кандай вариантында болбосун аны табигый жол менен коштоп жүрөт. Тилдик анализдин натыйжалары көрсөткөндөй ат атоочтор жубайлар аралык келишпестиктерди гендердик жалгыз үчүнчү жак шекилинде белгилейт жана өз алдынча жубайлык мамилелерге байланыштуу билдирбейт. Өзүндө субъективдүү формадагы гендердик маркировкага ээ болбой туруп, алар бир эле учурда башка функцияны аткарымыш болуп жатып, гендер түшүнүгүнө колдоо көрсөтө алышат Мисалы: he, she, they аркылуу билдирүү менен алып жүрөт.

2. Өзүнө таандык тилдик эрежелерге ылайык жыныстык-ролдук, статустук жана социалдык мамилелерге байланыштуу сөздөрдү пайдалануу: father, mother, daughter, son, bride, groom, king, queen; ата, эне, кыз, уул, күйөө бала, колукту, король, королева.

3. Курамында жубайлык мамилелерди камтыган пикир билдирүүгө катышуучунун (референттин) жыныстык айрымачылыгын туюунтуучу сөздөрдү жана сөз айкаштарын пайдалануу:

– англисчеде мындай лексикалык бирдиктер man, woman, boy, girl (sex-specificwords): alderman, manservant, man-at-arms, gentlemanlike; woman’sgrace, womanliness, girlhood, wifely сыяктуу сөздөрдөн турат;

– жубайлардын бирине таандык фразеологизмдер: Achille’s heel (ахиллестин согончогу), drunkas a lord (бут кийим оңдоочудай мас), doubting Thomas (Фома ишенбес, скептик) [99,84]

Кыргыздардын салттуу баалуулуктарынын негизиндеги гендердик-ролдук маданиятты өнүктүрүүдө макал-лакаптарды пайдалануу өзгөчө роль аткарат. Макалдар улуттук маданиятты сактоочулардан болуп саналат, алар тилди алып жүрүүчү элдин жашоо шартын, социалдык-тарыхый тажрыйбасын чагылдырат.

Жогоркулардан тышкары студенттер англис тили боюнча практикалык жумуштар алкагында «Үй-бүлө» аттуу темалардын сериясын талдашат. Буга байланыштуу курстун курамындагы «Доктор Стенфорддун үй-бүлөсү», «Төртүнчү күнү кечинде» аттуу сабактардын (Unit) материалдары өзгөчө баалуу.

Бул теманын алкагында студенттер салттуу кыргыз үй-бүлөсү менен салыштыруу таризинде таанышышат жана алардын структуралары жана теманын негизин түзгөн жаңы сөздөрдү жана макалдарды аныкташат. Мисалга алсак, чоң ата, чоң эне, апа, ата, эже, сиңди, ага, ини, жубай, күйөө жана лексикалык сөз түрмөктөрү жана фразеологиялык сөздүктөрдү үйрөнөт. Когнитивдик компонент структурасы, лексикалык каражаттар аркылуу гендердик маселедеги үй-бүлө тууралуу маалыматка кошумча ой-пикирлердин жаралуусуна жаңы мүмкүнчүлүк жаратат:

– жогорку идеялардын негизинде кыргыз маданиятында тарыхый этномаданий үлгү, модель катары кабылданып Алымбек жана Курманжан даткалардын жубайлык мамилесиндеги эриш аркактык гармониянын мисалдарын туюндурган сөз бирдиктерин пайдаланып дилбаян жазуу сунушталат (Independent Practice);

– нарктуу ата, мээрман эне этномаданий бейнелерин «Манастагы» калк таяныч Манас жана Каныкейдин жана Алымбек Курманжандардын өрнөктөрү түзүп чыгуу сунушталат.

Жыйынтыктап айтканда англис тили боюнча сөз өстүрүү жумуштарынын алкагында төмөнкүдөй этномаданий гендердик билимдер өздөштүрүлөт:

– үйрөнүп жаткан чет тилиндеги улуттардын салттык жубайлык мамилелеринин өрнөктөрү;

– түрдүү булактар анын ичинде оюндар, ырлар, макалдар, лакаптар, жомоктор, көркөм чыгармалардын тексттеринин негизинде ошол улуттардын үй бүлө салттары, гендердик мамилелериндеги өрнөктүү сабактар [97, 85-б.].

Лингвофольклористика багытындагы эмгектер – бул оозеки чыгармачылыктын тилин фольклордун тилин жана этномаданияттын бөтөнчүлүктөрүнө негизденүү аркылуу гендердин репрезентациясынын оозеки чыгармалардын текстинде вербалдашуусунун формаларын талдоону максат кылган өзгөчө перспективалуу багыт. Анализдөөнүн натыйжалары бөтөн элдин гендердик-ролдук маданиятын түшүнүү өзүнүн улуттук уңгуңу аңдоого өбөлгө болоорун ырастады.

Гендердик алкакта өркүндөтүлгөн билим берүү чөйрөсү экспериментке катышкандардын дүйнө таанымынын масштабын кеңейтүүгө жана гендердик таанымдык ресурстар аркылуу толеранттуулук жаатындагы баалуулуктарын өнүктүрүүгө өзгөчө жагымдуу жагдай түзөт. [97, 86-б.] Англис тили боюнча сабактарда алынган гендердик компонент белгилүү бир деңгээлде мындай баарлашуу шыгын студенттердин жакынкы айлана-чөйрөсүндөгү гендердик маданияттын башкача көз караштарына жана нормаларына карата кызыкдар мамиле жасоого алып өтүүсүнө кепилдик берет.

Философиялык билимдер гендердин маңызын эркектик принциптин үстөмдүгүнө жана адамдын бир гана адам болуу укугун таанууга алып баруучу дуализм (оппозиция) идеяларына негизделген эки негизги мамиленин негизинде карайт (Платон, Аристотель, Ф. Бэкон, А. Шопенгауэр, Ф. Ницше ж.б.). Ошону менен бирге жана адамдын андрогиндик табияты жөнүндөгү идеялар (С. Булгаков, Н. Бердяев, О. Вайнгер, И. Кант, Н. Лосский, В. Флисс, З. Фрейд, М. Хиршфельд, К. Юнг ж.б.), аялдык жана эркектик принциптердин айкалышы, бири-бирин толуктоосун да жактайт.

Дуализмдин көз карашынан алганда гендердик изилдөөлөр аялдардын коомдогу ордун, анын максатын изилдеп, эркектер менен аялдардын коомдогу

ээлеген ордун, иерархиясын жана баш ийүүсүн, эркектердикинен айырмаланып аялдардын өзгөчөлүктөрүн баса белгилейт. Маданият үчүн аялдын баалуулугу, көпчүлүк философтордун ою боюнча, анын адамга тийгизген таасиринин даражасы менен гана чектелген (М. Бахтин, С. Булгаков, Н. Бердяев, В. Розанов, В. Соловьев ж. б.). Мисалы, Н. Бердяев аялдык күч дүйнөлүк тарыхта олуттуу жана көп учурда сырдуу роль ойнойт, анткени адам аял затын сүйбөсө, дүйнө тарыхында эч нерсе жаратпайт жана дүйнөлүк маданият да болбойт. Бирок ошол эле учурда аялдын маданий баалуулуктарды жаратуу, чыгармачыл болуу жөндөмү четке кагылган – ага эркектердин жаратуучулук ишмердүүлүгүнө шыктандыруучу гана милдет жүктөлгөн [32].

Азыркы философия курсунун материалдары студенттерде төмөнкүдөй ишенимдерди бекемдөөгө өбөлгө болот. Гендердик маданиятсыз коомдо гармония болбогондой эле, коомсуз гендердик маданият да болбойт: адамдар гендердик аракеттерге жана гендердик мамилелерге катышууга мүмкүндүк берүүчү гендердик билимге ээ болушу керек. Гендердик маданияттар өткөн жана азыркы жыныстын өкүлдөрү тарабынан иштелип чыккан материалдык жана руханий баалуулуктардын кубаттуу потенциалына таянуу менен тарыхый түрдө ишке ашат. Жыныстык маданиятта көптөгөн маданияттардын айкалышы энелик, аталык, үй-бүлө, балалык, ата-энелик гендердик маданияттын көрүнүктүү өзгөчөлүгү болуп саналат. Маданий инсандын эркин өнүгүшү гендердик руханий баалуулуктарга – адеп-ахлактык, идеологиялык, эстетикалык жана башкаларга керектөөлөрдүн аң-сезимдүү калыптанышы катары сыпатталат. Түрдүү элдердин маданиятында жана социалдык турмушунда гендердик баалуулуктардын глобалдашуу процесси айкын байкалат. Азыркы философияда дүйнө элдеринин маданиятында энеге, балага, атага жалпы үй-бүлөгө камкордук көрүү жаатында айырмачылыктарга караганда жалпылыктар арбын экендиги тастыкталат. Дүйнө элдери анын ичинде үй-бүлө үчүн – байыркы жана азыркы озгун ойчулдардын осуяттары өзгөчө мааниге ээ болуп келет.

Биздин мурдагы макалаларыбызда баяндалгандай «Культурология» дисциплинасынын мазмуну биз тараптан гендердик маданияттын тарыхый

жактан келип чыгышы жана түркүмдөрү тууралуу материалдар менен байытылган. [97, 83-б.] Өзгөчө түрдүү маданияттардагы жубайлык мамилелердин гармониясынан үлгүлөр келтирилет. Ырасында эле түрдүү маданияттар калыптанган социалдык чөйрөдө стереотиптүү мамилелер чөйрөсүн өзгөртүп түзүүчү бурулуштар дамамат уланып келет.

Гендердик түшүнүктөрдүн өз ара жубайлык мамлелердин үлгүлөрү тарыхый социалдык кырдаалдардан келип чыккан маданий өзгөрүүлөргө байланыштуу доордон доорго, кылымдан кылымга өзгөрүп келген. Алсак, советттик түзүлүштүн саясий догмалары кылым карыткан салттык баалуулуктардын анын ичине гендердик этномаданий үлгүлөрдүн кыйла артка чегинишине алып келген. Башка жактан аялдар үйдүн куту деген түшүнүктөр аялдардын социалдык активдүүлүгү деген жаңы түшүнүктөр менен алмашты. Башкача айтканда көпчүлүк аялдар бир эле мезгилде эне менен жумушчунун ролун кошо аткарып эркектер менен тең укуктагы коомдук активдүү субьектке айланды [97, 86-б.].

Советтик доордон кийин өзгөрүүлөр уланууда. Советтик доордун идеологиясы аркасында пайда болгон гендердик ролдук идеалдар өз баалуулулугун жогото баштады. мезгилиндеги аялзатынын идеалдары кыйроого дуушар болду. Либералдуу эмес гендердик салттуулуктардын ордуна жыныстардын «табигый» миссиясы жөнүндөгү салттуу көз караштарга ыктаган жаңы идеологиялар пайда болуп жатат. Советтик салттардын күчүн жоготуу процессинде кыргыз маданияты эркиндиктин, рационализмдин жана демократиянын баалуулугу менен идеяларын кайрадан кабылдады. Ошол себептен гендердик-ролдук маданияттын баалулуктары өзгөрүүгө учурап кайраттуулук менен назиктиктин жаңы маданий көрүнүштөрү ортого чыкты.

Студентер социалдык психологияда курсунда, А. Адлердин антропологиялык изилдөөлөрү менен таанышышат. А. Адлер – азыркы маданиятта эркектиктин маанисине өзгөчө басым жасаларын белгилейт. Анын пикиринде эркектердин аялдарга үстөмдүк кылууга умтулуусу жана ошого жараша аялдардын эркектердин үстөмдүгүнө наразылыгы бардык

маданияттарда байкалат. Эркектер бала кезинен эле алар маанилүү ролду ойной турганына ишенишет. Алар бул ишенимди шартсыз милдеттенме катары чечмелешет. Көпчүлүк маданияттарда кыздар балдар эркектерге салыштырмалуу эң жөнөкөй жумуштарды гана аткаруу мүмкүнчүлүгү бар субекттер экендиги кулагына куюлуп түшүндүрүлүп келет. Болочок педагогдор үчүн Адлердин сунуш кеңештери өтө маанилүү. Ал балдарда бармактайынан эле башка жыныска карата урматтоо сезимин өнүктүрүүнү белгилейт.

«Аял жынысын төмөн эркек жынысын жогору деп аша чаап мактоого алып келүүчү түрдүү гендердик талкуулардан алыс болуш зарыл. Балдарды эки жыныс бири бирин толуктап турган баалуулуктар экендигине ынандыруу зарыл. Бул төмөн бааланган жыныстын өкүлдөрүнүн кемчилик комплексин алдын алуу үчүн эле эмес, ошондой эле эркек жынысындагы балдарга болгон терс таасирди алдын алуу үчүн да маанилүү» [3, 114-б.].

Психология курсунда изилденип жаткан аспектте айрыкча Л. С. Выготскийдин маданий-тарыхый концепциясын бөлүп көрсөтүү зарыл [162]. Ошентип, адамдын личностунун калыптануусуна социомаданий шарттардын тийгизген таасиринин маанилүүлүгү жөнүндөгү идеялар (анын ичинде жыныстык-ролдук айырмачылыктар) тигил же бул формада психологияда «гендер» термини пайда болгонго чейин эле көрсөтүлгөн. «Билим берүүнүн философиясы жана тарыхы» сабагында таалим-тарбия чөйрөсүндөгү гендердик маселелер боюнча түрдүү идеялар жана тажрыйбалар бар. Учурдагы контекстте биз аны жеткиликтүүлүктүн, мазмундун, натыйжалар менен деңгээлдин, мындайча айтканда, аталган коомдогу жана мамлекеттеги балдар менен кыздарга билим берүүнүн «шайкештик идеалдарынын» нормасын аныктоочу легитимдүү гендердик түшүнүктөр деп билебиз.

Педагогикалык ойдун антикалык дүйнөдөгү тарыхын окутуу процессинде төмөнкүдөй маселелерге атайылап токтолуу зарылдыгы бар:

– Байыркы гректердин билим берүү практикасында гендердик мамиле «жыныстардын алдын ала бешенеге жазылган милдеттери» деген түшүнүккө

байлангадыктан жалпы атуулдук тарбиянын контекстинде балдар менен кыздарга айрымалуу билим берүүнү шарттаган;

– айрым мамлекеттердин тарыхый педагогикалык тажрыйбаларында ар бир жыныска белгилүү бир предметтер сунушталып арасында олуттуу гендердик айрымачылык сакталган.

Студенттер көптөгөн ойчул агартуучулар гендердик-ролдук маданият маселесине кайдыгер карабагындыгына күбө болушат. Бул багытта чет элдик агартуучулардын ичинен Руссонун мурастарында бир топ концептуалдуу мүнөзгө ээ болгон. Француз философу Ж.-Ж. Руссонун пикиринде аялга практикалык акыл, сезимталдык жана психикалык ийкемдүүлүк керек, анткени «Анын иши – адам ачкан принциптерди колдонуу». Руссонун чыгармасындагы Эмилдин жолдошу София үчүн билим берүү программасы көз карандылык жана баш ийүү сезимин тарбиялоого багытталган. Бул аргументин ал табиятка шайкештик принциби аркылуу негиздеп, аялды өзүнүн табигый функцияларын урматтоо менен байланыштырган. Педагогикалык анализдин көз карашынан алганда анын эмгегинде билим берүүнүн теориясы жана практикасы үчүн өтө зарыл болгон бир катар төмөнкүдөй суроолорго төмөнкү жооптор камтылган: Азыркы коомдо уул-кызды тарбиялоонун максаты эмнеде? (эркектик менен аялдын нормативдик модели); Эркек балага эмне, кызга эмнеге үйрөтүү керек? (билим берүүнүн мазмуну); Педагог каалаган натыйжага кантип жетишет (формалары жана ыкмалары, тарбиялоонун конкреттүү шарттары); Коомдо жыныстык билим берүү кандай идеяларга негизделген? (тарбиялоонун теориясы жана практикасынын методологиялык негиздери).

Иоганн Генрих Песталоцци түрдүү жыныстагы балдарды тарбиялоодогу педагогикалык ыкмаларды сынга алып биргеликте окутууну жактаган. Песталоцци тарбиянын маңызын баланы табигый мыйзамдарына ылайык элементардык көнүгүү жолу менен өнүктүрүү деп эсептеген [61, 116-б.].

Константин Ушинский билим берүүдөгү патриархалдык мамилеге каршы чыгып, кыздар менен балдарга бирдей билим берүү позицияларында туруп, эркектер менен аялдардын тең укуктуулугун жактаган. Василий Сухомлинский

уландар менен кыздардын ортосундагы өз ара урмат, ызаатка негизделген жыныстык тарбиянын зарылдыгын белгилеген. Уландарды эркектин ролуна, кыздарды аялдардын ролуна тарбиялоону мектептин ишинин негизги максаты деп эсептеген.

Соңку жылдары «Билим берүүнүн философиясы жана тарыхы» курсунун мазмуну улуттук педагогиканын тарыхы жана тажрыйбалары аркылуу олуттуу өркүндөтүлгөн. Ош мамлекеттик университетинин адистиктеринде окутулуп жаткан программалык материалдардын анализи аталган дисциплинанын алкагында студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн моделинин когнитивдик компонентин ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү кеңири экендигин көрсөттү.

Тажрыйбалык-эксперименталык жумуштардын алкагында бул дисциплинанын алкагында кошумча төмөнкүдөй жумуштар аткарылды:

– азыркы таалим-тарбия процессин тарыхый этнопедагогикалык жактан аңдоо зырылдыгына ынанышты;

– студенттер дүйнөлүк педагогика менен кыргыз эл педагогикасындагы аял менен эркектин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү идеяларын салыштырып таанышты;

– исламга чейинки кыргыз коомундагы балдарды жана кыздарды тарбиялоонун айырмалуу, диференцияланган системасы менен кабардар болушту;

– дүйнө элдеринин таалим-тарбия маданиятынын тарыхында балдарды жубайлык гендердик ролдорго багыттабаган улуттар жана окумуштуу педагогдор, агартуучулар болбогондугуна күбө болушту;

– салттык маданияттагы түрдүү жыныстагы балдарды тарбиялоонун максатын, өзөктүү нарктарын этнопедагогикалык аспектте талдоо тажрыйбасына ээ болушту.

«Педагогикалык теориялар, системалар, технологиялар» болочок англис тили мугалимдерин кесипке даярдоодогу негизги дисциплина. Бул сабакты окутуу процесси анын контекстиндеги көптөгөн илимий маалыматтарды үй-бүлө

тарбиясындагы гендердик-ролдук функцияларына байланыштуу өркүндөтүү мүмкүнчүлүгү бар экендигин көрсөттү.

«Инсандын өнүгүүсү, социализацияланышы жана тарбияланышы» аттуу теманы окуп-үйрөнүүдө студенттер балдарды тарбиялап өнүктүрүүдө ата менен эненин кишилик парызы, милдеттери тууралуу этникалык турмуштан алынган маалыматтар менен таанышышат.

Мында аял менен эркек экөө тең тарбиялоо ишинин жүгүн барабар тартышканын тастыктаган төмөнкүдөй накыл сөздөрдү келтиребиз: «Аккан арыктан суу агат», «Эшигин көрүп төрүнө өт, энесин көрүп кызын ал», «Кыз энеден үйрөнбөй өнүгө албас, уул атадан үйрөнбөй сапар чекпес…», «Атасы жиндинин бирөө, апасы жиндинин баары жинди».

«Педагогикалык теориялар, системалар жана технологиялар» окуу дисциплинасында болочок мугалимдердин гендердик-ролдук маданиятына таандык айрым темалар да орун алган. Атап айтсак, балдарды адеп-ахлакка, мээнеткечтикке, бакубат сергек жашоо образына тарбиялоо маселелерин гендердик-ролдук маданияттын контекстинде кароого болот. Бул темаларды окутуу процессинде эки тараптуу кош максатты ишке ашыруу мүмкүн экендиги айкын болду. Биринчиси, мектеп окуучуларын тарбиялоодо кыздар менен уул балдардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу. Мектеп окуучуларынын окуу процессиндеги гендердик айырмачылыктарды кантип эске алуу керек? Жалпы жонунан балдар менен кыздардын ортосундагы типтүү айырмачылыктар белгилүү. Эркек балдар: кыймылдуураак, көңүлүн топтошу көңүл буруусу чабалыраак, ал эми кыз балдар илбериңки, ийкемдүү, парасаттуу деген мүнөздөмөлөргө таянабыз. Мектептеги тарбиялоо иши улуттук маданияттагы «эркек» жана «аял» түшүнүктөрүнө туура келген коомдогу жүрүм-турум моделдерин үйрөтүүгө багытталышы абзел. Мектептин бүтүрүүчүсү келечекте гендердик мүнөздөмөлөрдү түшүнүү менен гана чектелбестен гендердик дифференциацияга, стратификацияга жана иерархияга байланыштуу идеялардын, стереотиптердин, мамилелердин алып жүрүүчүсү катары калыптанышы зарыл. Соңку цивилизациянын таасири алдында балдарда

кыздардай назиктик, кыздарда «эркектикке» жакын түрдүү мүнөз, жүрүм-турумдар байкалып бара жатат. Мектептеги таалим-тарбия окуучуларды салттык баалуулуктардын негизинде гендердик-ролдук маданиятын калыптандырууга багытталышы абзел. Ал эми мугалимдер салттык гендердик-ролдук маданияттын нормаларын өздөрүнүн жүрүм-турумунда үлгү катары ташыган инсандар, балдарга бул багытта жол, таасир көрсөтүүчү «гид» адамдар болууга тийиш.

Бул багыттагы биздин тажрыйбабыз дисциплиналардын кесип таламдуу логикасына доо кетирбей эле студенттерди гендердик-ролдук маданиятка тарбиялоого байланыштуу баалуулуктар менен байытууга болоору тууралуу периспективаларга жол ачты.

Ошону менен бирдикте этномаданий баалуулуктардын негизинде студенттерди гендердик маданиятка тарбиялоону окуу планындагы сабактар аркылуу чечүү чектелүү болоорун көрсөттү. Бул жагдай бизге «Кыргыздын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү» аттуу факультативдик курстун программасын иштеп чыгуу зарылдыгын жаратты.

***Курстун максаты*** – студенттердин келечектеги ата-эненин ролуна байланыштуу гендердик-ролдук түшүнүктөрүн жана билимдерин өнүктүрүү, кыргыздардын салттык баалуулуктарынын негизинде түрдүү жыныстагы адамдардын өз ара адеп-ахлактык мамилелерин калыптандыруу.

Аталган курс ЖОЖ студенттеринин кыргыздын салттык маданияты аркылуу гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүдө коюулуучу мүмкүнчүлүктөр менен шарттарды астейдил аңдоо жана ал талаптарга шайкеш студенттердин тынымсыз өзүн өзү актуалдаштырууга багытталат;

– аталган факультатив ЖОЖдордун таалим-тарбия ишинде системалуулукту талап кылган, жаштардын үй-бүлө куруусундагы гендердик-роль жана гендердик функция жана маданий нормаларга негизделген сапаттарын калыптандырууга багытталган;

– курстун алкагында мурдагы дисциплиналардан, тарбиялык иш

чаралардан алынган гендердик-ролдук маданиятка таандык баалуулуктар кеңейтилип толукталат, тереңдетилет;

– студенттердин гендердик-ролдук маданиятын калыптандырууда конкреттүү этномаданий чөйрөнүн шарттарына ылайык долбоорлоо, жүзөгө ашыруу, конкреттүү таалим-тарбия процесинде пайда болгон көйгөйлөрдү чечүүгө байланыштуу өздүк маданиятын өнүктүрүүгө багытталат;

– бул факултативди окутуу процесси студенттердин өзүн өзү менен ишмердүүлүгүн өнүктүрүү метод ыкмаларына негизделет.

**3.1-таблица. – Апталар боюнча сабактын темалары**

| Апта | Сабактардын темалары | Жалпы сааты | Теория-лык | Практи-калык |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыздардын салттык педагогикалык баалуулуктарынын өнүгүш өзгөчөлүктөрү. Элдик педагогика жана анын негизги түшүнүктөрү. | **2** | 1 | 1 |
| 2 | Кыргыз элинин салттык маданиятындагы үй-бүлө жана гендердик ролдордун өзгөчөлүктөрү. Эмгектик жана социалдык ролдор. | **2** | 1 | 1 |
| 3 | Кыргыздарда аял жана эркектин салттык идеалдары. | | | |
| 4 | Кыргыз эпостору эркек менен аялдардын гендердик-ролдук маданиятын таанып билүү булагы катары | **2** | 1 | 1 |
| 5 | Кыргыз макал-лакаптарындагы эркек менен аялдардын гендердик-ролдук функциялары | **2** | 1 | 1 |
| 6 | Кыргыз адабиятындагы гендердик-ролдук маданияттын салттык үлгүлөрү | | | |
| 7 | Кыргыздардын салттуу үйлөнүү тою балдарда/кыздарда гендердик-ролдук функцияларды калыптандыруунун таасирдүү каражаты катары | **2** | 1 | 1 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 8 | Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү жубайлар ортосундагы мамилелер | | | |
| 9 | Эркек адамдын гендердик адептик кодекси. | **2** | 1 | 1 |
| 10 | Кыргыз коомундагы салттуу гендердик маданияттын трансмиссиясы | | | |
| 11 | Кыргыз коомундагы салтуу гендердик маданияттын деформациясы жана үй-бүлө институтундагы кризистер. | | | |
| 12 | Аял жана эркектин салттык ролдорун аткарууга даярбызбы? Тренинг | **2** | 1 | 1 |
| 13 | Аял жана эркектин салттык ролдоруна карата салттык баалуулуктарды тандоо жана баалоо тренинги. | **2** | 1 | 1 |
| 14 | Мен Аял жана эркек катары жан дүйнөм турмуштук позициям. | **2** | 1 | 1 |
| 15 | Жубайлардын гендердик-ролдук мамилеси. Тренинг сабагы | **2** | 1 | 1 |
| 16 | Гендердик стереотиптер жана алардын адамдын жүрүм-турумуна таасири | | | |
| 17 | Гендердик-ролдук жактан өзүн өзү тарбиялоо, өнүктүрүү программасын анализдөө. | | | |
| | **Жалпы:** | 20 | 10 | 10 |

Бул курстун силлабусун түзүү, иштеп чыгууда изилдөөбүздүн мурдагы бөлүмдөрүндө негизделген моделинин курамындагы эркек аялга таандык гендердик ролдук сапаттарды өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурдук. Факультативдик курстун тематикаларын түзүүдө ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын салттык баалуулуктар аркылуу өнүктүрүүгө багытталган кыргыз элинин педагогикалык маданиятынын жалпы түшүнүктөрү, гендердик-ролдук маданиятты чагылдырган оозеки чыгармалардын кеңири палитрасы эпостор, жомоктор, санат-насыят ырлары, макал-лакаптар, аңгемелер, окуялар ишмердиктерин, жүрүм-турумдарын чагылдырган элдик оозеки чыгармалар, эл акындарынын чыгармалары, элдик каада-салттар, эрежелер

түздү.

*Биринчи бөлүмдөгү* материалдар киришүү катары студенттердин өз элинин салттык баалуулуктарына, элдик педагогикалык акылмандыктын үлгүлөрүнө ал мурдатан гендердик-ролдук маданиятка байланыштуу сабак алууга карата мотивдерин өнүктүрүүгө багытталат.

*Экинчи бөлүмдөгү* материалдар кыргыздардын салттуу үйлөнүү тою балдарда/кыздарда гендердик-ролдук функцияларды калыптандыруунун таасирдүү каражаты катары салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү жубайлар ортосундагы мамилелер, эркек адамдын гендердик адептик кодекси, аял затынын аруу гендердик-ролдук жүрүм-турумунун өзгөчөлүктөрү функциялары, кыргыздардын салттуу үйлөнүү тоюнун жана башка салттардын балдарда/кыздарда гендердик-ролдук функцияларды калыптандыруудагы орду ачылып көсөтүлөт.

*Үчүнчү бөлүмдө* шарттуу түрдө технологиялык бөлүм деп аталып айкындалган компоненттерге ылайык салттык баалуулуктар аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын рефлексивдик-эмоционалдык, жүрүм-турумдук компоненттерин калыптандыруу багытындагы репродуктивдүү жана продуктивдүү ишмердүүлүгүн уюштурууга багытталат.

Биз тараптан окуу программасына интеграцияланган салттык гендердик-ролдук баалуулуктарга байланыштуу билимдер окуу процессинин логикасына ылайык студент өзү аракеттенген шартта гана оң натыйжа берет деген ишенимде гендердик-ролдук проекция механизмдерин (изденүү-баалоо-тандоо) интеграциялоонун мүнөзүн ачуу окуучулар менен студенттердин өз ара аракеттенүүсүн түзүү аркылуу камсыз болду. Бул жагдай студенттердин таанымдык активдүүлүгүн активдештирүү методдорун ишке киргизүүнү талап кылды. Таанып-билүү чөйрөсүндөгү активдүүлүк үйрөнүүчү субьекттин инсандык ишмердүүлүгүнүн сапаттык көрсөткүчү болуп эсептелет (Т. И. Шамова). Бул аргументтер кыргыздын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү процессинде алардын субьективдүү ишмердүүлүгүн активдештирүүгө багытталган метод жана

техникаларды кылдат иргеп, тандап алып, натыйжалуу колдонуу зарылдыгын жаратты.

Жалпысынан тажрыйбалык эксперименталдык иштер алкагында, алар төмөнкүлөр: баарлашуу жана талкуулоо ыкмасы (башкаларды угуу жана угуу жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган; рационалдуу көз караштын негизинде маалыматты талдоо, өз оюн айта билүү ж.б.); маданияттар аралык метод (түрдүү элдердин маданиятынын өнүгүшүндө жалпы жана өзгөчөлүктү салыштырып талдоонун алкагында этникалык маданияттарды параллелдүү изилдөө мүмкүнчүлүгүнө өбөлгө түзөт); визуалдаштыруу ыкмасы (дүйнө элдеринин гендердик маданияттарынын көп түрдүүлүгүн кабыл алуунун натыйжалуулугун жогорулатууга жардам берет); көнүгүү методу жана ачык тапшырмалар (гендердик билимдерди тереңдетүүгө өбөлгө түзөт; алынган билимди практикада колдоно билүү; өз алдынча окуунун методдору жана ыкмаларын өздөштүрүү); моделдөө жана реконструкциялоо методу (кандайдыр бир тарыхый мезгилде ар кандай элдердин турмушунун жана каада-салттарынын ар кандай аспектилерин репродукциялоону моделдөө жана реконструкциялоо мүмкүнчүлүгүнө өбөлгө түзөт; этномаданий мүнөздөгү гендердик-ролдук кырдаалдарды моделдөө; кандайдыр бир гендердик-ролдук окуяны реконструкциялоодо студенттердин өз алдынча көйгөйдү чечүү процессиндеги этномаданий ишмердүүлүгү); контрасттык метод (гендердик маданияттын үлгүлөрүн салыштырууда аналитикалык ыкманы өнүктүрүүгө көмөктөшөт, ошону менен изилденип жаткан этностордун өзгөчөлүктөрүн тымызын кабыл алууну өнүктүрүүгө жана элдик чыгармачылыкка эстетикалык кызыгууну арттырууга көмөктөшөт); рефлексия методу (студенттин өз позициясын калыптандырууга көмөктөшөт).

Бул методдорду сабактар жана сабактардан тышкаркы мезгилдерде практикалоодон алынган айрым тажрыйбалардан өрнөк келтире кетебиз.

Алсак, англис тили сабактарында батыш маданиятындагы аял менен эркектин өз ара баарлашуу речинин үлгүлөрү берилген. Мисалы, англичандарда эркектердин аялдарга «Mrs Smith» деп кайрылуусу, аялдардын эркектерге «Mr

Smith» деп кайрылуусу гендердик нарктуулуктун көрсөткүчү катары бааланат.

Буга байланыштуу кыргыздардын салттык этикетинде эркектер аялдарга, аялдар эркектерге кантип кайрылышат? деген суроо беребиз. Бул боюнча студенттердин пикирлерин чектебейбиз. Анткени, түрдүү региондордо тилдик диалектологиялык өзгөчөлүктөргө байланыштуу ар кандай айтылышы мүмкүн. Бирок, адабий тилде аял күйөөсүн «атасы», «балдардын атасы», «биздин киши», «үй ээси», «от ээси» деп аташкан. Ал эми эркектер аялдарга «колуктум», «зайыбым», «айым», «байбиче»деп кайрылышкан.

Англис тили сабагында аял менен эркектин гендердик-ролдук маданиятына таандык макалдарды (proverb) салыштырып анализдөө эки тараптуу кош кабат функцияны аткараарын көрсөттү. Биринчиден, эки тилдеги гендердик түшүнүктөрдү салыштыруу студенттерге өз элинин үй-бүлө, жубайлар ортосундагы социалдык-этикалык баалуулуктарды дагы тереңирээк аңдоосуна өбөлгө болот.

Экинчиден, макал-лакаптар студенттердин эки тилде тең гендердик коммуникативдик байланыш речининин өнүгүшүнө өбөлгө болот.

Мындай макалдардын катарына төмөнкүлөр кирет:

1. *A good wife makes a good husband* – Жакшы аял жаман эрди жакшы кылат, жаман аял жакшы эрди жер кылат.

2. *Men make houses, women make homes* – Үйдү кырк эркек толтуралбайт, бир аял толтурат; Аялды ашынан тааны.

3. *Man is the head but woman turns it* – Эркек – баш, аял – моюн.

4. *A good wife and health are man's best wealth* – Жакшы аял – дөөлөт, жаман аял – мээнет.

5. *A man is a head and a woman is the neck* – Эркек үйдүн туткасы, аял үйдүн куту.

6. *A home without a woman is like a barn without cattle* – Аялсыз үй суусуз тегирмен менен тете.

7. *Marry in haste and repent at leisure* – Шашкан кыз эрге жарыбайт.

8. *A good wife makes a good husband* – Аял жакшы – эр жакшы.

*9. Flip the jar on its mouth, and the daughter comes out like her mother* – Эшигин көрүп төрүнө өт, энесин көрүп кызын ал.

*10. The man is a river, the woman a lake* – Эркек – дарыя, аял – көл.

*11. A man without a woman is a tree without leaves and branches* – Эркексиз аял жарты, аялсыз эркек жалкы.

*12. A good husband makes a good wife* – Эрдин жакшысы турмуштун тапкычы, аялдын жакшысы үй-бүлө бактысы.

*13. Behind every successful man is a woman* – Эрди жарыткан да аялы, арыткан да аялы.

*14. Woman without man is like a field without seed* – Ажарлуу аял адамдын периштеси, акылдуу аял эркектин шериктеши.

*15. A man without woman is only half a man* – Аял эрдин жарым өмүрү.

Факультативдик курстун алгачкы темаларында студенттерди аталган багытта когнитивдик жактан өнүктүрүү багытында төмөндөгү терминдерге байланыштуу сүйлөмдөрдүн уландысын толуктап жазуу сунушталды: «Этнопедагогика – бул ...»; «Элдик педагогика – бул ...»; «Тарбиялоонун салттуу маданияты – ...»; «Элдик тарбия – ...»; «Салттуу тарбиялоо – ...«Гендер – бул...»; «Гендердик-ролдук маданият – бул»; ж.б.

Мындай иштер элдик педагогикалык баалуулуктарга карата позитивдүү мамилесин аныктоого багытталган суроолорду талкуулоо менен толукталат. Буга байланыштуу студенттерге академик Г. Н. Волков «Эң күчтүү эң таасирдүү, эң ишенимдүү педагогика-элдик педагогика, ал эми тарбиячылардын мыктысы – эл», – деп жазган. Чын эле ушундайбы? Муну салттуу маданияттагы гендердик иденттүүлүккө тарбиялоо тажрыйбаларынын негизинде баалагыла? деген суроолорду берип алардын үстүндө талкуу уюштурабыз.

Педагогика сабагында башка маселелер менен катар төмөнкүдөй суроолор талкууланат:

Баладагы эркектик (аялдык) сапаттарды тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролу кандай? Балага гендердик тарбия берүүдө эненин ролу кандай? Баланын гендердик-ролун өнүктүрүүгө ата кандай таасир этет? Бул темада ата-энелер

бала бакчада кандай иш-чараларды өткөрүүгө кеңеш берет эле? Сиз жеке кандай иш-чараларга катыша алмаксыз?

Биздин тажрыйбада бул суроолордун негизинде пикир алмашуу диалогдон тышкары «Абзац жазуу» ыкмасы да колдонулду.

Абзац – бул принципиалдуу түрдө өз алдынча текст. Натыйжалуу абзац түзүүнүн эң оңой жолу бул англис тилин окутуу практикасында атайын иштелип чыккан – TRIAC модели (T-Topic R-Restriction, I-Illustration, A-Analyses, C-Conclusion). Абзац жазуу үчүн ар бир студентке өз алдынча суроолор жазылган төмөнкүдөй баракчалар таркатылат.

> Баладагы эркектик (аялдык) сапаттарды тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролу кандай? _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _
> – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – – –

Бул структурага ылайык абзацтын биринчи сүйлөмү – негизги ойдон, экинчиси – тезисттин түшүндүрмөсүнөн, үчүнчүсү – мисалдан, төртүнчүсү – мисалга талдоодон, акыркысы корутундудан турат.

Гендердик-ролдук маданияттагы көп кырдуу маселелер үй-бүлөдө гана эмес, коомдо, илим чөйрөсүндө да талаш тартыштын предмети болуп келген. Ошондуктан студенттердин бул маселелерге карата өз пикирлерин ачык айкындоого өбөлгө болгон «Алты калпактуу ойлоо» методу колдонулду. Буга ылайык факультативдик курстун алкагында «Эл ичинде эркек материалдык жактан камсыздоочу, аял үй тиричилигин, бала тарбиялоого милдеттүү жазылбаган эреже жашайт». Бул ойго кандай карайсыз?.

Буга алты түстөгү калпак кийген студент алты түрлүү көз карашын билдирип катышат (Эдвард де Боно):

1. *Ак калпак*. Бейтарап калпак – мындай пикирге кошулбайт.

2. *Кызыл калпак*. Сезимтал адамдын калпагы – териштирип талдабай эле макул.

3. *Кара калпак*. Пессимист калпак – мындай көз караш үй-бүлөлөрдө жагымсыз кырдаал жаратышы мүмкүн.

4. *Сары калпак*. Оптимист калпак – көз караш жакпаса да, пайдалуу жактарын көрүүгө аракет жасайт.

5. *Жашыл калпак*. Жаңычыл, чыгармачыл калпак – бул абалдын жаңы чечимдерин издейт, эски көз катары кабылдайт.

6. *Көк калпак*. Муздак кандуу, иликчил калпак – диалектикалык мамиледе, оң жана терс жактарын талдап тыянак чыгарат.

Университеттеги аудиториядан тышкаркы иш окуу процессинин тикеден тике уландысы катары студенттердин билимин кеңейтүүгө, тереңдетүүгө инсандык сапаттарын реалдуу табигый турмуш чөйрөсүндө өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Биз изилдеп жаткан көйгөйгө аудиториядан тышкаркы иштер эксперименталдык программа менен бир алкакта жүргүзүлдү.

Аудиториядан тышкаркы иштер студентке гендердик-ролдук жактан өнүгүүнүн мазмунун жана формаларын кеңири тандоону камсыз кылгандыктан, ал окуу-тарбия процессин толуктап гана тим болбостон, студентттерди элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлө субьекти катары өнүктүрүүгө өзгөчө салым кошот.

Албетте, аудиториядан тышкаркы жумуштарды уюштурууда окуучулардын жеке кызыкчылыктарына жана каалоолоруна ылайык, ага ыктыярдуу катышуу принцибинин негизинде бир топ даражада курулгандыктан коюлган максаттардын баарын чечүү татаал.

Ошондуктан мындай иш-чараларды даярдоо кылдат деталдуу программалоону талап кылат. Элдик салттардын негизинде студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүгө байланышкан иш-чаралардын жүрүшүндө бул иш-чараларга туура келген бир нече педагогикалык талаптар формулировкаланды.

Биз мында студенттердин эмоционалдык сезгичтиги жана жоопкерчилиги гана белгиленген максатты жүзөгө ашырууга негиз болоорун көңүлгө туттук.

Ал талаптарды жалпысынан төмөнкүдөй тариздөөгө болот:

1. Катышуучулардын аткарган иштеринин эмоционалдык толуктугу.

2. Үлгү боюнча көркөм ойноо техникасын өздөштүрүп, катышуучулардын жеке чыгармачылыгын көрсөтүүгө кызыктыруу.

3. Гендердик-ролдук маданиятка таандык сюжеттүү оюндарды көркөм аткарууга умтулуу.

ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүдө кураторлордун комплекстүү иш-чараларынын планына кеңири таяндык.

Куратор студентти инсандык жактан активдүү ишмердүүлүктүн түрлөрүнө жана формаларына тартуу үчүн күч-аракет жумшоо менен керектүү учурда тиешелүү оңдоп-түзөтүүлөрдү кийирүү аркылуу инсандык жактан өнүктүрүүчүлүк чөйрөнү түзүүгө милдеткер инсан. Биздин терең ишенимибизде куратор – бул эң түрдүү чөйрөдөн келген студенттерди университеттин окуу-тарбия чөйрөсүнө адаптациялоо менен бирдикте ар бир студенттин кишилик сапаттарын кылдат талдап турмуштун туура жолуна салууга акыл дарамети, усул ыкмасы жетиштүү насаатчы адам болушу зарыл.

Биз тараптан эксперименталдык иштердин алкагында кураторлордун тарбиялык иштеринин мазмуну бир катар иш-чаралар менен толукталды.

Алар эссе жазуу, талкуу, ролдук оюн сыяктуу «Жубайлык адеп салттардын биз билбеген жана билген жактары», «Энебизден эмне үйрөндүк?», «Ата тарбиясынын алтын эрежелери», «Эне болууга даярбызбы?», «Ата милдетин аткарууга даярбызбы?» деген сыяктуу аталыштагы иш-чаралар.

Эксперименталдык тажрыйбада университет чөйрөсүндө айрыкча аудиториядан сырткаркы мезгилдерде уландар менен кыздардын ортосунда салттык баалуулуктарга негизделген гендердик-ролдук жүрүм-турум маданиятын өнүктүрүүдө ролдук оюн технологиясын колдонуу өзгөчө таасирдүү болоору ырасталды. Буга байланыштуу биздин тажрыйбада студенттер Ч. Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романындагы Абуталип менен Зарипанын образдарынын негизинде сценарий түзүп ролдорун ойношту.

Бул иштин дагы бир варианты катары «Айтматовдун чыгармаларындагы

эркектердин гендердик иденттүүлүгү» деген монологдук тариздеги имитациялык оюн уюштурулду. Алсак, 2-курстун студенттери «Саманчынын жолу» повестиндеги Субанкулдун аталык ролдук милдетин толук өтөгөндүгү уулун согушка жөнөтөөр алдындагы эпизод аркылуу имитациялашты.

Экинчи бир студент Толгонайдын монологдук речтери аркылуу кыргыз аялынын салттык гендердик-ролдук функцияларды аткарууга бекем жана туруктуулугун таасирдүү жеткире алды. Толгонайдын жубайы Субанкул менен балдарды тарбиялап, бапыраган бактылуу күндөрү көпкө узабай согуштун айынан эл көтөргөн жүктү барабар көтөрүүгө туура келди. Аны студенттер салттуу кыргыз коомундагы аял затынын татыктуу жардын, эненин эталону катары кабылдашты. Аял заты, эне кыргыз коомундагы тынчтыктын, бейпилдиктин кепилдиги болуп келген. Ошондуктан Толгонай түпкүрдөн түптөлгөн энелердин гендердик салтын улап «адамзат тынчтыкта жашай албайбы» деген чакырык жасайт.

Тажрыйбада мындай имитациялык иш-аракеттер студенттерде аял жана эркектин гендердик-ролунун салттуу нускаларын терең түшүнүүгө, оозеки баарлашуу маданиятын, парасаттуулук, мээрмандык, ызааттуулук, илберинкилик, өз ара жан тартуу, боор тартуу, сыпайгерчилик сыяктуу сапаттарын өнүктүрүүгө өбөлгө болоорун ырастады.

### 3.3. Педагогикалык эксперимент жана анын натыйжалары

Диссертациянын методдор бөлүмүндө белгиленгендей педагогикалык эксперимент ЖОЖдордо студенттердин жубайлык ролдорго таандык маданиятын өнүктүрүү иши констатациялык жана калыптандыруучу эксперименттерди этап-этабы менен өткөрүү зарылдыгын жаратты.

Констатациялык экспериментке 2019-2022-окуу жылдарында Ош мамлекеттик университетин жана А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин чет тилдер факультеттеринин 214 студенти катышты. Алардын гендердик-ролдук маданиятынын өнүгүш абалын өлчөө баалоо айкындалган критерийлерге ылайык иштелип чыккан методдор аркылуу

жүргүзүлдү. Бул изилдөөнү жүргүзүү үчүн уруксат ошол университеттердин ректорлуктарынан алынды. Алардын гендердик-ролдук маданиятынын көрсөткүчтөрү Клецинанын «Макалдар» аттуу гендердик билим жана жүрүм-турум тажрыйбаларын ичине камтыган анкеталык суроолорунун биз тараптан өркүндөтүлгөн варианты аркылуу жүргүзүлдү. Биз тараптан обол ал жыйнактын курамындагы И. С. Клецина тарабынан иштелип чыгып «Макалдар» аттуу сурамжылоо каражаты кыргыз коомунун гендердик маданияттын салттык талап эрежелерине ылайык адаптацияланып, өркүндөтүлдү.

**3.2-таблица. – Изилдөөгө катышкан студенттер тууралуу маалыматтар**

| **Студенттердин жынысы, үй-бүлөлүк абалы** | | |
|---|---|---|
| **Никедеги абалы** | **Саны** | **% менен** |
| Никеде турган кыз-келиндер | 25 | 11,7 |
| Никеде турган эркектер | 12 | 5,6 |
| Бойдок кыздар | 123 | 57,5 |
| Бойдок эркектер | 54 | 25,2 |
| **Жалпы** | **214** | **100** |

Констатациялык эксперименттин натыйжалары студенттердин гендердик-ролдук маданият өнүктүрүүнүн ырааттуу системасы жоктугун тастыктады:

– гендердик-ролдук маданиятынын өнүктүрүү идеялары адистиктин соңку муундагы мамлекеттик стандарттарында атайын белгиленген эмес, негизги билим берүү программаларында үзүл кесил гана пикирлер жолугат;

– билим берүү программаларында студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү, аларды жубайлык ролдук маданиятка тарбиялоого байланыштуу атайын дисциплина же факультативдик курстар жок;

– биз изилдөөгө алган университеттердин окуу-тарбия пландарында студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү, аларды жубайлык маданиятка тарбиялоо маселелери конкреттүү долбоорлонгондуктан студенттер окуу жайдын тышындагы түрдүү уюмдар тарабынан уюштурулган курстарга,

тренингдерге катышып келишет;

– университеттерде «Аялдар кеңеши» иштейт, бирок алардын иш пландарында студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү, аларды жубайлык ролго даярдоого байланыштуу конкреттүү илимий педагогикалык жактан негизделген иш-чаралар белгиленген эмес;

– гуманитардык жана тил сабактарынын жумушчу окуу программаларында, силлабустарында студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү, аларды жубайлыкка даярдоого багытталган потенциалдуу илимий билимдерге анчейин маани берилбей келет;

– Бүткүл КМШ университеттеринде педагогика боюнча окуу курал катары колдонулуп келген орус тилиндеги И. Подласый [150], И. П. Пидкасистый [148], В. А. Сластениндин [163] китептеринин мазмунунда студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү, аларды үй-бүлөлүк турмушка даярдоого байланыштуу идеялар, билимдер өтө сейрек кездешкендиктен жалпы эле педагогикалык процесс тууралуу билимдер гендердик факторлордон сыртта калгандай таасир калтырат;

– ошондой эле абал Т. Сияев [119], Э. Мамбетакунов [119], Б. Апышевдердин [22] калемине таандык окуу китептерде да кезигет;

– жогорку окуу жайларда кыргыздын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү багытындагы илимий-педагогикалык долбоорлор жүргүзүлбөгөндүктөн жана бул багытта методикалык багыт берүүчү адабияттардын жоктугунан бул иштерде концептуалдуулукка караганда турмушта көргөн билгендерине таянуу үстөмдүк кылат;

– жогорку окуу жайларда кыргыздын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү маселелери боюнча олуттуу изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес, үй-бүлө күткөн тажрыйбасыз студенттер үчүн кеңеш көмөк көрсөтүүчү борборлор иштебейт. Тажрыйбалардын анализинен келип чыккан ой корутундуларыбыз бүтүрүүчү курстун студенттеринин арасында кыргыздын салттык баалуулуктары аркылуу

студенттердин гендердик-ролдук маданияттын өнүгүш деңгээлдерин аныктоого багытталган иш- аракеттерибиз аркылуу да тастыкталды. Биз изилдөөгө алган студенттер арасында студенттердин гендердик-ролдук маданияттын өнүгүшү жогорку жана ортоңку деңгээлге дал келгендер салыштырмалуу аз болду.

Калыптандыруучу экспериментке киришип анын максатын жана натыйжаларын айкындоо максатында **гипотезаны** тариздедик. Аны түзүп жатып изилдөөнүн максат, милдеттерин аларды жүзөгө ашырууга багытталган педагогикалык шарттарды ж.б. каражаттарды эске алдык.

*Жогорудагыларга байланыштуу изилдөөнүн гипотезасы* гендердик салттык баалуулуктарды окуу процессине интеграциялоо, белгиленген аттуу семинар тренингди долбоорлоо, практикалоо, студенттердин университет ичинде сабактардан тышкаркы жана университеттин тышкаркы ишмердүүлүгүн жубалдык ролдук мамилелерге байланыштуу баалуулуктардын негизинде уюштурууга байланыштуу болот деп айкындалды.

Кыргыздын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү процесси ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү табиятка шайкештик, репрезентативдүүлүк, регионалдык-этникалык диалог, маданиятка шайкештик, дисциплиналар аралык мамиле, салттык баалуулуктардын идеал жараткыч касиетине таянуу, реалдуулук сыяктуу принциптерди жетекчиликке алуудан жана салттык гендердик билимдерди ЖОЖдордун окуу процессине интеграциялоо, «Кыргыздардын салттык баалуулуктар аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү» аттуу семинар тренингди ишке киргизүү, ЖОЖдун турмушунун аудиториядан тышкаркы ишмердүүлүк контекстинде эркектиктин/аялдыктын гендердик-ролдук функциясын чагылдырган таалим-тарбия чөйрөсүн түзүүгө байланыштуу деп эсептейбиз.

Калыптандыруучу эксперименттин алкагында студенттердин аталган багыттагы инсандык сапаттарын өнүктүрүүнүн айкындалган моделин жана аны

реализациялоо шарттарын ишке киргизүүгө багытталган төмөндөгүдөй иштерди аткардык.

1. Айкындалган моделди аны реализациялоо шарттары экспериментке катышкан экспериментке тикеден тике тиешеси бар окутуучуларга тааныштырылды.

2. Изилдөөнүн максаты, программалык иш-чаралары экспериментке катышкан кафедралардын, конкретүү окутуучулардын окуу–тарбия иш-чараларында катталып, реалдуу турмушка кириши үчүн атайын презентация өткөрдүк, сунуш пикирлерин угуп, аларды эксперименталдык жумуштардын мазмунун жана формаларын коррекциялоодо эске алдык.

*Биринчи педагогикалык шартты* реализациялоонун алкагында кыргыздын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн илимий-методикалык жактан негизделген мазмун аныкталып ишке киргизилди. Буга байланыштуу «Дүйнөлүк тилдер жана маданият» факультетинин 550330 – Филологиялык билим берүү багытына караштуу «Англис тили» программасынын окуу планындагы дисциплиналарынын окуу программаларынын мазмуну айкындалган моделдин компоненттерине шайкеш этномаданий, илимий теориялык жана колдонмолуу билимдер коннотацияланып өркүндөтүлдү. Бул иштер ал дисциплиналарды окуткан окутуучулар менен бирге талкуулоо, талдоо аркылуу жүзөгө ашырдык.

Кыргыздын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүгө өбөлгө болуучу баалууктарды ташыган этномаданий гендердик билимдердин долбоорлонду. Бул ишти ырааттуу жүргүзүүдө ар бир сабактын өзүнө таандык мүмкүнчүлүктөрү кылдат эске алынды. Кошумча маалыматтар жана алардын негизинде уюштурулган иш чаралар курстан курска тереңдеп олтурулду.

Эксперименталдык тажрыйба иштеринин жүрүшү кыргыздын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүдө борбордук орун «Кыргыздын салттык баалуулуктары аркылуу

студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү» факультативдик курсуна таандык экендигин көрсөттү.

Курстун программасында кыргыздын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү боюнча этнопедагогикалык, психологиялык-педагогикалык билимдер айкындалган моделдин логикасына ылайык үч блокко бөлүнүп долбоорлонду. Факультативдик курстун мазмунун долбоорлоодо кыргыздын гендердик салттуу баалуулуктарына тиешелүү фольклордук, этнографиялык фактылар, кыргыз жазуучуларынын чыгармалары окумуштуулардын этнопедагогика гендердик социалдаштыруу багытындагы эмгектери, газеталар, радио-теле көрсөтүү материалдары, студенттик турмушка жана үй-бүлө маданиятына байланыштуу көркөм фильмдер, жогорку окуу жайлардагы окутуучулардын турмуштук жана педагогикалык тажрыйбалары булак жана каражат катары пайдаланылды.

Эксперименталдык иштердин жүрүшүндө биз заманбап таалим-тарбия парадигмаларына таянуу менен кыргыздын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн кайтарымдуулугу илимий билимдердин көлөмүнө эмес, эң обол аларды таасирдүү пайдаланууга багытталган методдордон көз каранды болооруна басым жасадык. Мындай мамиленин негизинде окуу-тарбия процессинде студенттерге өз билимин өзү өнүктүрүүгө өбөлгө берүүчү, студенттердин өз алдынча таанымдык тажрыйбасын өнүктүрүүгө өбөлгө болуучу, гендердик-ролдук маданиятка байланыштуу реалдуу кырдаалды жандандыруучу методдорду тандап иргеп колдонууга аракет кылдык.

*Үчүнчү педагогикалык шарт* ишке киргизүү кыргыздын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүдө аудиториядан сырткаркы түрдүү таалим-тарбия иш-чараларын долбоорлоо менен байланыштуу болду. Студенттерди тарбиялоо гендердик-ролдук маданиятын калыптандыруу аларды тарбиялоонун курамдык бөлүгү болгондуктан иш-чаралардын эмоционалдык таасир көрсөтүү, билимдерин ишенимдерин бекемдеп жүрүм-турумуна айландыруу аспекттерин эске алууга басым жасалды.

Студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын өнүгүш деңгээлдерин аныктоо максатында ага баа берүүдө белгилүү бир өлчөмдөгү так эместиктерге жана субьективизмге жол бербей турган ар түрдүү методдор колдонулду.

Алар: аудиториядан тышкары иш-чараларды өткөрүүдө, практикалык ишмердүүлүк процессинде жана сабак учурунда студенттердин гендердик-ролдук жүрүм-турумуна илимий байкоо жана анализ жүргүзүү, студенттердин жүрүм-турумуна байкоо жүргүзүү; сабактарда студенттердин гендердик-ролдук маданиятка таандык билимдерин, субьективдүү пикирлерин талдоо; студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын компоненттеринин көрсөткүчтөрүн үйрөнүүгө багытталган анкетага берилген жоопторду талдоо; көз карандысыз эксперттик топтун пикирлерин үйрөнүү; өзүн өзү сыноо, баалоо, математикалык, статистикалык методдор пайдаланылды.

Эксперименттин констатациялык этабында айкындалган критерийлерге жана деңгээлдик көрсөткүчтөргө ылайык кыргыздын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын өнүгүшүнүн реалдуу абалын аныктоо милдеттери каралып, талдоого алынды.

Жогорудагы аныкталган модель жана педагогикалык шарттарга байланыштуу программалык иш-чаралар жана аларды ишке киргизүүнүн процессуалдык технологиялык ыңгайлары Ош мамлекеттик университетинин Англис тили жана маданият факультетинин 550330 – Филологиялык билим берүү багытына караштуу «Англис тили» программасында өткөрүлгөн калыптандыруучу экспериментте текшерилди.

Экспериментке аталган адистиктин 1-3-курсунун 98 студенти катышып, 49у контролдук, 49у эксперименталдык группага кирди. Эксперименталдык группадагы студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын өнүгүшү деңгээлдери башка группалардан олуттуу анчалык өзгөчөлүккө ээ болгон жок.. Бул старттык деңгээлдер калыптандыруучу экспериментке коюлган моделди ишке киргизүү процессинде группалардын өнүгүү динамикасын сыпаттоо жана жыйынтыктары боюнча реалдуу бүтүм чыгарууга өбөлгө болду.

Калыптандыруучу экспериментин кайтарымдуулугу аныкталган критерийлердин негизинде бааланды.

Сандык көрсөткүчтөр тастыктап тургандай экспериментке чейин студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын калыптаныш абалы эксперименттик жана контролдук группаларда олуттуу өзгөчөлүккө ээ эмес. Эксперименталдык группада студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын өнүгүш деңгээлдеринин көрсөткүчтөрү төмөнкүдөй. Экспериментке чейин эксперименталдык топто студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын өнүгүш деңгээлдеринин төмөнкү группасына – 55,1%, ортоңку группасына – 28,6%, жогорку группасына – 16,3% студент туура келди, контролдук группадагылардын – 53%ы төмөнкү, 32,6%ы ортоңку жана 14,2%, жогорку деңгээлдерге таандык экендиги ырасталды. Эксперименталдык группада долбоорлонгон модель жана педагогикалык шарттарды сыноодон өткөргөндөн кийин кийин, студенттердин гендердик маданиятынын критериалдык көрсөткүчтөрүнүн динамикасы төмөнкүлөрдү көрсөттү: 34,6%ы төмөнкү деңгээл, 36,7 %ы ортоңку деңгээл жана 28,5 %ы жогорку деңгээл. Ошол эле убакта бул көрсөткүчтөр текшерүүчү топто дээрлик өзгөргөн жок.

Эксперименттик группада атайын окуу тарбия иш чараларын өткөргөндөн кийин алардын гендердик-ролдук маданиятынын өнүгүш динамикасы төмөнкүлөрдү көрсөттү: төмөнкү – 34,6%, ортоңку – 36,7%, жогорку – 28,5%. Ошол эле убакта бул көрсөткүчтөр текшерүүчү топто өзгөргөн жок. Атайын иш чаралар өткөрүлбөгөн контролдук группада олуттуу өзгөрүүлөр болгон эмес.

Эксперименттин натыйжаларын өлчөп баалоо үчүн биз Р. С. Немов иштеп чыккан $X^2$ критерийин колдондук. Бул критерий орто маанилердин түрдүү этаптагы өнүгүш динамикаларын салыштырууга багытталган метод катары төмөнкүдөй формуланын негизинде туюнтулат:

$$X^2 = \sum_{k=1}^{m} \frac{(Vk - Pk)^2}{Pk}$$

Формуладагы P – текшерүүчү группалардагы абалды өлчөп баалоонун натыйжалары; V – эксперименталдык группалардагы абалды өлчөп баалоонун натыйжалары; m – өлчөп баалоонун жыйынтыктары бөлүнгөн группалардын сандык көрсөткүчтөрү [71, 512-б.].

Изилдөөнүн натыйжалары боюнча P – төмөнкү маанилерди түзөт: 53%, 32,6 %, 14,2%. ал эми Vk – өзгөрүштөргө таандык төмөнкү көрсөткүчтөрдү билдирет: 34,6 %, 36,7 %, 28,5%.

Натыйжалардагы $X^2$ = 36,85 (35%) көрсөткүчү, 0,005% тен кичине, ката ыктымалдуулук шартында 20,5 ни көрсөткөн, m – 1-2 эркиндик даражасынын таблицалык көрсөткүчүн мүнөздөйт.


Жогоркудай көрсөткүчтөр менен мүнөздөлгөн натыйжаларды сандык жана сапаттык жактан талкуулоо констатациялык эксперименттин жыйынтыгы боюнча эксперименталдык жана текшерүүчү группаларда эксепрментке катышкандардын гендердик-ролдук маданиятынын өнүгүш көрсөткүчтөрүндө олутттуу айрымачылык жок, ал эми калыптандыруучу этапта эксперименталдык группадагы студенттердин сапаттык өнүгүш көрсөткүчтөрү текшерүүчү топторго салыштырмалуу жогору болгондугун тастыктай алабыз. ЖОЖ студенттеринин гендердик ролдорго байланыштуу сапаттарын өнүктүрүүдө долбоорлонгон таалим-тарбия иш чараларын апробациялоо таасирдүү натыйжалардын алып келгендигин тастыктап турат.

Эксперименттин ар бир этабындагы ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятынын өнүгүш деңгээлдеринин сандык көрсөткүчтөрү төмөнкү таблицада берилди.


**3.3-таблица. – ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятынын деңгээлдеринин көрсөткүчтөрү**

| № | Өнүгүү деңгээл-дери | Экспериментке чейин | | | | Эксперименттен кийин | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Эксперимент-тик группа | | Текшерүүчү группа | | Эксперимент-тик группа | | Текшерүүчү группа | |
| | | Саны | % менен | Саны | % менен | Саны | % менен | Саны | % менен |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Жогорку | 8 | 16,3% | 7 | 14,3% | 14 | 28,6% | 8 | 16,3% |
| 2. | Ортоңку | 14 | 28,6% | 16 | 32,6% | 18 | 36,7% | 18 | 36,7% |
| 3. | Төмөнкү | 27 | 55,1% | 26 | 53,1% | 17 | 34,7% | 23 | 47% |




**3.1-диаграмма. Текшерүүчү группада кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятынын өнүгүшүнүн деңгээлдеринин көрсөткүчтөрү**




**3.2-диаграмма. Эксперименталдык группада кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятынын өнүгүшүнүн деңгээлдеринин көрсөткүчтөрү**

Сандык көрсөткүчтөр мүнөздөп тургандай баштапкы эксперименттик этапта эксперименттик жана текшерүүчү топтогу студенттердин гендердик-

ролдук маданиятынын өнүгүшүнүн деңгээлдери бирдей болуп олуттуу айырмаланбайт.

Калыптандыруучу эксперимент башталганга чейин эксперименталдык группадагы студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын өнүгүшүнүн сандык мүнөздөмөлөрүнүн жогорку деңгээли 16,3%ы, ортоңку деңгээли 55,1%ы, төмөнкү деңгээл 28,6%ды түздү. Ал эми текшерүүчү группада жогорку деңгээл 14,3%, ортоңку деңгээл 32,6%, төмөнкү деңгээл 14,3% көрсөттү.

Илимий жактан негизделип долбоорлонгон модель ишке киргизилген студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын текшерүүчү группада өнүгүшүнүн деңгээлдеринин мүнөздөмөсү төмөнкүдөй болду: төмөнкү деңгээл – 47%, ортоңку деңгээл – 36,7%, жогорку деңгээл – 16,3%: эксперименталдык группада экспериментке чейин төмөнкү деңгээл – 55,1%, ортоңку деңгээл – 28,6%, жогорку деңгээл – 16,3% ды түзсө, эксперименттен кийин төмөнкү деңгээл – 34,7%, ортоңку деңгээл – 36,7%, жогорку 28,6%ды түздү. Демек, эксперименттик группадагы студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын өнүгүшүнүн жогорку деңгээли 12,2% ке, орто деңгээлдеги курам 8,2% га өссө, төмөнкү деңгээлдегилер и 20,5% ке чейин кыскаргандыгы тастыкталды.

Эксперименталдык иштердин соңунда студенттердин гендердик-ролдук сапаттарынын өнүгүүсүнө таасир эткен иш-чаралардын таасирин студенттердин көз карашы, баасы аркылуу аныктоого аракет кылдык. Алар тигил же бул иш-чаралардын таасирдүүлүгүн жана кайтарымдуулугун 5 балл менен баалашты (3.4-таблица).

**3.4-таблица. – Кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн формалары менен методдорунун рейтинги**

| № | Формалар жана методдор | Балл | Рейтинги |
|---|---|---|---|
| 1. | Тилдик жана коомдук гуманитардык сабактардын орду | 4,9 | 2 |
| 2. | Психологиялык-педагогикалык дисциплиналар | 4,6 | 5 |
| 3. | Факультативдик курс | 5 | 1 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4. | Активдүү имитациялык окутуу методдору. | 4,8 | 3 |
| 5. | Аудиториядан тышкаркы иш-чаралар | 4,7 | 4 |

Алынган маалыматтардын ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу максатында мындай баалоо ишине эксперименталдык группанын студенттеринин гендердик-ролдук маданиятынын жогорку деңгээлин көрсөткөндөрүн гана катыштырдык.

Студенттердин көзү менен караганда апробациядан өткөрүлгөн иш-чаралардын эч бири кайтарымсыз болгон эмес. Анын негизинде студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүдө биз тараптан негизделип иштелип чыккан илимий методикалык иш-чаралардын ар биринин өзүнчө орду бар экендигин ишенимдүү белгилөөгө болот. Ошону менен бирге студенттер эң жогорку балл биз тараптан иштелип чыккан факультативдик курсуна берилген.

Студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүдө өзүнүн жүрүм-турумун сынчыл көз караш менен талдоо талкуулоо мүнөзүндөгү методдор, ролдук туюм жана кыймыл жүрүмдөрүн өздөштүрүүгө имитациялап кайра жаратууга багытталган драма, өрнөк окуяны талдоо, реконстуркциялоо сыяктуу методдор олуттуу мааниге ээ болгон.

Жогорудагы тажрыйбалык эксперименталдык иштин натыйжаларын сандык жана сапаттык талдоо текшерүүчү группаларда студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын өнүгүш деңгээлинде олуттуу айырма жок экендигин, ал эми калыптандыруучу эксперимент этабында эксперименталдык группалардын көрсөткүчтөрү текшерүүчү группалардын деңгээлдерининин көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу олуттуу өсүшкө ээ болду деп жыйынтык чыгарууга өбөлгө болду.

## Үчүнчү бап боюнча тыянак

ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү табиятка шайкештик, репрезентативдүүлүк, регионалдык-этникалык диалог, маданиятка шайкештик, дисциплиналар аралык мамиле, салттык баалуулуктардын идеал жараткыч

касиетине таянуу, реалдуулук сыяктуу принциптерди жетекчиликке алуудан жана салттык гендердик билимдерди ЖОЖдордун окуу процессине интеграциялоо, аталган багыттагы жумуштардын мазмунун толуктоочу факультативдик курсту семинар, тренинг формасында ишке киргизүү, ЖОЖдун турмушунун аудиториядан тышкаркы ишмердүүлүк контекстинде эркектиктин/аялдыктын гендердик-ролдук функциясын чагылдырган иш-аракеттер чөйрөсүн түзүүгө байланыштуу болоору айкындалды. Эксперименталдык тажрыйба иштеринде салттык баалуулуктар аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү процессинде студенттердин гендердик салттык баалуулуктар тууралуу ойлорун, ишенимдерин ортого чыгарууга багытталган баарлашуу жана талкуулоо ыкмалары; маданияттардагы аналогдорду издөө; визуалдаштыруу ыкмасы (салттык гендердик маданияттын позитивдүү жана негативдүү үлгүлөрүн чагылдырган видео материалдарды презентациялоо); макалдардагы жалпы адамзаттык гендердик баалууктарды издөө, салыштырууга багытталган тапшырмалар; моделдөө жана реконструкциялоо методу гендердик билимдерди тереңдетүү, практикада колдоно билүүгө багытталган коллективдүү жана өз алдынча тапшырмалар; «Алты калпактуу ойлоо», контент анализ, долбоор; ролдоштуруу, драма жана башка методдор кайтарымдуу болоору тастыкталды.

ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү боюнча теориялык негиздемелерди, долбоорлорду практикага киргизүү үчүн эксперименталык жумуштар уюштурулду.

Аныктоочу эксперимент аркылуу топтолгон маалыматтар кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү чөйрөсүндөгү талаптар менен алардын иш жүзүндөгү абалдарынын арасында ажырым жашап келе жаткандыгын ырастады.

Натыйжалар ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү боюнча тажрыйбада жашап келген кем өксүктөрдү айкындоого негиз болду.

Эксперименталдык жумуштун жүрүшү алдын ала айкындалган шарттардын б.а. салттык гендердик билимдерди ЖОЖдордун окуу процессине интеграциялоо, «Кыргыздардын салттык баалуулуктар аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү» аттуу семинар тренингди ишке киргизүү, ЖОЖдун турмушунун аудиториядан тышкаркы ишмердүүлүк контекстинде эркектиктин/аялдыктын гендердик-ролдук функциясын чагылдырган таалим-тарбия көрсөтүүгө багытталган иш-чаралардын натыйжалуулугун аныктады.

ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү боюнча илимий жактан негизделген шарттарды сыноо тажрыйбада оң багытта олуттуу натыйжа бергендигин ырастады.

Изилдөө процееси жана натыйжалары ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү социалдык педагогикалык кырдаал жана илим актуалдуу экендигин көрсөттү. Изилдөө процессинде жана соңунда ЖОЖдордун окуу-тарбия практикасында аны калыптандыруунун илимий жактан негизделген шарттарын апробоцииялоого негиз берди.

# КОРУТУНДУ

Диссертациялык изилдөө кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу ЖОЖ студенттеринин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын айкындоо жана натыйжаларын эксперимент аркылуу илимий-теориялык жактан негиздөөгө арналган.

Изилдөөдө коюлган проблеманы алкагында төмөндөгүдөй милдеттерди чечүүгө мүмкүнчүлүк берди:

1. Изилдөөнүн алкагында илимий-педагогикалык адабияттардын негизинде студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын негизин түзгөн түрдүү концепциялар менен бирге «салттык баалуулуктар», «гендердик-ролдук маданият» «гендердик норма» «гендердик-ролдук социалдаштыруу», «үй-бүлөлүк турмушка даярдык» сыяктуу түшүнүктөр талдоого алынып такталды. Изилдөөбүздүн контекстинде гендердик-ролдук маданият – гендер табигый жыныстык диморфизмдин социомаданий чагылышы, аялдардын жана эркектердин билим алуудагы, кесиптик ишмердүүлүктөгү, бийликке жетишүүдөгү, сексуалдуулук, турмуштагы, үй-бүлөдөгү ролунда репродукциялык жана социалдык жүрүм-турумун жана өз ара мамилесин аныктаган, коомдо маданий жактан шартталган мүнөздөмөсү катары айкындалды.

2. Талдоого алынган этнографиялык, фольклордук жана башка маалыматтар кыргыздардын салттуу маданиятында гендердик мамилелерге негизделген «жубай», «жуп», «шерик», «Эки бакыр, бир тукур» деген түшүнүктөр коомдун бакубаттыгын шарттаган баалуулук катары муундан муунга мурасталып кайра жаралып, өнүгүп олтурганын айкындоого негиз болду. Кыргыз коомунда жубайлык гендерлик мамилелердин гармониясы аял менен эркектин ролдук маданияты аркылуу камсыз болуп келгендиги тастыкталды. Алар төмөнкүдөй сыпатталган: «Үйдүн куту, акыреттик жар» ары аял затын урматоо; жубайлардын өз ара бири-бирин толуктоосу, мээнеткечтик, эптүүлүк сындуулук, тукум улоо, ата-эне болуу, ак никеге кыянаттык кылбоо, ак нике аркылуу балалуу болуу; ата-энелик ролдук педагогикалык функция, балдарга

нуска болуу; жубайлардын бир сөздүүлүгү, ынтымак ырашкерликти бекемдөөдөгү ролу, жубайлардын өз ара мамилесине таандык салттык эреже нормаларды бекем сактоо.

3. ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү дегенде аталган категориядагы жаштарды аял жана эркектин элдик баалуулуктарга негизделген гендердик ролдук маданиятка тарбиялоого байланышкан процесстерди түшүнөбүз. Анын педагогикалык теория жана практикадагы модели когнитивдик (таанымдык), эмоционалдык рефлексивдик, жүрүм-турумдук компоненттердин өз ара биримдиги, сапаттык мүнөздөмөлөрү аларды калыптандыруунун принциптери, методдору, формалары таризинде айкындалды.

ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү табиятка шайкештик, репрезентативдүүлүк, регионалдык-этникалык диалог, маданиятка шайкештик, дисциплиналар аралык мамиле, салттык баалуулуктардын идеал жараткыч касиетине таянуу, реалдуулук сыяктуу принциптерди жетекчиликке алуудан жана салттык гендердик билимдерди ЖОЖдордун окуу процессине интеграциялоо, «Кыргыздардын салттык баалуулуктар аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү» аттуу семинар тренингди ишке киргизүү, ЖОЖдун турмушунун аудиториядан тышкаркы ишмердүүлүк контекстинде эркектиктин/аялдыктын гендердик-ролдук функциясын чагылдырган иш-аракеттер чөйрөсүн түзүүгө байланыштуу болоору айкындалды.

4. Эксперименттин жүрүшүндө салтык баалуулуктар аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү процессинде студенттердин гендердик салттык баалуулуктар тууралуу ойлорун, ишенимдерин ортого чыгарууга багытталган баарлашуу жана талкуулоо ыкмалары; маданияттардагы аналогдорду издөө; визуалдаштыруу ыкмасы (салттык гендердик маданияттын позитивдүү жана негативдүү үлгүлөрүн

чагылдырган видео материалдарды презентациялоо); макалдардагы жалпы адамзаттык гендердик баалууктарды издөө, салыштырууга багытталган тапшырмалар; моделдөө жана реконструкциялоо методу гендердик билимдерди тереңдетүү, практикада колдоно билүүгө багытталган коллективдүү жана өз алдынча тапшырмалар; «Алты калпактуу ойлоо», контент анализ, долбоор драмалаштыруу, ролдоштуруу сыяктуу жана башка ыкмалардын таасирдүү экендиги айкын болду.

Изилдөөнүн баштапкы констатациялык эксперимен алкагындагы абал менен калыптандыруучу этаптагы көрсөткүчтөрдү өз ара салыштырганыбызда экспериментке катышкан топтогу студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын өнүгүш динамикасы ачык байкалат. Сандык маалыматтар жогорку деңгээлдег студенттер 12,2% ке, орто деңгээлдегилер 8,2% ке жогоруласа, төмөнкү деңгээл 20,5% ке чейин кыскарганын ырастады. Белгиленген сапаттык жана сандык көрсөткүчтөр изилдөө процессинде негизделген педагогикалык иш чаралардын кайтарымдуулугун тастыктайт жана аларды ЖОЖдордун жалпы тажрыйбасына сунуштоо, кийирүүгө болооруна өбөлгө болот.

# ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Кыргыздын салттык баалуулуктарына негизделген гендердик-ролдук маданияттын мазмунун, негизги мүнөздөмөлөрүн билим берүү мекемелеринин кеңири чөйрөсүндө окуучу жаштарды гендердик-ролдук маданиятка тарбиялоо программаларын иштеп чыгууда колдонуу.

2. «Кыргыздардын салттык баалуулуктар аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү» аттуу факультативдик курсту ЖОЖдордун окуу процессине расмий киргизүү.

3. ЖОЖдордо кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын өнүктүрүү боюнча изилдөөнүн алкагында сыноодон өткөн педагогикалык моделин жана шарттарын массалык практикада негиз катары колдонуу.

Аткарылган жумуш аркылуу бул багыттагы маселелер толук чечилди деп тыянак чыгарууга болбойт. Салттуу баалуулуктар аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятын университеттеги аудиториядан тышкаркы ишмердүүлүк процессинде өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары башка изилдөөчүлөр тарабынан улантылышы мүмкүн.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ

1. Абрамзон, С. М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / С. М. Абрамзон. – Бишкек: «Кыргызстан-Сорос» фонду, 1999. – 896 б.

2. Абрамзон, С. М. Предметы культа казахов, киргизов и каракалпаков [Текст] / С. М. Абрамзон // Сб. Материалов «Материальная культура и хозяйство народов Кавказа, Средней Азии и Казахстана». – Д., 1978. – С. 195.

3. Адлер, А. Понять природу человека [Текст] / А. Адлер. – СПб.: Академический проект, 2000 – С. 106-130.

4. Айтматов, Ч. Т. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат [Текст] / Ч. Т. Айтматов. – Фрунзе, 1988. – 397 б.

5. Айтматова, Р. Т. Тарыхтын актай барактары [Текст] / Р. Т. Айтматова. – Бишкек: Учкун, 2013. – 123 б.

6. Акматалиев, А. Каада-салт, үрп-адат, адамдык оң-терс сапат [Текст] / А. Акматалиев. – Бишкек: Бийиктик, 2002. – 400 б.

7. Акматалиев, А. Кыргыздын кол өнөрчүлүгү [Текст] / А. Акматалиев. – Бишкек: Кыргызстан, 1996. – 328 б.

8. Акматалиев, А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү [Текст] / А. Акматалиев. – Бишкек: Шам, 2000. – 347 б.

9. Акматалиев, А. Акылман Калыгул: ырлар, акыл-насааттар, даректүү баяндар, илимий-изилдөөлөр [Текст] / А. Акматалиев, С. Мусаев. – Бишкек: Шам, 2000. – 272 б.

10. Алефиренко, Н. Ф. Проблема вербализации концепта: теоретическое исследование [Текст] / Н. Ф. Алефиренко. – Волгоград: Перемена, 2003. – 96 с.

11. Алимбеков, А. Кыргыз эл педагогикасындагы адеп тарбиясы [Текст] / А. Алимбеков. – Бишкек: Улуу тоолор, 2018. – 112 б.

12. Алимбеков, А. Кыргыз этнопедагогикасы [Текст]: окуу куралы / А. Алимбеков. – Бишкек, 1996. – 80 б.

13. Алимбеков, А. Таалим-тарбия терминдеринин чечмелеме сөздүгү [Текст] / А. Алимбеков, М. Комлексиз, А. Челикбай. – Бишкек: КТМУ, 2002. – 516 б.

14. Алимбеков, А. «Коркут баба китеби» мурасындагы ак нике аркылуу үй-бүлө куруу, тукум улоо тууралуу түрк элдеринин салттык баалуулуктарынын чагылдырылышы / А. Алимбеков // К. Карасаев атындагы БГУнун Жарчысы. – 2017. – № 3 (41). – 32-36-бб.

15. Алимбеков, А. Түрк дүйнөсүнүн ойчулдарынын мурастарындагы педагогикалык идеялар [Текст]: жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы / А. Алимбеков. – Бишкек, 2017. – 272 б.

16. Анаркулов, Х. Ф. Пути повышения эффективности физического воспитания школьников на основе использования подвижных игр и учета региональных факторов (на примере Киргизской ССР) [Текст]: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / Х. Ф. Анаркулов. – Фрунзе, 1980. – 22 с.

17. Андреев, В. И. Педагогика [Текст]: учебный курс для творческого саморазвития / В. И. Андреев. – Казань: Центр инновационных технологий, 2000. – 608 с.

18. Андреев, В. И. Педагогика высшей школы (Прикладная педагогика) [Текст]: учебное пособие в 2 кн. / В. И. Андреев. – М.: МЭСИ, 2000. – 141 с.

19. Андреева, Г. М. Социальная психология [Текст]: учебное пособие / Г. М. Андреева. – М.: Аспект Пресс, 2004. – 365 с.

20. Аникеева, Н. П. Гендерные отношения в воспитательном пространстве [Текст] / Н. П. Аникеева // Педагогическое образование и наука. – 2002. – № 4. – С. 46-50.

21. Апышев, Б. Народные традиции и их использование в трудовом воспитании старшеклассников [Текст]: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / Б. Апышев. – Казань, 1974. – 25 с.

22. Апышев, Б. Педагогика [Текст]: окуу китеби / Б. Апышев, Д. Бабаев. – Ош, 2002.

23. Арутюнова, Л. А. Пути и средства воспитания мальчиков и девочек в семье (на материале Армянской ССР) [Текст]: автореф. дис. ... канд. пед. наук / Л. А. Арутюнова. – М., 2008.

24. Асипова, Н. А. Социалдык тарбия [Текст] / Н. А. Асипова. – Бишкек, 2004. – 310 б.

25. Асипова, Н. А. Билим философиясы жана тарыхы [Текст] / Н. А. Асипова. – Бишкек, 2010. – 240 б.

26. Ачылова, Р. А. Нация и семья [Текст] / Р. А. Ачылова. – Фрунзе: Илим: 1987. – 188 с.

27. Багичева, Ж. Б. Гендерный подход как условие адаптации студента к образовательной среде педагогического вуза [Текст]: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.08 / Ж. Б. Багичева. – Махачкала, 2009. – 24 с.

28. Байгазиев, С. Улуу «Манас» урпактарыбыздын дил жана тил бешиги [Текст] / С. Байгазиев. – Бишкек, 1994. – 95 б.

29. Бекбоев, И. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы [Текст]: жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдери жана жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн / И. Бекбоев, А. Алимбеков. – Бишкек: Улуу Тоолор, 2021. – 192 б.

30. Бектурганова, К. А. Кыргызстандын асыл кыздары [Текст] / К. А. Бектурганова. – Бишкек: Мамлкеттик тил жана энциклопедия борбору, 2006. – 416 б.

31. Бем, С. Л. Линзы гендера. Трансформация взглядов на проблему неравенства полов [Текст] / С. Л. Бем. – М.: РОССПЭН, 2004. – 336 с.

32. Бердяев, Н. А. Смысл творчества. Опыт оправдания человека [Текст] / Н. А. Бердяев // Философия творчества, культуры и искусства. – М., 1994. – Т. 1. – С. 186.

33. Беркимбаева, Ш. К. Гендерный подход в системе образования Республики Казахстан [Текст] / Ш. К. Беркимбаева Ж. Кожахметова, Г. Г. Соловьева, М. С. Юнусова. – Алматы: КазГосЖенПИ, 2011. – 302 с.

34. Берн, Ш. Гендерная психология [Текст] / Ш. Берн. – СПб.: Прайм-ЕВРОЗПАК, 2002. – 320 с.

35. Бешимов, Ж. Народные традиции в нравственном воспитании школьников старшего класса (на материале Киргизской ССР) [Текст]: автореф. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / Ж. Бешимов. – Казань, 1975. – 21 с.

36. Бикбулатова, А. Р. Социально-культурный облик кыргызских сельских женщин в конце 80-х начале 90-х годов XX века [Текст]: автореф. дис. ... канд. философ. наук / А. Р. Бикбулатова. – Бишкек, 2003. – 21 с.

37. Блохина, Н. А. Понятие гендера: становление, основные концепции и представления [Электронный ресурс] / Режим доступа: http://www.gender-cent.ryazan.ru/blohina.htm (дата обращения: 15.11.2021).

38. Борытко, Н. М. Учебник для студентов педагогических вузов [Текст] / Н. М. Борытко, И. А. Соловцова, А. М. Байбаков. – Волгоград, 2006. – 186 с.

39. Бояркина, М. В. Гендерно-ролевая социализация как фактор воспитания личности студента в образовательном процессе вуза [Текст]: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / М. В. Бояркина. – Чита, 2007. – 25 с.

